**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда:**

**УДК: 9:93:94:(575,2)**

**Таиров Хайриддин Рахманалиевич**

# КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН ТАРЫХЫ

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Илимий жетекчиси:**

**тарых илимдеринин доктору, профессор**

**Каратаев Олжобай Кубатбекович**

**Бишкек - 2024**

**МАЗМУНУ**

КИРИШҮҮ........................................................................................ **3**

I БАП. ИЗИЛДЕНҮҮЧҮ МАСЕЛЕНИН ТАРЫХНААМАСЫ................. **8**

II БАП. ИЗИЛДЕНҮҮЧҮ МАСЕЛЕНИН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ........................................................ **22**

2.1. Изилдөөнүн объектиси жана предмети, методологиясы жана методдору...................................................................................... **22**

2.2. Изилдөөнүн булактык базасы.............................................................. **30**

III БАП. КАДАМЖАЙ РАЙОНУ КЕҢЕШ ДООРУНДА (1938-1991-жж).................................................................................. **37**

3.1. Кадамжай районунун түзүлүшү жана админстративдик-аймактык бөлүнүшү ................................................................................................ **37**

3.2. Райондун экономикасынын өнүгүүсү ................................................ **47**

3.3 Аймактын кеңеш доорундагы социалдык - маданий өнүгүү абалы ............................................................................................................ **69**

IV БАП. КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ ............................................................................................................ **80**

4.1. Эгемендүүлүк мезгилдеги райондун айыл чарбасынын абалы ............................................................................................................ **80**

4.2. Өнөр жай жана ишкердиктин өнүгүүсүндөгү проблемалар................ **93**

4.3. Райондун социалдык, маданий өнүгүүсүнүн эгемендик мезгилиндеги абалы............................................................................... **111**

Корутунду ................................................................................................ **127**

Пайдаланылган тарыхый булактардын жана адабияттардын тизмеси...................................................................................................... **132**

Маалымат берүүчүлөрдүн тизмеси ........................................................ **148**

Тиркемелер................................................................................................ **149**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасын 2040–жылга чейинки туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аймактарды заман талабына шайкеш, узак мөөнөттүү өнүгүү программаларын илимий жана тастыкталган көз караштардын негизинде өнүктүрүү каралган[7]. Бүгүнкү күндө аймак таануу багытындагы илимий эмгектердин маанилүүлүгү түздөн–түз Кыргыз Республикасынын өнүгүү тарыхы менен байланышта. Өлкөнүн стратегиялык өнүгүү багытын аныктоодо аймактардын өнүгүүсүнө да чоң маани берилүүдө. Биз иликтөөгө алган Кадамжай районунун 1938–2024–жылдардагы Кеңеш доорундагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхы менен тыгыз байланышта болгон өнөр жайы өнүккөн район катары каралат. Кадамжай району административдик–аймактык бөлүнүү жагынан стратегиялык жактан өлкө үчүн маанилүү болгон Баткен облусунун курамына кирет.

Мамлекеттин аймактарды өнүктүрүү саясатына[1] ылайык алардын калыптанып, өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө бүгүнкү күндөгү актуалдуу проблемалардан. Биричиден, өлкөнүн аймактарынын тарыхын изилдөө ишинде Кадамжай районунун калыптанып, өнүгүү тарыхын изилдөө иши буга чейинки тарыхнаамалык эмгектердин атайын изилдөө объектиси болгон эмес, ошондуктан аймак таануу багытындагы тарыхнаамалык эмгектерди толуктамакчы.

Экинчиден, Кадамжай району стратегиялык жактан өзгөчө макамга ээ. Ал Баткен областынын аймагына киргендиктен, областтын административдик субъектиси комплекстүү изилдөөнү талап кылат.

Үчүнчүдөн, изилдөөгө алынып жаткан райондун аймагында Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхындагы кен иштетүүчү ири ишканалар орун алган. Райондун Кеңеш доорундагы калыптануу, өнүгүү этаптарынан баштап, эгемендүүлүк мезгилдеги пландуу өнүгүүдөн базар экономикасына өтүү учурундагы коомдук–саясий, экономикалык трансформациялануусунун

тарыхый өнүгүү процессин илимий изилдөөгө алуу бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелердин бири катары эсептелет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациялык иштин негизги **максаты**–Кадамжай районунун Кеңеш доору жана эгемендүүлүк мезгилиндеги социалдык–экономикалык жана маданий жактан өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө болуп эсептелет. Изилдөө ишинин максатына ылайык төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Илилдөө ишинин объектисине жана предметине ылайык тарыхнаамалык эмгектерге, тарыхый булактык базага анализ берүү;
2. Кадамжай районунун административдик–аймактык түзүлүшүнүн калыптануу тарыхын аныктоо;
3. Райондун Кеңеш доорундагы экономикалык өнүгүүсүнө анализ жүргүзүү;
4. Аймактын Кеңеш мезгилиндеги социалдык–маданий абалын иликтөө;
5. Кадамжай районунун эгемендик мезгилдеги айыл чарбасынын өнүгүүсүнө анализ кылуу;
6. Эгемендик мезгилдеги өнөр жайдын жана жеке ишкердиктин өнүгүү абалына баа берүү;
7. Райондун социалдык, маданий өнүгүүсүнүн эгемендик мезгилдеги абалын анализдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Кадамжай районунун Кеңеш жана эгемендик мезгилдериндеги тарыхы өз алдынча комплекстүү атайын изилдөө болуп эсептелет;
2. Кадамжай районун Кеңеш жана эгемендүүлүк мезгилиндеги изилдөө багыты боюнча жазылган тарыхнаамалык эмгектерге анализ жасалып,

райондун тарыхы, экономикалык жактан өнүгүүсү жана перспективалары боюнча бир катар жаңы тарыхый булактар, архивдик маалыматтар алгачкы ирет илимий айлампага киргизилди;

3. Кадамжай районунун административдик–аймактык түзүлүшүнүн Кеңеш мезгилиндеги калыптануу тарыхына, экономикалык өнүгүү багыттарына–айыл чарбасынын, өнөр жайынын, ишкердиктин–тарыхый булактардын, статистикалык маалыматтардын негизинде комплекситүү изилдөөгө алынып, жыйынтыктар чыгарылды;

4. Эгемендүүлүк мезгилдеги райондун экономикалык өнүгүү багыттары–айыл чарбасынын, өнөр жайынын, жеке жана чакан ишкердик–статистикалык маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдөөгө алынып, өнүгүү перпекитваларына анализ кылынды.

**Изилдөөнүн илимий-практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктары тарыхнаамалык негизде чөлкөм таануу багытындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий, окуу–усулдук, край таануу багытындагы китептерди даярдоодо кеңири пайдалануу менен студенттерге, мектеп окуучуларына өлкөнүн аймактарын таануу, мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы дарстарды өтүүдө колдонууга сунушталат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**:

1. Кадамжай районун өз алдынча административдик-территориялык аймак катары калыптануусуна 1920-1930–жылдардагы Кыргызстандын советтик мамлекеттик түзүлүү этаптарындагы райондоштуруу боюнча мамлекеттик чечимдери негиз болгон. Административдик-аймактык территорияларга бөлүштүрүү принциптеринин жана Кеңеш доорундагы башкаруу системасынын Фергана өрөөнүн райондоштуруудагы өз учурундагы кетирилген мүчүлүштүктөр азыр деле райондун аймагынынын коопсуздугуна түздөн–түз таасирин тийгизүүдө. Кадамжай районунун аймагында коңшу мамлекеттердин анклавдарынын болушу эгемендүүлүк мезгилдеги чек арадагы

конфликтердин келип чыгышына, о.э. райондун экономикалык коопсуздугун жаратууда.

2. Кеңеш мезгилинде Союздук маанидеги стратегиялык өнөр жайлары бай аймак болгон. Кыргызстандын оор өнөр–жайынын Кеңеш мезгилиндеги өнүгүүсүнүн башында турган Кадамжай жана Айдаркен металлургиялык комбинаттары, изилдөөлөрдүн натыйжасы белгилегендей, модернизациялоого муктаж.

3. Эгемендүүлүк мезгилдин 1991–2008–жылдар аралыгындагы коомдук–саясий, социалдык–экономикалык өнүгүүсүндө айыл чарба, өнөр жай өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, экономикасын диверсификациялоо, жергиликтүү ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, айыл чарба, өнөр жай рыногун кеңейтүү үчүн кабыл алынган мамлекеттик программалар, реформалар райондун аймагынын экономикалык өнүгүүсүндө жакшы натыйжаларды берген эмес. Бул райондун аймагындагы калктын социалдык-экономикалык абалынын төмөндөшүнө, жумушсуздуктун, ички, тышкы миграциянын күч алышына алып келген.

4. Райондун географиялык жактан ыңгайлуу аймакта жайланышы, автомобиль жолдорунун тармагынын, темир жолдун эмгек жана экономикалык ресурстарынын жетиштүү болушу айыл чарбасынын, жеке ишкердиктин өнүгүүсүнө ыңгайлуу. Райондун өнүгүүсүнүн бул перспективасы жумушсуздуктун азайышына, миграциянын азайып токтолушуна, райондун калкынын социалдык абалынын өнүгүүсүнө, социалдык–маданий инфраструктураны жакшыртууга шарт түзмөкчү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кадамжай райондун тарыхы диссертациялык изилдөөнүн объектиси катары алгач изилдөөгө алынды. Изилдөө ишинде Кадамжай районунун тарыхы, өнүгүүсү боюнча тарыхый архивдик булактар Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивиндеги, Кыргыз Республикасынын Саясий документтер БМА, Баткен

областынын, Кадамжай районунун мамлекеттик архивиндеги маалыматтар иргелип алынды жана алгачкы ирет илимий айлампага киргизилди.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен илимий жаңылыктары республикалык жана Эл аралык илимий–практикалык конференцияларда, Симпозиумдарда изденүүчү тарабынан апробацияланган. Мамлекеттик жана коомдук ишмер А. Масалиевдин 80 жылдыгына жана БатМУнун Кызыл–Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференцияда (апрель, 2013-ж.), 2014–жыл Кыргыз Республикасында "Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылынын" жарыяланышына карата уюштурулган I эл аралык «Түрк элдеринин мамлекетти башкаруу салты» конгрессинде (2014-ж. 3-4-апрель) ж.б.

**Диссертациянын жыйынтыгынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары атайын рецензиялануучу чет өлкөлүк жана республикалык илимий журналдарга чыккан 8 илимий макалда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, сегиз бөлүктөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү 148 бет.

# I БАП. ИЗИЛДЕНҮҮЧҮ МАСЕЛЕНИН ТАРЫХНААМАСЫ

Кадамжай районунун тарыхы боюнча атайын изилдөөлөр болбогондугуна карабастан, Кеңеш бийлигинин мезгилинде жумушчу табынын тарыхына, тоо–кен өнөр жайына, өндүрүшкө, илимий–техникалык прогресске, беш жылдыктардын аткарылышына ж.б. темаларга арналган эмгектер бир топ. Ал эмгектердин баалуулугу тигил же бул илимий маселени ачып берүүдө Кадамжай районунун өнөр жайы, социалдык–экономикалык жана маданий маселелери, шаарчалардын инфраструктурасы да кошо каралып, биздин илимий ишке тиешелүү тарыхый, статистикалык фактылар, айрым процесстер жөнүндөгү маалыматтар камтылган. Кадамжай районуна тийешеси бар эмгектерди үч топко бөлүп карадык:

1) тарыхчы окумуштуулардын эмгектери;

2) окумуштуу, адис геологтордун эмгектери;

3) мамлекеттик ишмерлердин жана башка кесиптегилердин эмгектери изилдөөгө алынды.

**Биринчи топту** диссертациянын хронологиялык алкагына ылайык тарыхчы илимпоздордун илимий эмгектери түздү.

Кыргызстандын, анын ичинде азыркы Кадамжай районуна тийиштүү аймактардагы, алгачкы айылдык кеңештердин түзүлүшүндө кээ бир кыйынчылыктарды, өзгөчө Кеңеш бийлигине каршы топтун күчтөрү алгачкы артелдерди, кооперативдерди курууга жолтоо болгондугу жөнүндө ж.б. Дж. М. Малабаев "Укрупление Советов Киргизии в период строительство социализма (1917-1937)"[94] деген китепте учкай маалыматтарды кезиктирүүгө болот. Ошону менен бирге түштүк Кыргызстанда Кеңеш бийлигинин орношу, бекемделиши, эл чарбасынын социалисттик кайра куруулары боюнча бизге тиешелүү бир катар маалыматтар кездешет. Бирок, тилекке каршы, азыркы Кадамжай районунда Кеңеш бийлигинин орношу жөнүндө толук изилдөө жүргүзүлбөгөн.

Кадамжай сурма комбинатынын калыптанышы жөнүндө
С. А. Аттокуров “История индустриальные развитие Киргизии”[62.76] деген китебинде Кадамжай сурма комбинатын калыптанышын карап, комбинатта өндүрүлгөн сырьенун сапаттуулугу өнөр жайдын өнүгүүсүнө түрткү болгонуна токтолот. Өлкөнүн өнөр жайынын өнүгүшүнө арналган эмгектерин жаратып, Кыргыз тарыхнамесине барандуу салым кошкон, С. А. Аттокуровдун эмгектеринде көтөрүлгөн маселенин актуалдуулугу ар бир эмгектин кеңири тарыхый булактардын негизинде терең изилденгендиги менен айырмаланып турат.

Кыргызстандын жумушчу табынын 1946-1953-жж. өлкөнүн өнөр жайын өнүктүрүү үчүн болгон күрөшкө арналган Ш. Ширияздановдун [131] эмгегинде, Кыргызстандын согуштан кийинки абалына мүнөздөмө берилип, партиянын, өлкөнүн өнөр жайын–анын ичинде Айдаркен сымабын, Кадамжай сурмасын өнүктүрүү жаатындагы иш-аракеттери көрсөтүлгөн.

Кадамжай сурма, Айдаркен сымап комбинаттарынын шахтерлорунун ишмердүүлүгүнө Мусин, Х. М. “Рабочий класс Советской Киргизии” деген эмгегинде токтолгон [102].

Айдаркен, Сох, Чаувай, Пүлгөн, Сур кыштактарынын сымап, сурма комбинаттарынын курулушунда эмгектенген жумушчулардын абалы жөнүндө этнограф Какен Мамбеталиева «Жилище и жилищно–бытовые условия рабочих Кыргызстане» [96] деген китебинде Кадамжай сурма комбинатынын биринчи башкы инженери келечектеги профессор, Лениндик сыйлыктын ээси С. Мельниковдун эмгеги жөнүндө кеңири маалыматтарды берет. Анда Кадамжайдагы алгачкы 3 барак үй курулгандыгын, бул жерде 60-65 адам жашагандыгы, ал эми 1937-жылдан баштап пионер лагерь, магазин, стадион, курулгандыгы жөнүндө айтылат. К. Мамбеталиеванын эмгегинен ошондой эле, бай Кадамжай сурма комбинаты, келечектеги Кадамжай шаары жөнүндөгү маалыматтарды алууга болот. Ушул эле жерде 1939-жылы эл каттоо боюнча Кадамжайда 1822 киши жашагандыгы жана аймактын шаар болуп түзүлүшүнө

сурма комбинаты түзүүчү фактор экендигин автор туура белгилеген. К. Мамбеталиева жана да Айдаркенде Кыргызстандагы кендердин ачылышынын башында турган окмуштуруга көрсөткөн сый–урматы катарында чоң көчөнүнүн аты геолог Д.И. Шербаковдун атына коюлгандыгын районцогу Кадамжай, Айдаркен, Чаувай, Кан айылдарынын эсебинен Кыргызстан сурма, сымап өндүрүү боюнча алдынкы орунду ээлейт деп баса көрсөтөт.

Кыргызстандагы социалисттик айыл чарбасынын түзүлүү, өнүгүү тарыхы Кеңеш доорудагы тарыхнаамада кеңири изилденген. Белгилүү тарыхчылар С. И. Ильясов «Победа социалистических отношений в сельском хозяйстве Киргизии» [78], Т. Д. Дүйшемалиев "Борьба КПСС за укрепление колхозов (Из истории колхозного строительства в Киргизии)"[68], Самсонов В. Д. "Советское крестьянство Киргизии в годы Великой Отечественной войны" [9] деген эмгектеринде кеңири тарыхый булактык мүнөздөгү фактылардын негизинде изилдөөгө алышкан. Окумуштуулардын изилдөөлөрү негизинен социалисттик түзүлүштүн өнүгүү багытындагы, айыл чарбасынын артыкчылыктарына басым жасалып, анын өнүгүү абалына, тарыхына баа берүүгө, статистикалык малыматтарга арналган. Бирок биз изилдеп жаткан Кадамжай районунун айыл чарбасына учкай токтолушкан.

1914-жылы Москвадагы радийди изилдеген геологдор өлкөдөгү түстүү металлдардын мамлекетке экономикалык пайда алып келгендигин белгилеп, 1938-жылдан баштап Кадамжай, Айдаркен, Чаувайда да сурма, сымап өндүрүлгөндүгү жөнүндө Д. Д. Жунушалиеванын «Становление горнодобывающей промышленности в Кыргызстане» деген макаласы чыккан. Анда 1931-жылы ЦК ВКП СССРдин Кадамжай, Айдаркендеги кендерди байытуудан алынган каражат 6 млн. рубль пайда тапкандыгы жазылган [69].

Кыргызстандын Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кадамжай сурма комбинаты алган милдеттенмелерин нормадан ашыкча аткаргандыгын, аялдардын согушка кеткен күйөөлөрүнүн ордуна эмгектенгендиги жөнүндө тарых илимдеринин доктору Сүйүн Керимбаев «Советский Киргизстан в

Великой Отечественной войне 1941-1945-гг» [83] деген китебинде токтолгон. Ошол эле жерде стратегиялык сырье болгон сурманы өндүрүүчү завод тездик менен курулуп бүтүп, фабрика керектүү маталлды өндүрүүнү 1940-жылдан баштагандыгы жөнүндө айтылат. Бул маалыматтар Кадамжай сурма, Айдаркен сымап комбинаттарынын курулушу жөнүндө, Айдаркен сымап комбинатынын курулушуна коңшу Фергана областынан 1000ден ашык куруучу, жумушчулар катышкандыгын белгилейт. Заводдун курулушуна Союздук бюджеттен 26.5 млн рубль бөлүнүп, Айдаркен сымап комбинаты 1942-жылдын июнь айында толук ишке киришкен.

Ош мамлекеттик педагогикалык институнун окумуштуулары тарабынан «Ошский область в годы Великой Отечественной войны» -деген макалалар жыйнагы жарык көргөн. Анда А. Куниндин «Вклад в победу: становление оборонных предприятий и миграционные процессы в Южном Кыргызстане» [109] деген макаласында автор СССР боюнча жападан жалгыз стратегиялык сырье болгон сымапты Донбастагы Никитовский комбинаты берип тургандыгын, бирок Германиянын оккупациясында кала тургандыгын билгенден кийин, 1941-жылы июль айынын экинчи жарымында комбинат Кыргызстанга көчүрүлүп, 1942-жылы июнь айында өлкөнүн коргонуу жаатындагы өнөр жайлар сырьену Айдаркен комбинатынан ала баштаган. Ошол эле 1941-жылы Кыргызстанга Москвадан электролитейный цех көчүрүлүп келгенин белгилейт, натыйжада сымап, сурманын жогорку маркаларын чыгарганын жазып кеткен.

Айдаркен сымап комбинатында иштеген жумушчулардын социалисттик мелдештерде шахтёрлорунун, металлургдарынын эмгектери чагылдырылган. Мисалы, 1943-жылы комбинатта 25 адамдан турган комсомолдук агитациялык бригада уюштурулгандыгы жөнүндө Б. Д. Чыймылова «История развития социалистического соревнования в промышленности Киргизии» [128] деген китепте жазган. Жумушчулар өздөрүнө берилген тапшырмалардан тышкары фронттогу жоокерлердин үй-бүлөлөрүнө жардам көрсөтүп тургандыгын,

Чаувай, Мелик-Суу жана Кадамжай шахталарынын жумушчуларынын, ишканада эмгектин маанисин, эмгек тартибин чыңдоо, өндүрүштүк ыктарды өздөштүрүү, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жөнүндө түшүндүрүү менен байланыштырат. Металл иштетүүчү ишканалардын, М.В. Фрунзе атындагы сурма комбинатында иш методдору жана тажрыйба алмашуу боюнча семинарлар дайыма өткөрүлгөндүгү; анда эмгекчилердин ар түрдүү категорияларына дифференциялаштырылган мамиле жасоого олуттуу көңүл бурулганды изилдөөгө алынган.

Өнөр жайлуу шаарлардын бири Айдаркенде кыргыз эли, туруктуу шаардын жашоочулары катары аз санды түзүшкөндүгү жөнүндө, алардын балдары шаардагы техникалык-кесиптик окуу жайларда азыраак санда гана окуп келишкендигин, анын негизги себеби катары шаардагы техникалык окуу жайлардын көпчүлүгүнүн жатаканасы жок экендигине токтолот. Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхын изилдөөдө А. С. Ормушевдин [103] да салымы чоң. Ал Кыргызстандын материалдарынын мисалында “Коммунизмдин метериалдык-техникалык базасын түзүүдөгү жумушчу-курулушчулардын күрөшү” деген темада кандидаттык диссертация коргоп, “Улуттук жумушчулардын тарыхы” деген эмгегин жана бир топ илимий макалаларды жазган. Анын эмгектери архивдик булактардын негизинде жазылып, чыгарган бүтүмдөрүнүн негиздүү экендиги менен айырмаланат.

Диссертациялык изилдөөнүн алкагындагы эмгектерге кайрылдык. Алардын арасында Ж. А. Адилбаев [145], Б. А. Нурунбетовдор [157], илимий изилдөөлөрүндө өлкөдөгү жумушчулардын Кеңеш өлкөсүндөгү жумушчулар менен достук байланыштары, жумшчулардын орду жана алардын квалификациясын жогорулатуунун жана даярдоонун жолдоруна, жеңил өнөр жай ишканаларынын өнүгүү абалына токтолушкан. Нур уулу Д [158], «Социально-экономическое развитие совхозов Кыргызстана (60-е-середина 80-х гг.)» тарых илимдеринин докторлору Б. К. Абытов [144] «Подготовка рабочих и инженерно-технических кадров для промышленности Кыргызстана

во второй половине 60-х годов» деген эмгегинде автор өлкөнүн өнөр жайынын өнүгүшүнө арналган эмгектерин жаратып, Кыргыз тарыхнамесине барандуу салым кошкон. Б. К. Абытов көтөргөн маселенин актуалдуулугу ар бир эмгектин кеңири тарыхый булактардын негизинде терең изилденгендиги менен айырмаланып турат. Т. А. Абдырахманов [143] «Кыргызстандын өнөр жайындагы илимий–техникалык прогресс» деген бир катар диссертациялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Өндүрүштү илимий-техникалык прогресстин негизинде жүргүзгөн алдынкы завод-фабрикалардын мисалында уюштуруучулук механизимдерин көрсөтө алган.

Изилдөөнүн тарыхнаамасы жогорудагыдай бир нече эмгектерде жазылгандыгына карабастан, атайын диссертациялык изилдөөнүн предмети боло электиги, Кадамжай районунун түптөлүү, калыптануу, өнүгүү тарыхы мындан аркы изилдөөлөргө муктаж экендигин көрсөттү.

Экинчи тобу: 2) Геолог окмуштуулардын эмгектери,

Натыйжада, Фрунзе районунун калкы көбөйүп, ээлеген аянты бир топко кеңейген. Келечектеги Кадамжай районунун кен байлыктары жөнүндөгү алгачкы маалыматтар 1932-жылы май айында СССР Илимдер Академиясы, Коммуналдык Чарба Академиясы менен бирге Кыргызстанды изидөөнүн комплекстүү экспедициясы менен чогуу атайын отряд изилдөө, чалгындоо иштерин жүргүзгөн [81]. Бул иштердин жыйынтыгы 1932-жылдын 1-октябрынан 6-октябрына чейин Кыргызстанда өндүрүш күчтөрүн жайгаштыруу боюнча конференцияда каралган. Конференцияда кыргыз жери баалуу кен байлыктарга бай экендиги белгиленген.

СССР Илимдер Академиясынын, өндүрүштүк күчтөрдү изилдөө бөлүмүнүн 1934-жылдын 23-октябрындагы отчетунда Түштүк Кыргызстандын сымап, сурма зонасы жөнүндө маалыматтар бар. Ал отчетто 14 өз алдынча руда бар жерлер белгиленип, сымап, сурма кендери аныкталган. Рудада канча пайыз сурма, сымап бар экендиги жөнүндө баалуу маалыматтар бар. Ошол маалыматтар боюнча 125 млн тонна руда бар экендиги белгиленет. Аталган

эмгекте Кадамжай сурма кенин иштетүү маселеси каралган. Комбинат ишке киргизилгенге чейин Советтер Союзу сурманы чет өлкөдөн импорттоп алып келген. 1936-жылдан баштап өлкөнүн сурмага болгон муктаждыгы Кадамжай сурмасынын эсебинен камсыздала баштаган [65].

СССР Илимдер Академиясынын алдындагы жаратылыш байлыктарын изилдөөчү кеңеш Кыргызстандын жаратылыш байлыктарын деги эле Кыргыз АССРде комплекстүү изилдөөнүн жүрүшүндө 1935-жылы СССРдин Илимдер Академиясы «К вопросу о социалистическом расслении в Киргизской АССР» [81] деген комплекстүү экспедициясынын материалдарын жарыялаган. Ал эмгекте Кыргызстандын жаратылыш шарты, кен байлыктары, ресурстары боюнча кеңири маалыматтар бар. Анда Кыргызстандын өзгөчө түстүү металлдарга бай экендиги белгиленет. Кожешкен, Ак-Суу дарыяларынын жээгиндеги Айдаркен, Кадамжайдагы сымап менен сурманын чоң запастары бар экендигине токтолот. Ошол эле жерде анча алыс эмес Чаувайда да сымап, сурманын запастары, Төө-Моюнда радий, уран, ванадий кендери бар экендиги көрсөтүлөт. Мындан сырткары бул эмгекте сейрек кездешүүчү түстүү металлдардан никел, калай (олово), молибден, вольфрам, кобальт, алтын кендери бар экендигин, бирок аларды ишке киргизиш үчүн дагы изилдөө жүргүзүш керектиги жазылат. Бул кен байлыктар Кыргызстанды СССРдеги кен байлыктарга бай райондордун катарына кошкон. Ошол эле эмгекте дагы бир кубанарлык нерсе Кыргызстан энергетикалык ресурстарга бай экендиги белгиленет.

Айдаркендеги сурманы изилдөө, чалгындоо партиясынын катарында болуп Айдаркен кенин тапкандардын бири бул эмгекте сымаптын кайсыл мезгилде пайда болгонун, канча тереңдикте жайгашкандыгы, андан сырткары түрдүү, түстүү металлдардын бар экендиги жөнүндө Екатерина Александровна Радкевич «Ляканское полиметаллическое месторождение в Южном Фергане и его генезис» деген эмгекте белгилеген. Ошондой эле Айдаркен кенинин ачылышына окумуштуу геологдор Д. И. Шербаков, В. Э. Поярков

көп эмгек сиңирген дейт. Бүгүнкү күнү Айдаркен шаарынын бир көчөсү Д. И. Шербаковдун ысымын алып жүрөт [111].

1945-жылы 23-декабрдагы Кызыл Кыргызстан газетасына Кыргызстан КП БКнын тоо-кен өнөр жай бөлүмүнүн орун басары Ю. Унановдун «Алдынкы комбинат» [125] деген макаласы жарык көргөн. Ю. Унанов макаласында 1943-жылга чейин чечилбей келген сурма жана сымапты өндүрүүдө жаңы технологиянын киргенине токтолгон. Анда жаңы технология ишке киргизилгенге чейин рудадан сурма, сымап 50% өндүрүлсө, калган баалуу металл коромжуга учурап келген болсо, жаңы технология ишке киргизилгенден кийин рудадан сурма 98%, сымап 94% алына баштаган. Ошондой эле Ю. Унанов комбинатты сырьелук ресурстары жагынан Советтер Союзундагы алдынкы орунда экендигин баса белгилеген.

1969-жылы Кадамжай комбинатында 1964-жылдан 1975-жылга чейин комбинатты жетектеген, комбинаттын проблемаларын ийне–жибине чейин билген, комбинатты өнүктүргөн И. К. Герасимовдун «Мастера серебристых плавок» [67] деген китеби чыккан. Бул китепте Кадамжай сурма комбинаты СССРдеги алгачкы сурма өнөр жайынын пайда болуу тарыхы, 1925-жылы академик Д. И. Шербаков жетектеген геолог чалгынчылар Кыргызстанга келишип, 1928-жылы алгачкы сурма рудасын казып алганын жазат. Кеңеш мамлекети Кадамжайда өндүрүлгөн алгачкы сурманын ар бир тоннасын 12.5 фунт стерлингден саткандыгы жөнүндө маалыматтар бар. «Союз редметпроект» Кадамжайга фабрика куруунун проектин түзгөн. И. К. Герасимовдун маалыматы боюнча, Кадамжайда өндүрүлгөн сурма 1950-жылдан баштап Англия, Францияга экспорттоло баштаган. Китепте комбинатта иштеген эмгектин алдынкылары жөнүндө жана Кадамжай сурма комбинаты ачылган күндөн 1969-жылга чейин басып өткөн жолу жөнүндө да көптөгөн баалуу фактылар берилет.

1972-жылдын 12-декабрында СССРдин түстүү металлургия министри Петр Фадеевич Ломаконун Кыргызстандын түстүү металлургиясына арналган

көлөмдүү «Успехи цветной металлургии Киргизстана»[93] деген макаласы жарык көргөн. П.Ф. Ломако Социалистик Эмгектин Баатыры, 46 жылдан ашык СССРдин түстүү металлургия министри болгон. 1940-1986-жылдарда (тыныгуулар менен), бул инсандын аты Гиннесс рекорддор китебине киргизилген. Бул инсан 1962-1965-жылдары СССРдин Госпланын жетектеген. СССРдин түстүү металлургия наркому болуу менен Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде батыштагы өнөр жайларды чыгышка көчүрүүнү жана уюштурууну Уралда жетектеген. П. Ф. Ломако Кыргызстандын түстүү металлургиясына мүнөздөмө берип жатып, Кадамжай сурма комбинатынан пайда болушуна жана Кадамжайдан чыккан сурмага «Сапат» белгиси берилгендигине токтолот. Ушул эле макалада П. Ф. Ломако 1935-жылдан Айдаркендеги сымап комбинатынын экономикага салым кошкондугун, Улуу Ата Мекендик согушта жеңишке жетишүүдө Кадамжайдын сурмасы, Айдаркендеги сымаптын ролуна баа берет, кыргыз сурмасы жана сымабы өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашына чоң салым кошкондугун баса белгилейт.

1974-жылы Кыргыз Илимдер Академиясынын геология институту «Геология и полезное ископаемые Киргизии» [66] деген жыйнак чыгарышкан. Бул эмгекте Кыргызстандагы кен байлыктардын иликтенүү тарыхы, алардын жайгашкан жерлери, кимдер тарабынан изилденгендиги сөз кылынат. Бул эмгек Орто Азиянын геологиясын терең изилдеген Лениндик сыйлыктын ээси, академик Д. И. Шербаковго арналган. Академик М. М. Адышевдин айтуусу боюнча, Д. И. Шербаков Кыргызстандын бай жаратылыш ресурстарын изилдөөдө чоң эмгек сиңирип, ошону менен бирге Кыргызстандын Илимдер Академиясынын ачылышына да көп көмөк көрсөткөн. Окумуштуу өзгөчө республикада геолог кадрларды даярдоодо көп эмгек сиңиргендигин баса белгилейт. Дмитрий Иванович өзүнүн «Особенности металлогений» деген эмгегинде Орто Азияда 60тан ашык түстүү металлдардын кендери бар экендигин аныктап көрсөтөт. Улуу Ата Мекендик согушта фронтко зарыл болгон сымапты академик Д. И. Шербаков изилдеп тапкан Айдаркен, Чаувай

сымап кендери берип турган. М. М. Адышев Айдаркен сымап кенинин запасынын көп экендигин, географиялык шарты ыңгайлуу болгонун, аны иштетүү бир топ оңой экендигин изилдөөлөрүнүн негизинде тастыктайт. Кыргызстандагы ири темир кенин, Жумгалдагы Сандык алюминий кени (дүйнөдөгү эң чоң кендердин бири) Кызыл–Омполдогу титаномагниттин кендерин ачуу да чоң салым кошкон.

СССРдин Илимдер Академиясынын Сибир бөлүмүнүн Геология жана Геофизика институту илимий иштердин жыйнагын чыгарган[119]. Бул эмгекте Түштүк Кыргызстандын тоо–кен байытуучу комбинатынын курамына кирген Чаувай сымап комбинаты жөнүндө, анын пайда болуу мезгили 260-240 млн. жыл мурда пайда болгон деген маалыматты беришкен. Чаувай кенинде рудада сымаптын жогору пайызда болушу негизинен, аталган кендин көбүнчө химиялык составы жөнүндө сөз болот.

Кадамжай районундагы өндүрүштүн өнүгүүсүнө Н. Володин «Серебристый металл Кадамжая» [65] деген баалуу эмгеги аркылуу салым кошкон дегенде болот. Аталган эмгек-биздин изилдөөбүз үчүн тарыхнаамалык мааниде гана эмес, булак таануу жаатындагы чоң баалуу эмгек. Автор бул ишин Кадамжайдын эмгекчилеринин мозаикалык портиретине арнаган. Кадамжайды түптөгөн эмгектеги материалдарды ветерандарын, өндүрүштүн башында турган А. А. Кайзер, башкы инжинер А. Шуклин, профсоюздун төрагасы А. Х. Казаковдордон, ошондой эле Ош областтык архивинен, ошол кездеги Фрунзе районунун архивинен алгандыгын эскерет. Ошентип Н. Володиндин эмгеги биз карап жаткан маселени чечүүдө негиз болуу менен, баалуу материалдарды чагылдырып, биздин илимий изилдөөдө ээлеген орду чоң болду. Автор 1970-1980-жылдарда комбинатта 14 аталыштагы продукция өндүрүлгөндүгүн, комбинат чыгарган продукция өлкөнүн 241 ишканасында колдонулганын 30дан ашык чет өлкөгө экспортолгонун жазган.

В. И. Васильев «Редкие графические структуры пар минералов киновар+антимонит, киновар+халькропит и их генезис» [79] бул макала

эмнеси менен баалуу, Союз тарап кетсе дагы Россия Федерациясы Кыргызстандагы кен байлыктарга кызыгуусу менен ушул күнгө чейин алар кен байлыктарды изилдөөнү улантышып келет. Макаланын автору Новосибирдик окмуштуу В. И. Васильев Айдаркендеги сымап кенинин пайда болушу, ал жердеги руданын структурасы жана башка, мүнөзү, касиети жөнүндө жазып аны Монголиядагы Баян-Хан–Ула кени менен салыштырат.

И. Раззаков атындагы КМТУ 2013-жылдын 28-санындагы илимий жыйнагында академик К. О. Осмонбетов «Геологические исследования, состояние минеральносырьевой базы, проблемы и пути развития» [104] деген макаласында Кыргызстандын территориясында 15миңден ашык кен байлыктар ачылган, анын ичинен 1000 ашык алтын, 1000 урандын, 300 сымап, 200 сурма, 200 калай кендери белгилүү экендигине токтолот. Автор талкууланып жаткан проблемаларды жөнөкөйлөткүсү да, татаалдаштыргысы да жок, бирок ага азыркы учурда илим, техника, өндүрүш жана кадрларды даярдоо жана өлкөбүздүн келечеги үчүн мурдагыдан да көбүрөөк синхрондоштурууну талап кылгандай сезилет.

« Ртуть в биосфера: Эколого–Геохимические аспекты» деген аталыштагы эл аралык симпозиумдун материалдары 2015-жылы Россия Илимдер Академиясынын Сибирь бөлүмү тарабынан жарык көргөн. Ушул жыйнакта илим изилдөө институнун кызматкери Игор Печенкиндин «Очерк истории освоения южно–ферганского сурьмяного–ртутьного пояса» [115] аталышындагы макаласын жарыялаган. Бизди кызыктырганы, автордун ою боюнча, Айдаркен, Чаувай сымап кендери Даван мамлекети менен кытайлар сымапты өндүргөн деген маалыматын берет. Мунун күбөсү көптөгөн байыркы too кендерин иштетилгени. Автор Ал–Истахринин маалыматтарына таянып, Фергана пайдалуу кендердин борборуна айланган деп, сымап жөнүндө маалыматтарды берген. Ошол мезгилде сымапты, алтын өндүрүшүндө пайдалангандыгы жөнүндөгү процессти Абу–Райхан Беруни өзүнүн белгилүү «Минералогия» деген эмгегинде кеңири баяндаган.

Аталган макалада автор 1930-1932-жылдардагы геологиялык чалгындоонун жетишкендиктерине таянып, Айдаркен кенин өзгөчө чоң жана бай экенин жазган. Бирок автор 1933-жылы кийинки изилдөөлөр келечектүү экенине шектенип, иш убактылуу токтоп калгандыгын эскерет. Бул кендин натыйжалуулугу Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Украинадагы база жабылып калган, кийинки изилдөөлөр Ферганадагы сурма, сымап кенин максаттуу экенин далилдеди деп жыйынтыктайт.

**Үчүнчү топ 3) Мамлекеттик ишмерлердин эмгектери**

1976-жылы Кыргызстандын Ош областын 10 жыл жетектеген, Ош элинин сый–урматына ээ болгон С. И. Ибраимов «Ошской область Киргизстана. Краткий очерк социално–экономического развития» [75] деген эмгегинде Ош областындагы түстүү металл Кадамжай жана Айдаркен кендерине токтолот. Андан ары С. И. Ибраимов Ош областынын экономикасын анализдеп жатып, түстүү металлургияга өзгөчө көңүл бурат, сурма менен сымап комбинаттарынын ачылышы, Улуу Ата Мекендик согуштун жүрүшүндө Кеңеш өлкөсү үчүн жеңишти камсыз кылганын белгилейт.

Биздин теманын изилденүү деңгээлин аныктоодо өлкөнү 25 жылга жакын жетектеген Т. У. Усубалиевдин «Эпоха. Созидания. Судьба» [125]деген эмгегинин да орду бар. Автор Кадамжайдын сымабы туурасында Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Айдаркен сымап комбинаты тез арада курулгандыгын, ошондой эле өлкөнүн сымапка болгон муктаждыгын толук камсыз кылып, Кыргызстандагы сымаптын запасы боюнча, геологдордун берген маалыматы боюнча дүйнөлүк сымап кенинин 5/1 бөлүгү Кыргызстанда деп көрсөтөт. 58 жылда Айдаркен сымап комбинаты 30миң тонна металл сымап өндүргөндүгүн, чыгарылган продукция 1970-1980-жылдары дүйнөлүк рынокто 1 фляга сымап (34,5кг) 400 Америка долларынан сатылып тургандыгын жазган. Эл чарбасы үчүн зарыл болгон баалуу материал сурма боюнча; Россия 1917-жылга чейин жылына чет өлкөлөрдөн алып тургандыгын, сурма өндүрүшү жоктугунан 40 миң тонна сурма сатып алгандыгын белгилейт.

1940-1992- жылга чейин 238 миң тонна сурманы Кыргызстан өндүргөндүгүн, ошондой эле, кыргыздын сурмасы эталон экенин, анын 40тан ашык өлкөгө экспорттолорун белгилейт. 1970-1980-жылдарда сурманын 1 тоннасы дүйнөлүк рынокто 2300-2800 Америка долларына сатылгандыгын айтат. Автордун бул маалыматтары биздин илимий иштин максатын ишке ашырууда маанилүү гана болбостон, сурманын өлкөнүн экономикасындагы ролун да ачууга жардам берди.

Баткен областынын «Баткен таңы» [140] газетасынын атайын чыгарылышы областын социалдык–экономикалык өнүгүүсүнө арналган. Областтын 2012-2016-жж губернатору Ж. П. Раззаков Кадамжай району үчүн өзгөчө мааниге ээ Көк-Талаа-Пүлгөн, Пүлгөн-Ак-Турпак, Баткен унаа жолунун дүйнөлүк банк жана Еврокомиссиянын 1млрд, 986 млн сомунун эсебинен курулгандыгын, бул жолдун курулушу райондун экономикасын өнүктүрүүгө, элдин жашоо шартын жакшыртууга ыңгайлуу шарт түзөт деп ишенерин билдирген. Ошол эле атайын чыгарылышта күрүчтүн мекени болгон Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн башчысы Алчынбай Төралиевдин «Баткен областынан көчүп кеткендер эмес, Баткенге көчүп келгендердин саны арбыды» деген макаласында да райондун калкы чарба жүргүзүүдө жылдан жылга жетишкендиктер менен коштолгонун белгилейт.

Кыргызстандагы жер ресурстарын эффективдүү пайдалануу маселелерин карап, бул маселеде өзгөчө эгемендүүлүк мезгилинде көптөгөн көйгөйлүү проблемалардын пайда болгонуна токтолушат. Авторлор А. М. Ташбаев, Д. А. Осмоналиева, Г. В. Бакирова «Эффективное использование земельных ресурсов и развитие аграрного сектора Баткенсой области» [142] деген макалада кандай проблемалар бар экендигине, Баткен областында жасап, жер ресурстарынын кандай пайдаланылып жатканына; айыл чарбасында кандай эгинди, жашылча-жемиштердин түрүнүн өсүүсүнө анализ жасашкан. Анализ боюнча Баткен областынын 73600 гектар айдоо аянтынын 70 пайызы дыйканчылыкка жарактуу экенин, ошондуктан суу маселеси Баткен областында

анын ичинде Кадамжай районунда, курч экендигин белгилешет. Айдоо аянтынын 41пайызга жакын дан же буудай, арпа, жүгөрү эгилет. 14 пайыз-тоют өсүмдүктөрү, 21 пайыз-картошка, 2,5 пайызы-техникалык өсүмдүктөр. Белгилей кетчү нерсе, эгемендүүлүк мезгилинде пахтанын айдоо аянты аябай эле азайып, анын ордуна май алуучу өсүмдүктөр күнкарама, софлер ошондой эле эгүү аянттары бир нече эсеге көбөйгөн. Ушул жерде өзгөчө жашылча–жемиштерин өстүрүү Кадамжай, Лейлек райондорунда табийгый шарт ыңгайлуу экендигине токтолушат. Баткен областы анын ичинде Кадамжай айыл чарба продукцияларын  чет өлкөлөргө экспорттоодо алдыңкы позицияда экендиги да белгиленет. Ушул эле эмгекте айыл чарбасын өнүтүрүү үчүн колдоо көрсөтүү максатында айыл чарба техникаларына аз пайыз менен кредит берилери да айтылат. Бүргөндү массивин өздөштүрүүгө 396млн 800миң сомго канал курулуп, 3489га суу чыгарганы жөнүндө маалыматтарды беришет. Бул кеткен чыгымдын бир бөлүгүн Түрк Республикасы каржылаган. Ушул эле эмгекте райондогу Каракыштак-Боз каналын куруу жөнүндө да сөз болот. Тилекке каршы, бул иш-чара бүгүнкү күнгө чейин аягына чыга элек. Эмгектин биздин изилдөөбүзгө түздөн–түз тиешеси бар.

Изилдөөнүн тарыхнаамасы жогорудагы бир нече эмгектердин жазылгандыгына карабастан, атайын диссертациялык изилдөөнүн предмети боло электигин, Кадамжай районунун түптөлүү,  калыптануу, өнүгүү тарыхы мындан аркы изилдөөлөргө  муктаж экендигин көрсөттү.

# II БАП. ИЗИЛДЕНҮҮЧҮ МАСЕЛЕНИН ТЕОРИЯЛЫК МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 2.1. Изилдөөнүн объектиси жана предмети, методологиясы жана методдору

**Изилдөөнүн объектиси.**

Кадамжай району – Баткен облусундагы админстративдик район, 1938-жылы 2-мартта түптөлгөн. 1999-жылга чейин–Фрунзе району. Облустун чыгыш бөлүгүндө жайгашып, батышынан Баткен району, түштүгүнөн Ош облусунун Чоң–Алай, Кызыл–Кыя шаары, чыгышынан Ноокат району, түндүгүнөн Өзбекстан Республикасы менен чектешет. Аянты 6,1 миң км$^2$[64], калкы 205214 миң. (2022) [187]. Борбору–Пүлгөн. Район Фергана өрөөнүнүн тоо этегиндеги түштүк бөлүгүн жана Алай кырка тоосунун өрөөнүнө караган түндүк тарабын ээлейт. Деңиз деңгээлинен эң жапыз жери Бүргөндү массивинде 700 м. эң бийик жери Алай кырка тоосунда 5259 м. Фергана өрөөнүн адырлар чектейт, кээ бир жерлеринде түздүктөр кездешет. Адырлардан түштүгүрөөктө этек тоолор зонасы жатат. Райондун аймагы табигый кендерге бай. Отун ресурстарынын мааниси зор: чыгыш түштүгүндө Бел-Алма, Кызыл-Кыяга чектеш Беш-Буркан кендери бар. Сурма жана сымаптын (Кадамжай, Айдаркен, Кан, Чаувай.ж.б.) запасы боюнча Борбордук Азияда алдыңкы орунда. Курулуш материалдары гипс, мамы таш, кум–шагыл, чопо ж. б, ошондой эле коргошун, алтын кендери бар. Климаты континенттик. Жайы ысык, кургакчыл, кышы мелүүн суук. Январдын орточо температурасы түздүктөр менен адырларда -2,6:-6,4°С, тоолордо -8:9°С, июль айында, түздүктөр менен адырларда 26,82°С, тоолордо 1 0,6:19, 1 °С жылуу. Жылдык жаан–чачыны 200м:500мм. Суулары: Исфайрам-Сай, Ак-Суу ж.б.. Топурак–өсүмдүктөрү ченемине ылайык өзгөрөт. Тоо этектериндеги түздүктөр, адырлар, тоо арасындагы ойдуңдар деңиз деңгээлинен 1600м. бийиктикке

чейин боз топурактуу келип, чөл жана жарым чөл өсүмдүктөрү өсөт. Айрым жерлеринде бадалдар кездешет. Таштуу жарым бийик тоолорго мүнөздүү. Күрөң жана коңур топурактуу тоо капталдарында (1600-2500м бийиктикте) талаа жана токой өсүмдүктөрү басымдуу. Тоо шалбаа топурактуу болуп 3000-4000 метр бийиктикте Казтаман, Донуз сырты ж.б. бийик тоолуу өсүмдүктөр өсөт. Орто бийик тоолордогу аскаларда арча өсөт. Арча токоюнун жалпы аянты–34,8миң гектар. Район жеринин жаратылыш шарты мал чарбасын (айрыкча эчки, багууга) өнүктүрүүгө жана дыйканчылыкка (жашылча, алма, жүзүм, шабдалы, гилас, алмурут ж.б. мөмө жемиштерин өстүрүүгө) ыңгайлуу[91]. Райондун аймагы сейрек кездешүүчү вольфрам, сурма, сымап түстүү металлдарга, көмүргө, цемент жана башка курулуш материалдарынын сырьелук запастарына бай.

**Изилдөөнүн предмети.**

Молотов районунун бөлүнүшү, райондун чек арасына, таасирин тийгизип райондун админстрациялык–аймактык курамы түзүлгөн 1938-жылдан-1959-жылга чейин өзгөрүп кеңейип турган. Эскерте кетчү нерсе, райондун чек арасы коңушу Тажикстан, Өзбекстан менен дале такталып бүтө элек. Район 1999-жылы Ош областынын курамынан чыгып, жаңы түзүлгөн Баткен областынын курамына кирген. Район республикада, СССРдин коргонуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылган сурма менен сымаптын жана башка баалуу түстүү металлдарга бай. Кадамжайдын сурмасы XX к. 30-жж. баштап СССРдин бул металлга болгон муктаждыгын камсыз кылып, Советтер Союзу металлды импортогон өлкөдөн, аны экспорттогон өлкөгө айланган Кадамжайдын металлургдары сурма өндүрүүнүн жаңы технологиясын ишке ашырып, сурманы дүйнөлүк эталонго айландырышкан. Убагында Кадамжайдын сурмасы дүйнөнү 40тан ашык өлкөсүнө экспорттолуп, Советтер Союзуна олуттуу валюталык кирешелерди киргизип турган. Айдаркендин сымабынын запасы дүйнөлүк сымаптын 1/5 бөлүгүн түзүп, дүйнөдөгү эң чоң сымап кени эсептелет[126]. Эгемендүүлүк мезгилинде, Кадамжайдын нефтиси, газы,

көмүрү өлкөнүн нефтиге, газга, көмүргө, түстүү металлдарга болгон муктаждыгын гана камсыз кылбастан, өлкөнүн экономикасына олуттуу салым кошот деген терең ишеним бар.

Райондун айыл чарбасы Кеңеш мезгилинде эле Ош областынын райондорунун ичинен мөмө–жемиш, жашылча, тамеки, пахта өндүрүү боюнча алдынкы орунду ээлеп келген. Кеңеш доорунда райондо билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият дайыма динамикалуу өнүгүп–өсүп олтурган. Кадамжай району эгемендүүлүк жылдарында да өзгөчө айыл чарбасында айтарлык ийгиликтерди жаратып мөмө–жемиштери кокон гилас, шабдалы, жүзүм, күрүчтү чет өлкөлөргө экспорттоого жетишишти. Бүгүнкү күнү «бренд» болгон Ак–Турпактын күрүчүн кимдер гана билбейт. Кадамжай району өзгөчө кайрак жерлерди сугат жерге айландыруу боюнча, башка райондордон айрымаланып райондун тургундары өз каражаттарына сугат каналдары курууну колго алышты мисалы: узундугу 26км. түзгөн анын ичине 6км туннелден турган «Алга–Кадам» каналын куруу үчүн кадамжайлыктар 3 млрд. сомго жакын каражат чогултушуп, ага Президент өз фондунан 150 млн. сом, министрлер кабинетинин төрагасы 70 млн сом кошумча кошту [173]. Райондо миграция күчтүү, райондун тургундары Россияда жана башка чет өлкөлөрдө иштешип, тапкан каражаттарын райондогу чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө, жолдорду курууга жумшап жатышат.

**Социалдык сектор.**

Райондун мектептери, өзгөчө Кадамжайдагы Сапат мектебинин окуучулары, областтык, республикалык предметтик олимпиадаларда жакшы ийгиликтерди жаратышууда. Райондогу ооруканалар, маданият үйлөрү, китепканалар оңдоо–түзөөдөн өткөрүлүп, керектүү жабдыктар менен жабдылууда. 2023-жылы өлкөбүздөгү алгачкы жазма акын, философ ойчул Молдо Нияздын 200 жылдык мааракеси республикалык масштабда жогорку деңгээлде өттү. Райондун эли мындан ары да, өлкөнүн өнүгүшүнө татыктуу салым кошот деген ишеним бар. Биз өзүбүздүн изилдөөбүздүн негизги

бөлүгүндө жогоруда көрсөтүлгөн багыттар боюнча кеңири тарыхый булактардын негизинде райондун Кеңеш жана эгемендүүлүк мезгилиндеги өнүгүүсү, бүгүнкү күндөгү абалын ачып беребиз.

**Изилденүүчү маселенин методологиясы жана методдору.**

Тарых илиминин өсүп–өнүгүшүндө, тарыхый изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, изилдөөнүн методологиясы жана методдору өзгөчө орунда турат. Мисалы, математикалык метод иштелип чыкканга чейин эң баалуу тарыхый булактардын бири болгон статистикалык материалдарды тарыхый изилдөөлөрдө пайдалануу көптөгөн кыйынчылыктарды жаратып келген. Математикалык методдор миллиондогон цифраларды атайын түзүлгөн программанын негизинде сүйлөтүп жогорку натыйжага алып келди. Тарых илимдеги изилдөө иштери негизги тарых илиминдеги төмөнкү методдор аркылуу жүргүзүлөт. Алар тарыхый–генетикалык, тарыхый–салыштыруу, тарыхый–системалык, тарыхый–типологиялык методдор.

Ошондой эле биздин изилдөөбүздө, алдыга коюлуучу максаттарды ачып берүү үчүн  жалпы илимий методдор да кеңири колдонулду.

Диссертациялык ишти жазууда тарых илиминин тарыхыйлуулук (историзм), объективдүүлүк принциптерин сактоо менен бирге системалуулук, сурамжылоо, тарыхый–баяндоо, статистикалык талдоо, тарыхый–салыштырмалуулук, тарыхый–хронологиялык, себеп-натыйжаларын талдоо, байкоо жүргүзүү, оозеки тарых ыкмалары колдонулду. Тарыхый изилдөөлөрдөгү тарыхыйлуулук  негизги методологиялык принцип болуп эсептелет. Изилдөө ишиндеги тарыхыйлуулук принциби изилдөөгө алган объектиси менен предметин, хронологиялык алкагын, мезгилин тактоого өбөлгө түзөт. Тарыхыйлуулук принцибинин сакталышынын негизинде изилдөөгө алынган тиешелүү доордун конкреттүү тарыхый кырдаалын эске алуу менен изилдөөнүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн этаптарынын мүнөзүн аныктоого болот. Диссертациянын хронологиялык чеги 1938-жылдан 2024-жылдарга туура келет. Кадамжай районунун калыптануу мезгили, анын

стратегиялык мааниге ээ экономикалык аймакка айланышына себеп болгон сурма, сымап кендерин иштетүү боюнча комбинаттардын ишке берилиши аймактын өнүгүү тарыхы СССРдин курамындагы Кыргызстандын өнөр–жайынын өнүгүүсүндөгү негизги багыттары менен байланышта болгон.

Тарыхыйлуулук принцибинин негизинде аныкталган тарыхый өнүгүүнүн этаптарына изилдөөнүнүн негизинде топтолгон тарыхый булактык маалыматтарды чечмелеп түшүндүрүүдө илимий объективдүүлүк сакталды. Тарых илими эң курч идеологиялык күрөштүн куралы болуп келгендигин жана болуп кала беретургандыгын эске албай коюуга болбойт. Айрым Кеңеш доорундагы тарыхнаамадагы изилдөөчүлөрдүн мамлекеттин саясатын аныктоодон келип чыккан, илимий көз караштарды тактоодо тарыхыйлуулук жана объективдүүлүк принциптери изилдөөнүн жүрүшүндө негизги ролду аткарды. Натыйжада, изилдөөгө алып жаткан Кадамжай аймагынын кеңеш жана кеңештик доордон кийинки учурдагы социалдык-экономикалык өнүгүү этаптарына тарыхый фактылардын негизинде мүнөздөмө берүүдө оң жана терс жактары объективдүүлүк принцибинин негизинде аныкталып, илимий баа берилди.

Тигил же бул тарыхый изилдөөлөрдүн проблемасы таанып–билүү процесстеринин татаалдыгы менен көп түрдүүлүгүнөн, айрым учурларда жалпылык мүнөзгө да ээ. Тарых илими салыштырмалуу башка коомдук-гуманитардык илимдерге караганда комплекстүү жана интегралдуу жалпылыкка ээ болот. Изилдөөгө алынып жаткан Кадамжай районун тарыхын изилдөөдө дагы жалпы коомдук илимдердин тутумындагы изилдөө методдору дагы кеңири колдонулду.

Диссертациялык иште тарыхый изилдөөлөрдө кеңири колдонуулучу конкреттүү–тарыхый, тарыхый–логикалык, тарыхый–салыштырма, статистикалык маалыматтарды талдоо сыяктуу бир катар методологиялык усулдар колдонулду.

Кадамжай районунун тарыхын, изилдөөдө өткөндү таанып–билүүдөгү ретроспективдик ыкманы колдонуу менен райондун аймагынын Кеңеш мезгилиндеги жана андан кийинки, учурундагы калыптануу, өнүгүү динамикасына анализ кылынды. Натыйжада, 1938-2024-жж. аймактын тарыхы, тарыхый булактардын негизинде комплекстүү каралып аймактын админстративдик түзүлүш катарында калыптануу тарыхы, экономикалык жактан өнүгүсүүнө шарт түзгөн өбөлгөлөр менен шарттарына көңүл бурулду. О.э. тарыхый булактардын негизинде ошол мезгилдин учур талабын объективдүү каралып андагы жалпылыктар изилдөө иштериндеги жетишкендиктер жана айрым бир мүчүлүштүктөрүн толуктап калыбына келтирүүгө көнүл бурулду.

**Тарыхый-салыштыруу** методу–башка тарыхый окуялар менен түздөн–түз салыштыруу, теорияны колдонуу же бүгүнкү күнгө шилтеме берүү аркылуу белгилүү бир убакыттан жана жерден тышкары түшүндүрмөлөрдү түзүү максатында тарыхый окуяларды иликтеген коомдук изилдөө методу. Коомдогу болуп өткөн тарыхый окуялардын  өз ара диалектикалык байланыштыгынан улам тектеш окуяларда максаты, мүнөзү жагынан тигил же бул маселеде кайсыл бир деңгээлде окшоштуктардын болушу толук ыктымал. Изилдөөнүн жүрүшүндө, тарыхый фактыларды салыштыруу методу аймактын өнүгүү тарыхындагы, өсүү динамикасынын, башка аймактардагы тектеш тарыхый процесстердеги окшоштуктар менен айырмачылыктарды аныктоодо колдонулду. Кыргызстандын түштүк аймактарындагы тарыхый окуялардын мезгилдик байланыштагы саясий, социалдык, экономикалык өнүгүүсүнө байланыштуу калктын отрукташуусу менен бирге бир катар айылдар менен шаар тибиндеги кыштактар калыптанган. Кадамжай районун аймагындагы белгилүү Кадамжай сурма комбинаты менен Айдаркен сымап комбинаттары Кыргызстандын өнөр–жайынын өнүгүүсүндөгү учурунда Союздук деңгээлдеги ишканалардан болгон. Аймактын тарыхый–экономикалык өнүгүүсүн изилдөөдө, **тарыхый–салыштырма** изилдөө методун колдонуу

Кыргызстандын түштүк аймагындагы башка райондор менен салыштыруу, анализи райондун өнүгүү динамикасын комплекстүү кароого мүмкүндүк берди.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кадамжай районунун тарыхына байланышкан архивдик булактар, статистикалык маалыматтар, тарыхый фактылар, логикалык ыкмалардын негизинде системалаштырылып, жыйынтыктар чыгарылды. Изилдөө ишинин алкагында аймактагы болуп өткөн окуялар жалпы тарыхый окуялардын ичиндеги системанын бөлүгү катары каралды, мында **тарыхый–системдүүлүк** методу колдонулду. Натыйжада, Кадамжай районунун тарыхы, Кыргызстандын административдик, экономикалык аймактык тарыхы катары өлкөнүн тарыхын толуктамакчы. Статистикалык маалыматтардын топтомун **системалаштыруу** методунун негизинде статистикалык маалыматтардын топтомуна илимий анализ жүргүзүлдү, аймактын экономикасынын өсүү динамикасы менен демографиялык, миграциялык абалынын тарыхы иликтенди.

Диссертациялык иликтөөгө алынган Кадамжай районундагы калктын өсүү динамикасы, демографиялык көрсөткүчтөрдү, жумушчулардын сандык жана сапаттык өнүгүүсүн шарттаган абалды статистикалык талдоо аркылуу дыкат иликтеп, калктын санынын өсүүсү менен бирге ички жана тышкы миграциялык процесстердеги сандык көрсөткүчтөрү аныкталды. Ар кандай статистикалык изилдөөлөрдө колдонулгандай биздин иште да маалыматты чогултуу, чогултулган маалыматты иштетүү, натыйжаларына талдоо жүргүзүлдү. Статистика изилдөө объектисине тиешелүү бардык олуттуу факторлорду камтыган каттоо боюнча статистикалык материалдар системалаштырылып, тарыхый изилдөө методдорунун негизинде илимий айлампага киргизилип, жыйынтыктар чыгарылды.

**Көрсөткүчтөрдү жалпылоо методу** статистиканын жардамы менен экономиканын, анын ичинде өнөр жайынын өнүгүшүн же төмөндөшүн, калктын социалдык абалын мүнөздөөгө мүмкүндүк берди. Жөнөкөй дыйкан, жумушчулардын сандык көрсөткүчүнө тийгизген өнүгүүнүн оң жана терс

тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого аракет кылынды. Алсак, дүйнөлүк деңгээлде белгилүү болгон өнөр-жай ишканаларындагы кризисттин келип чыгышы, анын таасиринде полиэтникалык жумушчулардын курамы кескин кыскарып, моноэтникалык курамга айланып, инженер-техниктердин да саны олуттуу кыскарышы менен бирге, калктын ички жана тышкы миграциясына тийгизген кесепеттери аныкталды.

Райондун аймагынын өнүгүү тарыхы белгилүү тарыхый инсандардын, уюуштуруучулук жөндөмдөрүнө дагы байланыштуу болот. Ошондуктан, изилдөө ишинде **биографиялык метод** дагы кеңири колдонулду. Биографиялык метод инсанга, анын жашаган чөйрөсүнө жана анын бүткүл өмүрүндө болуп жаткан ар кандай социалдык процесстерге багытталган талдоо. Аталган ыкманын натыйжасында, Кадамжай районунан чыккан белгилүү коомдук, мамлекеттик ишмер, Кыргыз АССРнын Борбордук Аткаруу комитетинин Президиумунун Председатели Абдыкадыр Орозбековдун мамлекеттин калыптанышына салымы чоң болгон. Биографиялык ыкманын негизинде мамлекеттик ишмерлер Абдыкадыр Орозбеков, Абсамат Масалиевдин тарыхый бейнелерине анализ жүргүзүлдү. Мамлекеттик жогорку сыйлык болгон "Социалисттик Эмгектин Баатыры" наамы райондо 4 адамга ыйгарылган. Бул сыйлыкты Орозбай Маканов, Сайдилла Тешеев, Кретинин Иван өнөр–жай тармагындагы ийгиликтери үчүн, ал эми айыл чарбадагы ийгилиги үчүн Миталипов Мейман татыктуу болгон [196]. Бул инсандардын басып өткөн эмгек жолунун тарыхына анализ кылынды. Анткени алардын эмгек таржымалы райондун калыптануу, өнүгүү тарыхы менен байланышта болгон. **Биографиялык баяндап жазуу ыкмасы** айрым окуяларды тарыхый далилдерден, адабияттардан жана архивдик булактардан сырткары жергиликтүү элдин эс-тутумунда калган фрагменттерди сурамжылоо аркылуу архивдик ж.б., маалыматтарды толуктоо иретинде пайдаланылды.

Изилдөө ишинде жалпы илимий методдордон болгон **системалуу жүрүш жана системалуу анализ** колдонулду. Аймактын өнүгүү тарыхына таасир

эткен ар бир мезгил белгилүү бир системада өткөн. Ошол системада өткөн тарыхый этапты системаларына карай этаптарга бөлүү менен анализ жүргүзүү изилдөөнүн максатына ылайыктуу. Ар бир системанын өзүнүн түзүлүшү, структурасы жана функциясы бар [86]. Ошол эле учурда социалдык, коомдук, саясий, экономикалык институттардын системасынын болушу мыйзам ченемдүү. Системалык ыкманын негизинде аймактын өнүгүү тарыхынын этаптарындагы райондун түзүлүш системасы менен о.э. тарыхый өнүгүүнүн этаптарындагы социалдык, коомдук, саясий жана экономикалык институттардын системасы боюнча анализ кылынды.

Диссертациялык иштин алкагында Кадамжай районунун 1938-2024-жж. тарыхын комплекстүү изилдөө жана тарыхый окуялардын мезгилдик ырааттуулугун сактоодо хронологиялык метод пайдаланылды. Аймактын коомдук, саясий, социалдык, экономикалык тарыхын иликтөө ишинде изилдөөнүн белгиленген хронологиялык алкагы сакталды.

Жыйынтыктап айтканда диссертациялык иште негизинен изилдөөнүн тарыхыйлуулук, объективдүүлүк принциптерин сактоо менен тарыхый–салыштыруу, эмпирикалык, статистикалык, системалаштыруу жана хронологиялык методдорун колдонуу менен изилдөөнүн максатына жете алдык. Темага байланыштуу булактарды, эмгектерди, талдоо аркылуу аймактын советтик жана постсоветтик мезгилдеги өнүгүү абалы боюнча объективдүү жыйынтык чыгарууга аракет жасалды.

## 2.2. Изилдөөнүн булактык базасы

Элдин тарыхы, райондордун тарыхы же экономиканын тарыхыбы, айтор, баары тарыхый булактардын негизинде жазылат. тарых маселелери менен алектенген изилдөөчүлөрдүн алдында эки проблема турат. Биринчиси колдо бар тарыхый булактардын маалыматтык мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу,

экинчиси–мурда белгилүү болбогон жаңы тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүү.

Өзүбүздүн изилдөөбүздө бизге чейин атайын изилдөө предмети болбогон Кадамжай районунун түптөлүү, калыптануу, өнүгүү тарыхына коюлган максатты ишке ашыруу үчүн изилдөө ишинде колдонулган булактарды формасы жана мазмуну боюнча бир нече топко бөлүп карадык.

**Булактардын биринчи тобун укуктук-ченемдик документтер түзөт.**

1938-жылдын 2-мартындагы Кыргыз ССРнин Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун токтому: Райондогу чарбаларды башкарууну жакшыртуу, чарба жүргүзүүнү оптималдаштыруу максатында Молотов районунан өз алдынча курамында Көтөрмө, Охна, Халмион, Бирлик жана Жаркутан айылдык кеңештеринен болгон өз алдынча Халмион районун түзүү, райондун борбору катары Пүлгөн айылы болсун деген чечим Президиумда кабыл алынган. Ошол күндөн баштап азыркы өз алдынча Кадамжай районунун тарыхы башталат [30]. Кыргыз Республикасынын борбордук мамлекеттик архивинин 22-фондунда сакталып турат. Бул материал бизге Кадамжай районунун качан жана кайсыл чечимдин негизинде түзүлгөндүгүн билүү үчүн баалуу.

Андан кийин да жаңы түзүлгөн Халмион районунун курамында өзгөрүүлөр болуп турган. 1940-жылы 19-октябрда таанымал аскер башчысы М. В. Фрунзенин элесин түбөлүккө калтырыш үчүн СССРдин Жогорку Кеңешинин Указы чыгып Халмион району Фрунзе району болуп, ошондой эле Кадамжай кенине да М. В. Фрунзенин аты берилген [28].

1942-жылы 13-февралда Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Президиуму Хайдаркан элдүү пунктун Хайдаркан жумушчулар шаарчасына айланткан [48]. Фрунзе районунун админстративдик территориялык чеги 1959-жылы Үч-Коргон району жоюлуп, Үч–Коргон районунун Т.Кулатов атындагы совхоздон башка чоң бөлүгү Фрунзе районуна кошулган. Бүгүнкү күнгө чейин ошол чек ара сакталган [82].

1992-жыл 6-мартта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомуна ылайк Фрунзе району Кадамжай району болуп өзгөртүлгөн. Районго өзүнүн тарыхый аты кайтарылган. Ошол эле токтомдун 2-пункутуна ылайык райондун борбору Фрунзе айылы өзүнүн тарыхый аты Пүлгөнгө ээ болду [1.6].

1999-жылдын 13-октябрда Кыргыз республикасынын Баткен областын түзүү жөнүндө мыйзам кабыл алган. Ошол мыйзамдын негизинде Ош областынын Кадамжай, Баткен, Лейлек райондору жана Кылыл-Кыя, Сүлүктү шаарлары Беткен областынын курамына кирген [63].

**Булактардын экинчи тобун архивдик материалдар түзөт.**

*КР Борбордук мамлекеттик архивинин (КР БМА) №391, 523,1246,20, 21, 1445, 2359, 350* жана *Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архивинин* (СД БМА) №7, 10, 14,56, 391.

*Ош областык мамлекеттик архивинин* (ОшМА) №1,2, Ош *областык саясий документтердин архивинин* (ОшСДА)№226.

*Баткен областтык мамлекеттик архиви (БОМА).*

Фонд.46 - Халмион райондук кеңеши (1938-1940-жж.)

Ф. 323 – Эл депутаттарынын Фрунзе райондук кеңеши (1940-1989-жж.)

Ф. 102- Мэрия Кадамжай ш. (1950-2010-жж.) фонддорунан илимий изилдөөгө тиешелүү ар кандай материалдар пайдаланылды жана бул материалдар илимий изилдөөдө баа жеткис булак болуп эсептелди.

Кеңеш доорунда Компартия өлкөнүн бардык тармактарына тикеден–тике жетекчилик кылып тургандыктан, бир да маселе анын көз жаздымынан четте калган эмес. Ошондуктан, Кадамжай районунун саясий, социалдык-экономикалык, маданий, чарбалык ж.б. иштеринин дээрлик баары жогорудагы мамлекеттик архивдерде жакшы сакталган. Улуу Ата Мекендик согушка шаардын кошкон салымы: аскерге жөнөтүү, аскерге кеткен шахтерлордун ордун толуктоо, фронтко финансылык, материалдык жардамдарды уюштуруу, фронттогу жоокерлер менен шахтерлорду байланыштырып туруу сыяктуу материалдар жетиштүү.

**Булактардын *үчүнчү тобун* статистикалык маалыматтар түзөт.**

Биз Кадамжай районунун Кеңеш доорундагы өнүгүүсүн ачып берүүдө «Ошская область в цифрах и фактах» деген статистикалык жыйнактын бир топ баалуу материалдарды алдык. Ушул эле жыйнакта социалдык сектор боюнча да баалуу маалыматтар бар. Бул жыйнак биз карап жаткан маселени чечүүдө, райондун 1940-жылдан 1976-жылга чейинки өнүгүүсүнүн динамикасын көрсөтөт [189].

КР Улуттук статистика комитетинин жыйнактарында Кыргызстандын аймактары боюнча маалыматтар: калкы, өнөр жайы, айыл чарбасы, социалдык мекемелери ж.б. боюнча маалыматтар арбын кездешет. Аталган жыйнакта өлкөнүн өнүгүү багыттарынын бардык тармактары, социалдык секторлор пайыздык, катыштык жана үлүштүк тартипте анализденген. Мында жалпы калктын жашоо деңгээли, турмуш–тиричилиги, киреше булактары, миграция, жакырчылык ж.б. маалыматтар толугу менен камтылган.

**Булактардын *төртүнчү тобун* массалык маалымат каражаттары түзөт**.

Кадамжай району өлкөдөгү өнөр жайлуу райондордун бири болгондуктан, массалык маалымат каражаттарынын көңүл чордонунда болуп келген. СССРдин түстүү металлдар министри П.Ф. Ломака «Советская Киргизия» газетасынын 1972-жыл 12-декабрындагы санында «На крутом подъеме» деген макала жарыялаган. Ал Кыргызстандагы түстүү металлургиядагы жетишкендиктерине арналган жана Кыргызстандын түстүү металлынын СССРдеги ордун, маани маңызын күбөлөйт. Бул жерде биз үчүн маанилүү дүйнөлүк эталлонго айланган кыргыз сурмасы жана Айдаркендин сымабы жөнүндө маанилүү маалыматтар бар. Биздин илимий ишибизди ишке ашыруу үчүн, бир жактан тарыхнаамалык өзгөчө булактык база катары И. Герасимовдун «Мастера серебристых плавок» [67] деген эмгеги өзгөчө орунду ээлейт. Бул эмгектин баалуулугу; И. Герасимовдун Кадамжай сурма комбинатында иштегендиги; сурма кенинин маселелерин, өндүрүш процессин,

кендин запасын, ал жерде иштеген жетекчилерди, маталлистерди тааныгандыгы Кадамжай сурма комбинаты жөнүндөгү так маалыматтарды, фактыларды  тарыхый чындыкты чагылдырып турары.

Биздин изилдөөбүз үчүн көтөрүлгөн маселелерди ачып берүүдө мындан башка Н. Володиндин «Серебристый металл Кадамжая» [65]  деген эмгегида тарыхый булактардын ичинен өзгөчө баалуу жана маанилүү тарыхый булак катары кызмат кылды. Н. Володин эмгегинин башында эки нерсени белгилеп кетет; биринчиден, Кадамжай сурма комбинатынын тааныткан эмгекчилеринин портиретин ачып бергендиги, экинчиден, эмгектин так жана туура тарыхый булактардын жана биографиялык маалыматтардын негизинде жазылгандыгы. Биз үчүн бул китептеги фактылар  алдыга койгон максаттарыбызга жетүүгө чоң роль ойноду,  Кыргызстанды дүйнөгө тааныткан Кадамжай сурма комбинатыны Улуу Ата Мекендик согушта, Кеңеш доорундагы өнүгүүсүн окуп үйрөнө алдык; Кадамжай сурма комбинатында иштеген эмгектин алдынкыларынын сүрөттөрүн, алар жөнүндөгү маалыматтарды алдык.

Өлкөнү 25 жылга жакын жетектеген Турдакун Усубалиевич Усубалиевдин  «Эпоха. Созидания. Судьбы» [126]  деген эмгегин да тарыхнаамалык  булак катары пайдаландык. Автор Кыргызстанда сурма, сымапты өндүрүү боюнча токтолуп Кыргыз Республикасы СССРдеги өндүрүштүн-сымаптын 70% өндүрөрүн, ал эми геологдордун маалыматтарына таянып, дүйнөлүк запастын 1/5 бөлүгү Кыргызстанда экенин айткан. 53 жылда Айдаркендеги комбинат өлкөгө 29,8 миң т сымап бергендигин, ошондой эле сымапты  экспорттоодон өлкөгө көптөгөн волюталык киреше түшкөндүгүн белгилейт. Турдакун Усубалиевич дагы: 1941-жылдан 1992-жылга чейин  же 51 жылда комбинат өлкөгө 238миң тонна сурма бергенин, Кыргыздын сурмасы дүйнөлүк эталон болгон, 40 ашык өлкөгө экспорттолуп турганын жана да 1970-1980-жылдары сурманын бир тоннасы 2800 АКШ доллары менен бааланып, СССРдин экспорттук потенциалына орчундуу салым кошкондугун

маалымдайт. Бул эмгектин өзгөчөлүгү; биз карап жаткан маселени чечүүдө так туура маалыматтарды бергендигинде.

А. М. Ташбаев, Д. А. Осмоналиева, Г. В. Бакирова «Пробеммы экономики и менеджмента» журналына «Эффективное использование земленых ресурсов и развитие аграрного сектора Баткенской области » [124] деген көлөмдүү макала жарыялашкан. Бул макалада Баткен областы кандай эгиндерди, жашылчаларды өстүрө тургандыгын жана канча көлөмдө жеткире алагандыгын көрсөткөн.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе, Кадамжай районунда кайрак жерлерди өздөштүрүү маселеси жакшы жолго коюлуп, алгылыктуу иштер жасалууда. Мисалы: Кара–Кыштак–Боз каналы, БСР(бассейн, сезонного регулирования) ошондой эле Кадамжай районундагы Молдо Нияз каналы курулуп 300 гектар толук суулуу жерге айланды. Бул өздөштүрүлүп жаткан жерлер райондун экономикасын гана көтөрбөстөн элдин жашоо тиричилигин да жакшыртып, жаштар миграциясын токтотот.

Ы. Ташполотов. Э. Садыков Успехи современного естествознания илимий журналына «Перспективы развитие Хайдаркансго ртутьного комбината» деген макала жарыялашкан. Бул макалада Айдаркен шаарчасында жашаган калк 10957 киши экендигин, статистикалык маалыматтар боюнча 1990-жылы комбинатта 3500дөн ашык жумушчу иштегенин, 1996-жылы 1300, ошондой эле 1996-жылы Кыргызстандын өнөр жайынын белин сындырган PESAC программасынын тизмесине кирген. Макаладагы маалыматка ылайык дүйнөдө азыркы мезгилде 3049тонна сымап өндүрүлөт; Испания 1497, Кытай 550 тонна, Алжир 290 тонна, Мексика 280 тонна, Кыргызстан 270 тонна өндүрөт [106].

Райондун бардык тармактарындагы олуттуу өзгөрүүлөр, жетишкендиктер менен кошо айрым кемчиликтер гезит–журналдарда кеңири чагылдырылып турган. Илимпоздордун Кадамжай сурма, Айдаркен сымап өндүрүү, шаар куруу, өнөр жай, кызмат көрсөтүү, соода-сатык, социалдык сектор жөнүндө жүргүзгөн изилдөөлөрү, эмгек алдынкыларына, жаңы ачылган объектилерге

эле райондун маданий жашоо-тиричилигине арналган макалалар, район башчыларынын, партиялык органдарынын иш пландары, отчеттору, эскерүүлөрү жана сурамжылоолор аркылуу жыйналган материалдар массалык маалымат каражатарына жарыяланган. Бул багытта жарыкка чыккан материалдар кеңири пайдаланылды.

**Булактардын бешинчи тобун сурамжылоо маалыматтары түзөт.**

Кээ бир материалдардын жоктугуна байланыштуу Кадамжай районунда жашаган, иштеген райондун тургундарынан сурамжылоо уюштурдук. Кадамжай районунун тарыхына күбө болгон, ошол жерде жашап иштеген район тургундарынан тигил же бул заводдун, саламаттыкты сактоо, билим берүү, маданият үйлөрүнүн курулушуна катышкан же ошол жерде иштегендерден качан курулганын, кимдер иштегендигин, кимдер жетектегендигин, эмне продукция чыгаргандыгын жана башка көптөгөн бизди кызыктырган суроолорго жооп издедик, көпчүлүк суроолорго жооп алдык. Бирок биз топтогон материалдар, маалыматтардын чындыкка жакын болушу үчүн ал маалыматтарды расмий жарык көргөн, архивдик, статистикалык материалдар менен салыштырып, ошол эле мезгилде, бир информатордун маалыматын, экинчи, үчүнчү информатордун маалыматтарына салыштырып, тарых илиминде кеңири пайдаланылган **салыштыруу методун** кеңири практикаладык.

Биздин оюбузча, талаа материалдары келечекте Кадамжай районунун тарыхын, экономикасын, социалдык сектордун, маданиятын, инфраструктурасын изилдегендерге тарыхый булак катары кызмат кылат.

Бул материалдар Кадамжай районунун Кеңеш доорундагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхын (1938-2024-жж.) изилдөөгө, анализдөөгө, салыштырууга, жыйынтыктоого, талдоого жана өлкөнүн энергетикалык жана коопсуздук чараларын чыңдоого, шаардын перспективалык өнүгүүсү боюнча мамлекеттик уюмдардын милдеттерин аныктоого мыкты өбөлгө боло алды.

# III бап. КАДАМЖАЙ РАЙОНУ КЕҢЕШ ДООРУНДА (1938-1991-жж)

## 3.1. Кадамжай районунун түзүлүшү жана административдик– аймактык бөлүнүшү

«Район» деген түшүнүк география илиминде кеңири колдонулат, ал француз тилинен ( *Rayon*) сөзмө–сөз которгондо «шоола, радиус» дегенди билдирет. СССРде 100 миңден ашык калкы бар шаарларда түзүлүүчү административдик-аймактык бирдик, географиялык, экономикалык, өнөр жай аймагы, айыл чарба, бир нерсе менен аныкталган калктуу аймактын бир бөлүгү район деп аталган. Ал эми Райондоштуруу бул аймакты ички бир тектүү, бирок ар түрдүү компоненттерге–аймактарга бөлүү. Зоналарга бөлүү бул жерди аймактарга бөлүү же ар кандай чөйрөдө аймактарды аныктоо же чектөө процесси жана натыйжасы. Райондоштуруунун алдында ар дайым конкреттүү максат турат-бул административдик–аймактык бөлүнүүнүн прикладдык маселелерин чечүүгө, башкарууга, директивалык же индикативдик пландоодо экономикага таасир этүүгө жана региондук саясатты ишке ашырууга багытталат[99].

Райондоштуруу– бул иштеп жаткан аймактык бирдиктерди алардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен дифференциялоонун ыкмасы, мисалы, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сортторун, бааларды жана салыктарды, эмгек акыларды ж.б. дифференциялоо. Райондоштуруу жеке жана жалпы болуп бөлүнөт. Жалгыз болгондо, бир алдыңкы белги колдонулат: табигый чөйрөнүн компоненти же иш–аракеттин түрү (чарбанын тармагы). Жалпы райондоштурууда мүнөздөмөлөрдүн айкалышы табигый же социалдык мүнөздөмөлөрдүн мүнөздүү айкалышынын негизинде татаал же интегралдык аймактарды айырмалоого мүмкүндүк берет. Жыйынтыгында, зоналык мейкиндиктин өзгөчөлүктөрүн жана аймактык түзүлүштөгү геосистемаларды мүнөздөп чагылдырган райондордун тармагы түзөт. Мында бирдей жана ар

кандай деңгээлдеги аймактар алдын ала аныкталган типологиялык жана классификациялык мүнөздөмөлөргө жооп бериши керек.

Райондоштурууда төмөнкү принциптер колдонулат:

- бир тектүү райондоштуруу, бул– бирдей аймактарды издөө жана тандоо. Бир катар мүнөздөмөлөрү боюнча окшош аймактарды бириктирүү синтетикалык аймактарды аныктоого мүмкүндүк берет. Бир тектүү райондоштуруу бир тамгалуу жана көп тамгалуу болуп бөлүнөт.

- Аймактарды алардын ичиндеги экономикалык байланыштардын интенсивдүүлүгүнө жараша бөлүштүрүүнү камтыган түйүндүү райондоштуруу. Түйүндүк зоналаштыруу шаарлардын, транспорт түйүндөрүнүн, ишканалардын таасир чөйрөсүн ачып берет. Райондун чек аралары таасир этүүчү көрсөткүчтөр төмөнкү мааниге ээ болгон жерде сызылат.

Региондорду айырмалоочу түшүнүктөрдү камтуусунун кеңдиги жана райондоштуруу максаты боюнча ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: борбордук экономикалык райондор, ар бир аймактын уникалдуу географиялык орду бар. Биз изилдеп жаткан Кадамжай райондун түзүлүү тарыхын историзм принцибине таянуу менен иликтөөгө алдык.

Өлкөдө улуттук аймактарга бөлүштүрүүдө: чек араны улуттук белгилерге карай аныктоо принциби; мында жерлерди пайдаланууга карата бөлүштүрүү; экономикалык бүтүндүүлүк принциптери каралган [92]. СССРдеги административдик аймактарга бөлүштүрүүдө, мампландын иштеп чыккан долбоорундагы эң негизги принциптердин бири аймакты экономикалык жактан пландаштырууга ыңгайлуулугу болгон жана төмөнкү факторлор эске алынган: табыгый–тарыхый ресурстардын болушу (естественно–исторических ресурсов), калктын жыштыгы жана бөлүнүшү, өнөр жай жана техникалык баалуулуктарынын , транспорттук шарт жана чарбачылыктын борборунун болушу [99]. Жогорудагы критерийлерге негизделип биз карап жаткан район 1938-жылдын 2-мартындагы Кыргыз ССРнин Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун токтому менен райондогу чарбаларды башкарууну

жакшыртуу, чарба жүргүзүүнү оптималдаштыруу максатында Молотов районунан өз алдынча курамына Көтөрмө, Охна, Халмион, Бирлик кеңештеринен турган өз алдынча Халмион районун түзүү, райондун борбору катары Пүлгөн айылы болсун деген чечим кабыл алынган. Ошол күндөн баштап азыркы өз алдынча Кадамжай районунун тарыхы башталат. Райондун курамындагы айылдык советтердин да административдик имараттары совхоз, колхоздордун административдик башкармалыктары чарба жүргүзүүнү, өлкөнүн пландарын аткарууда аздыр–көптүр орду бар. 1938-жылы Көтөрмө айылдык кеңеши Кызыл-Булак айылы, Кадамжай айылдык кеңеши, Халмион, Бирлик айылдык кеңештери түзүлгөн [32]. Андан кийин да жаңы түзүлгөн Халмион районунун курамында өзгөрүүлөр болуп турган. 1939-жылы 18-сентябрында Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин Президиуму Бирлик кеңешин экиге бөлүп, курамында Ак–Турпак, Өтүкчү, Сарыкамыш, Кескей, Чоң–Кара айылдык пункттардан өз алдынча Ак-Турпак кеңешин түзгөн [18]. 1939-ж Ош областынын Фрунзе районундагы Айдаркен поселкалык кеңеши жана анын аткаруу комитети уюштурулуп жаңы конуштар пайда болду [32].

Райондун аймагында өнөр жай ишканаларынын курулушу Айдаркен, Чаувай, Пүлгөн, Сур кыштактарынын сымап, сурма комбинаттарынын курулушунун аркасында чоң калктуу пункттарга айланышына себепчи болгон. 1939-жылы эл каттоо боюнча Кадамжайда 1822 киши жашагандыгы жөнүндө маалыматтар, шаар болуп түзүлүшүнө сурма комбинаты түзүүчү фактор экендиги белгиленет [96].

**Райондун чек арасы.** Кыргыз ССРинин мезгилинде Кадамжай району менен Өзбек ССРинин Алты–Арык жана Фергана райондорунун колхоздорунун ортосундагы жер территориялык чыр–чатактары катталып, бир топ жылдардан бери уланып келаткан, аталган райондордун жетекчилери тарабынан маселени оң тарапка чечүү аракеттеринен майнап чыкпагандыгына тарыхый булактар күбө [28]. Комиссия тарабынан түзүлгөн материалдын так эместиги, талаш–тартыштыгы маселени бир жактуу чечүүгө тоскоолдук болгон. Картографиялык

материал жоктугунан эски республикалык чек араны калыбына келтирүү татаалдашкан. Ал эми жерди иш жүзүндө пайдалануу жер чектери өз ара бири-бирине кирип кеткендиктен (бул нерселер да түп–тамырынан өзгөртүүнү талап кылат) Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлары жана Жогорку Кеңеши Кыргыз ССРинин Кадамжай району менен Өзбек ССРинин Алты-Арык жана Кадамжай райондорунун ортосунун республикалык чек арасы бир топ аралыкка чейин алмашып калгандыгын жана аралаш суу пайдаланууну эске алуу менен табигый, географиялык белгилерине карап аныктоо боюнча СССР Жогорку Кеңешинен териштирүү жагы суралган. Кадамжай району менен Алты–Арык райондорунун ортосунда республикалык чек араны аныктоо маселени ошол кездеги жетекчилер аягына чыгара албай бүгүнкү күнгө чейин чырга айланды.

Бүгүнкү күнгө чейин эки мамлекеттин чек арасы табигый, географиялык белгилери боюнча бөлүнбөй чек ара такталбай келет. Мунун натыйжасында аталган райондордун колхоздорунун ортосунда жыл сайын айрым жер участкаларын, бүтүндөй жер массивдерин пайдалануу укугу боюнча чатактары болуп келген. Мунун өзү, албетте, алардын нормалдуу чарба жүргүзүү ишмердүүлүгүнө жолтоо болгон. Аталган райондордун жетекчилери тарабынан болуп жаткан жер чатагын өз жеринде жогорку уюмдарды аралаштырбай эле бир нече жолу жасалган аракеттеринен улам Кадамжай районунун Калинин атындагы МТС, Жошук ж.б. колхоздорунун ортосундагы мамилелер натыйжа берген эмес. Азыркы учурда республикабыз пайдаланып келген чек арага жакын жерлер коңшу республиканын аймагына кирип калган. Айта кетчү нерсе, эки республиканын тең колхоздорунун иш жүзүндө пайдаланып жүргөн жерлерин бөлүштүрүүдө да бир катар олуттуу кемчиликтерге жол берилген. Алты–Арык районундагы Вуадыл айылдык өкмөтүнүн «Бирлик» колхозунун бир бригадасы биздин райондун аймагында райборбордон 10км аралыкта турган[28]. Айрым элдүү пункттар (Шахимардан, Иордан) кыргыз айылдарынын ортосунда жайгашып, административдик баш ийүү боюнча Өзбек ССРине карайт. Ал эми Өзбек кыштактарынын ортосунда жайгашкан

Катпут кыштагы Кыргыз ССРине баш ийет. Кийинчерээк бул айыл Өзбек ССРинин курамына кирген. Ал эми Шахимардан, Иордан айылдары биздин мамлекеттин ортосунда анклав бойдон сакталып келет. Келтирилген фактылар республикалар аралык жерлердин бири-бирине тилкеленип, алмашып кирип калгандыгы аралаш суу пайдаланууну ошондой эле МТСтин машина паркын жана колхоздорду административдик чарбалык тейлөөнү жакшыртуучу территориялык (аймактык) шарттарды түзүүнү эске алып, республикалык чек араны жаңыдан аныктоо зарылдыгын көрсөтүп турат. Ушул маселеге ылайык жана жер чатактарын толук четтетүү максатында Кадамжай (мурдагы Халмион) райондун аткаруу комитети республикалык чек араны төмөндөгүдөй аныктоо максатка ылайыктуу деп эсептелген:

а) Калинин атындагы колхозун Өзбек ССРинин колхозунун жер пайдалануу чектеринде жайгашкан катары Өзбекстанга өткөрүп берүү,

б) Өзбек ССРинин Вуадил, Каптархана административдик аймагынын карамагына Калинин атындагы колхозду өткөрүп берүү менен республикалык чек араны Кызыл–Таш тоо кыркасы аркылуу аныктоо зарылдыгы келип чыккан.

Мисалга алсак, 1) Калинин атындагы колхоз Өзбекстандын колхоздоруна караштуу жерлердин ортосунда турат жана райондук борбордон 45-50 км аралыкта жайгашкан. Бул болсо аны район тараптан да, МТС тарабынан да административдик чарбалык жактан тейлөөнү татаалдаткан.

2) Өзбекстандын 4 айылдык кеңешинин Кыргызстандын карамагына өткөрүп берүү менен аралаш суу пайдалануу маселеси чечилмек. Аталган айылдык советтердин аймагы Шахимардан дарыясынын сугат системасынын төмөнкү бөлүгүндө жайгашкан. Аларды Кыргыз ССРинин курамына киргизүү менен суу чарба жагынан тейлөө жана суу пайдалануу укугу жакшырмак. Өзбекстандын колхоздору Кыргыз ССРинин чектериндеги жайлоолордон пайдаланып келишкен. Өзбекстандын чек арасын Кызыл–Таш тоо кыркасы жана андан ары туурасы 5 кмден ашыгыраак чөлдүү аймак менен бөлгөндө,

административдик чарбалык тейлөө радиусу бир топ эле кыскарат. Вуадыл райондун борбору Ферганага чейин 25км, ал эми Алты-Арыкка чейин 38км аралыкта жайгашкан. Жогорудагы талаш жерлер Кыргыз ССРинин карамагына өткөрүлүп берилсе, тейлөө радиусу 15кмге чейин кыскармак. Айтылгандардан сырткары Өзбекстандын жогоруда көрсөтүлгөн айылдык кеңештеринин Кыргызстандын карамагына өткөрүлүп берилишиндеги оң факты болуп, республикалар ортосундагы жер–суу чатактарынын биротоло чечилишине алып келет. Себеби республикалык чек ара Кызыл–Таш тоо кыркасы аркылуу өтөт да, анын этектери жана түндүгүндөгү өрөөн айыл–чарба жумуштары үчүн жараксыз деп эсептелген. Ошондой эле бөлүштүрүү бир гана башкаруу системасы боюнча жүргүзүлөт. Муну менен Өзбекстандын колхоз талааларына кеткен суунун пайдасыз агымы олуттуу кыскарат.

Мунун өзү көрсөтүлгөн кыштактар менен чектеш колхоздорду административдик чарбалык жактан тейлөөдө ыңгайсыздыкты жаратат. Мындай абалга чыдоого болбойт, ошондуктан Шахимардан, Иордан айылдары Кыргыз ССРинин административдик баш ийүүсүнө өткөрүлүүгө тийиш эле. Кадамжай районунун Сох капчыгайы тараптагы батыш чек арасын жаңыдан административдик чарбалык тейлөө бир республикага баш ийүүсү керек. Ошондой эле республикалар аралык жер тилкелеринин алмашып кирип кетүүсү түп тамырынан бери жоюлушу зарыл. Бул болсо көрсөтүлгөн чөлкөмдө маданий, чарбалык жана административдик тейлөөнү олуттуу даражада жогорулатат. Айтылганга ылайык Халмион (Кадамжай) райондук аткаруу комитети эске алуу менен республикалык чек араны жогоруда баяндалган фактыларды аныктоо тууралуу маселе чечилген эмес. Акыркы мезгилдерде кыргыз элитасынын көрүнүктүү өкүлдөрү эл арасында Шахимардан анклавынын түзүлүп калуусуна А.Орозбековду күнөөлүү деп далилсиз сөздөрүн айтышууда. Тарыхый булактарга ылайык А. Орозбековдун жетекчилигинде 1927-жылы 15-мартта Шахимардан жөнүндө токтом кабыл алган. Анда: «Шахимардан жана Иордан айылдары Кыргыз АССРинин

курамына, сөзсүз, кирүүсү керек. Өзбекстанга караштуу Шахмардан айылдык кеңешинде тез арада жоюлуп, Ош кантонунун курамындагы Шахимардан айылдык кеңеши болуп түзүлсүн. Ош кантондук аткаруу комитетине Шахимардан айылдык кеңешин уюштуруу жана каттоо сунуш кылынсын. Райондоштуруу боюнча Орто Азия комиссиясынын Өзбек өкмөтү ага караштуу Шахимардан айылдык кеңеши жоюунун мөөнөтүн белгилөө суралсын. Өзбек өкмөтү Шахимардан кеңешин жоюу маселесин кечиктирсе СССР БАКка чейин жеткирилсин» [36] деп жазылат. Бул токтом ошол эле 1927-жылдын май айында СССР Жогорку Кеңешинде каралып, Өзбек тараптын протестинин натыйжасында жер талаш маселесине 3 жылга мароторий жарыяланган.

Халмион районунун чек арасы 1940-жылдын 2-августунда Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинде Президиуму, Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек арага, кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесин карап, Кыргызстандын Халмион районунун Өзбекстанга жакын жерлерин, ал эми Кыргызстанга жакын жерлерин чарба жүргүзүүгө суу менен камсыз кылуу максатында өткөрүп берилген. Эскерте кетчү нерсе, Кыргызстан менен Өзбекстан, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда биротоло чечилген эмес. Маселе бүгүнкү күнгө чейин талаш-тартыштарды жаратып келе жатат. Бул материал бизге чек ара маселелерин эки тараптын аракеттерине карабай чечилбей келгендигинен кабар берет [36].

1940-жылы 19-октябрда таанымал аскер башчысы М. В. Фрунзенин элесин түбөлүккө калтырыш үчүн СССРдин Жогорку Кеңешинин Указы чыгып Халмион району Фрунзе району болуп, ошондой эле Кадамжай кенине да М. В. Фрунзенин аты берилген [28].

Биз карап жаткан район илимий түшүнүк менен айтканда экономикалык район бул аймактардын өндүрүштүк комплексине негизделген, тармактардын белгилүү бир айкалышы, алардын ортосундагы ар түрдүү байланыштар, жалпы экономикалык–географиялык абалы жана тарыхый өткөнү менен мүнөздөлгөн,

өлкөнүн улуттук адистешүүсүн камсыз кылган өлкөнүн экономикалык жактан ажырагыс бөлүгүн билдирет.

**Райондун курамында** түзүлгөн айылдык кеңештер калктын саны боюнча бири-бирине пропорционалдуу, район үчүн “экономикалык аймактар” деп атасак болот. Кичи аймактык бирдиктерди түзүүдөгү өзгөчөлүктөр (алар башында же жасалма жол) менен түзүлгөн:

а) толук өнөр жайга ыкталган;

б) өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшү менен байланышкан калктын жайгашуу зонасы;

в) өндүрүшкө керектүү адамдардын саны (эмгек ресурстары);

г) табигый өзгөчөлүктөрдүн белгилүү айкалышы (б.а, өндүрүштү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон жергиликтүү сырье комплексинин болушу);

д) транспорттук аймактар; бул аймакты башкалар менен бирдиктүү өндүрүш чынжырларына бириктирүү.

Берилген “мүмкүнчүлүктүн” негизинде аныкталган аймак болушу бардык б.а, ушул беш компонент жана алардын өндүрүш процесстеринин үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу үчүн жетиштүүлүгү "экономикалык жактан толук" деп аталган. Мындай бир нече «экономикалык аймактардын» ортосундагы алмашуу «максатка ылайык» багытталган продукциянын жана жарым фабрикаттардын, жүктөрдүн агымынын катуу белгиленген көлөмү менен чектелиши керек эле. Бирдиктүү улуттук өндүрүштү бөлүштүрүү системасынын көз карашынан алганда, керексиз жүктүн бирдигин ташуу үчүн эң аз чыгым менен ташуулардын толуктугун камсыз кылуу үчүн жоюлушу керек болчу. Райондун мындай муктаждыктары башка региондор менен тышкы өндүрүштүк байланыштар, б.а., көз карандылык өндүрүш чынжырынын фрагментинин иштеши каралган.

Ошондой эле улам «агломерация», башкача айтканда, өндүрүш процесстеринде жана отурукташууда кыска байланыштардын үлүшүн көбөйтүү чарба жүргүзүүсү алсыз конуштарда жүргүзүлгөн. Бул калктуу пункттар жаңы

чарбалык жана ошол эле мезгилде борборлор административдик–территориялык райондор эсептелет. Алар толугу менен расмий «социалисттик шаарлар» деп аталып, өкүлдөрү болгон шаар түзүүчү өнөр жай ишканасы (же анын комплекси) жана анда иштеген адамдарды жайгаштыруу үчүн поселка болуп саналат. Социалисттик шаарлар жасалма урбанизациянын өзөгү катары максаттуу түрдө түзүлгөн.

Район, айылдык кеңештер азык-түлүк менен камсыз кылган чектеш айыл чарба зоналары менен бирге өлкөнүн жаңы көмөкчү калктуу конуштарынын негизги элементтерин түзүшкөн [51]. Натыйжада, индустриялаштыруу мезгилиндеги райондук типологияда калктуу пункттардын эки гана негизги категориясы болгон:

а) шаардык поселоктор

б) айылдык калктуу конуштар, ошондой эле кошумча (атайын) калктуу конуштардын үч түрү, жумушчулар, курорттук жана эс алуу посёлоктору.

Социалисттик шаарлар–ереже катары, адам жашабаган жерлерде курулган жаңы курулуштар; административдик–территориялык жетекчиликтин борборлорунун, жаңы мейкиндик–коммуникацияны түзүүнүн очокторунун ролун аткарышкан. Алар жер–жерлерде эмгек ресурстарын сактап калууга арналган тоо–кен казып алуу, жаратылыш ресурстарын кайра иштетүү жана аскердик-граждандык буюмдарды өндүрүүнү ишке ашырышкан. Алардын калкы биринчи кезекте коллективдештирүү менен башталган миграциянын, ошондой эле иштеп жаткан район, айылдык советтерде “ашыкча” (б.а., жумушсуз) калкты сүрүп чыгаруунун мыйзамдык жактан демилгеленген процесстерининин натыйжасында түзүлгөн[127].

Социалисттик шаарлар өздөрүнө тапшырылган фрагменттин аткарылышын камсыз кылышты продукцияны өндүрүүнүн жана бөлүштүрүүнүн улуттук процесси, ошондой эле калктын күндөлүк турмуш–тиричилигин камсыз кылуу, бирдиктүү «көп факторлуу» мейкиндикти түзүүгө мүмкүндүк берет: экономикалык жана технологиялык, социалдык–маданий,

илимий-өндүрүштүк, уюштуруучулук–саясий ж.б [127]. Кеңеш өкмөтүнүн өнөр–жай саясаты жана аны менен ажырагыс байланышкан отурукташтыруу саясаты ар түрдүүчө ишке ашырылган. Өлкөнүн аймагынын фрагменттери:

а) калыптанып жаткан өнөр жайлуу райондор «жаңы шаар калкын» (мигрант–дыйкандарды) беш жылдык пландагы курулуш объекттерине кайра бөлүштүрүүдө базалык аймактар катары пайдаланылган;

б) өлкөнүн бош орто жана түндүк аймактары экономикага киргизилген бул жерде тоо–кен жана кайра иштетүү ишканаларын куруунун эсебинен товар жүгүртүү;

в) өлкөнүн алыскы жана сейрек калктуу аймактарын –жаңы эмгек ресурстары менен толтуруу үчүн жаңы өнөр жай имараттары менен толукталган [71].

Натыйжада, үч типтеги жаңы административдик–аймактык бирдиктер түзүлгөн, топтоштурулган борборлору бар жалпы чачыранды (тартипсиз) калктуу конуштун түзүмү түзүлдү.

**Кеңештик поселоктук жана шаар куруу саясаты.**

Жаңы аскердик – өнөр жай комплекстерин жайгаштыруу стратегиясы жана кеңештик шаар куруу саясаты ажырагыс байланышта болгон, анткени аскердик өнөр жай комплексин (индустриялаштыруу) тездетип түзүү планын иш жүзүнө ашыруу жаңы фабрикаларды жана заводдорду, электр станцияларын жана транспорт түйүндөрүн курууну гана эмес, жерлерге отурукташтыруу, андан кийин эмгек ресурстарынын пайдалануу жана турак–жай маселесин да камтыган.

Жаңы социалисттик шаарларды куруунун участоктору эсепке алынбастан аныкталды, аларды жашоого ылайыктуулугу–аймактын табигый шарттары, климаты, маданий–ландшафттык өзгөчөлүктөрү ж.б. жасалма, ал эми кээде жөн эле ыктыярдуу түрдө пландаштырылган, толук көз карандылыкка коюлган. Административдик-аймактык негизде турган өнөр жайлык райондоштуруудан тартып аймактар үчүн “экономиканы өнүктүрүүнүн жалпы пландары” ишке

ашырылган. Натыйжада, 1942-жылы 13-февралда Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңеши Президиуму Хайдаркан элдүү пунктун Айдаркен жумушчулар шаарчасына айлантkан [48].

Фрунзе районунун админстративдик–аймактык чеги 1959-жылы Үч-Коргон району жоюлуп, анын Т. Кулатов атындагы совхоздон башка чоң бөлүгү Фрунзе районуна кошулган. Бүгүнкү күнгө чейин ошол чек ара сакталган [83]. Айдаркен шаарчасында 1989-жылга карата 11500 адамды түзүп, анын ичинен 3500 адам иштесе, өлкөбүз эгемендүүлүк алгандан бери комбинатта иштегендердин саны 1500 адамга чейин кыскарган [96] Райондун социалдык–экономикалык абалы жакшырган сайын калктын демографиялык көрсөткүчүнө таасир этет. 1975-жылы райондо 101095 калк 1990-жылда 128283 калк жашаган [67].

Ошентип, Кадамжай районунда көп улуттуу калкынын динамикалык көрсөткүчү өсүп, айыл, шаарчалар түптөлүп, турак жай, комуналдык тейлөө толук камсыз болгон. Кадамжай алгач айыл, андан район катары калыптанса түстүү кен байлыктардын запасынын молдугунан өнөр жай өндүрүшү үчүн приоритет кеңири болгондуктан, кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында түздөн-түз борбордук бийликке баш ийген админстративдик районго айланган. Ошондуктан, бул мезгилди райондун гүлдөгөн доору деп атоого болот.

## 3.2. Райондун экономикасынын өнүгүүсү

Райондун айыл чарбасы–материалдык өндүрүштүн негизги тармактарынын бири. Айыл чарба багытындагы колхоздордун түзүлүшү калкты азык-түлүк, ошондой эле өнөр жайды тамак–аш продукциялары менен камсыз кылат. Айыл чарбасы өз ара тыгыз байланыштуу эки ири тармакка – дыйканчылык (талаачылык, жашылчачылык, багбанчылык ж. б.) жана мал чарбасына (кой чарбасы, уй чарбасы, жылкы чарбасы, чочко чарбасы, үй

канаттуулар чарбасы ж. б.) бөлүнөт [58]. Бул эки тармакты айкалыштыра өнүктүрүү адам ресурстарын туура пайдаланууну камсыз кылат.

Райондун айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жаратылыш шартына, аба ырайына, суу ресурстарына жараша болот, ошондуктан Кадамжай району район болуп түзүлгөндөн баштап эле дыйканчылык, мал чарбачылык менен чогуу өнүктүргөн жана өлкөнү азык–түлүк менен камсыз кылуу жаатында айтарлык жетишкендиктерди жаратып келген. Район дан эгиндеринин арпа буудай, жүгөрү, картошка, жашылча жемиштерди жана райондун жаратылыш шарты бакчылыкты өнүктүрүүгө ыңгайлуу болгон. Мал чарбасына келсек, райондо ири мүйүздүү малдар, кой, эчки табийгый тоют базасы аз болсо да, багылып келген. Кадамжай району өзгөчө эчки багууга адистешип, эчкинин тыбытын, этин жогорку деңгээлде өнүктүрүшкөн. Бул традиция бүгүнкү күнү да улантылып, эчки багуу боюнча алдыңкы орунда турат.

Мал чарбасы өзүнүн өнүгүшү жана жогорулашы менен мүнөздөлөт. Ал тоют базасынын чыңдалышы, малдын асыл тукумдуулугун өркүндөтүү, мал чарба короо-сарайларын көп куруу, өндүрүш процесстерин, эмгекти туура уюштуруунун негизинде өнүккөн. Айыл чарба колхоз, совхоздордун түзүлүшү менен коомдук чарбанын өнүгүшү айыл калкынын жумуш менен камсыз кылуу, азык–түлүк проблемасын чечүүнү жолго койгон. Айылдык калктуу пункттардын түзүлүүсү, ошол аймактарда ири айыл чарба пайда болушун шарттаган.

1938-жылдын 2-мартында саясий чечимдин негизинде экономикалык чыңалууну көздөп Халмион району түзүлөт, анын курамындагы чарба жүргүзүүчү айылдык кеңештер менен уюштурулат. Жыйынтыгында 1938-жылы Көтөрмө айылдык кеңеши, борбору Кызыл-Булак айылы. Ушул эле жылы Кадамжай айылдык кеңеши, Халмион, Бирлик айылдык кеңештери түптөлөт[18].

Натыйжада жаңы түзүлгөн район, айылдык кеңештердин калкынын турмушун, түрдүү түйшүктөрүнүн, тамак–аш продукциясынын белгилүү

деңгээлдеги проблемаларын чечүүдө айыл чарбасына таянган. Жаңы жерлерди өздөштүрүүдөн колхоздордун айдоо аянттары кеңейген. Айыл чарбасын техника менен жабдууда машина–трактор станция (МТС) тармактарын уюштуруу чоң көмөк берген. Чарбаларды түзүү квалификациялуу кадрлардын көбөйүшүнө алып келген. Бул негизги айыл чарба продуктуларын көп алууну камсыз кылды. Райондо тармактар аралык байланыш жакшырып элдин жашоо тиричилиги күнүмдүк жумуш менен камсыздалды.

1938-1940-жылдарда чарба жүргүзүү «Артелдер» аркылуу жүргүзүлгөн. Айыл чарбасынын түйшүгү аялдардын, балдардын, кары-картаңдардын моюнуна жүктөлгөн. Алар күнү–түнү фронт үчүн эмгектенишип, чарба жумуштарын аткарууда нормадан ашыруу салтка айланган. Райондун аймагындагы колхоздорду тейлеген Халмион МТСнин айыл чарба машиналарынын тетиктерин Фрунзе атындагы металлургиялык комбинаты жасап берген.

1945-1960-жж. өзгөчө мааниге ээ болгон райондордо дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүн көтөрүү, айдоо аянттарын кеңейтүү, малдын санын өстүрүү жана эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын жогорулатуу белгиленет. Мындай иш–аракеттин жүрүшүнө Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы И. Раззаковдун салымы чоң болгон. Кадамжай районунун мамлекетке дан даярдап берүү жөнүндө дифференциялык ченемин белгилөө боюнча СССР Министрлер Кеңешинин 1947-жылы 21-апрелдеги №1194 токтомунун негизинде Кыргыз ССРнин Министрлер Кеңеши жоопкерчиликти эске алып атайын токтом кабыл алган, анда 1940-жылдардын экинчи жарымындан баштап район көрсөтүлгөн пландан ашыкча милдеттүү түрдө мамлекетке дан жетиштирип берүү милдеттемесин алган. Согушка чейин түптөлгөн колхоздорду атайын тайпаларга бөлүп, ар бири түздөн–түз Кадамжай районунун курамында эгин талааларын жогортон уруксатсыз башка эгиндер менен алмаштырылып эгилбеши белгиленет. Чен-өлчөмдөн ашыкча эгин

талаалары өзгөртүлүп же дан эгилбей калып кетсе күнөлүү жоопкерчиликке тартылат деп белгиленет.

1950-жылы райондогу төрт түлүк малды убагында дарылоо, кароо, вaксинация, убагында эмдөө, малдын өлүм–житимин азайтуу максатында райондо ветеринардык башкармалык түзүлүп анда жогорку квалификациялуу ветеринардык врачтар жана башка көмөкчү адистер эмгектенишкен. Бул өз кезегинде райондогу малдын өлүмүн азайтып, мезгил–мезгили менен болуп туруучу жугуштуу оорулардын санын азайткан. Чындыгында эле, мал оорубаса, адам оорубайт эмеспи.

1950-жылдардан тартып райондун Кара-Дөбө өрөөнү, Халмион өрөөндөрүндө сугат жер аянты кеңейтилген. Ак-Суу, Исфайрам дарыясына суу бөлүүчү курулмаларды куруу иштери башталат. Жыйынтыгында жаңы айыл чарбаны чыңдоо максатында 1950-1960-жж (айыл чарба артели колхоз) Калинин атындагы Уч–Коргон айылдык кеңешине, Калинин атындагы колхоздо [25] негизинен мал чарбачылыгына басым жасалып, дан эгиндерин, тоют өндүрүүдө райондогу колхоздордун арасында жакшы жыйынтыктарды берүү менен областтын, анын ичинде райондун айыл чарба экономикасын чыңдаган.

Маленков колхозу Майдан айылдык кеңешинде 1952-1957-жж. [41] уюштурулган, бул колхоз айдоо аянтынын аз болгондугуна байланыштуу көбүрөөк кой, эчки чарбасына басым жасаган, негизги чарбадан сырткары, жаңы айыл кыштактардын калыптанышында, жаңы жерлерди өздөштүрүүдө негизги каражат бере турган чарбалардын катарында болгон.

1952-1957-жж. түзүлгөн Жданова колхозу [22] Марказ айылдык кеңешинде түзүлүп, мал чарбачылыгына, кылкандуу дан эгиндерин эгүү, картошка, тоют даярдоого багытталган. Бул колхоздун түзүлүүсү айыл-кыштактардын, жаңы жерлердин өздөштүрүлүүсүнө негиз болгон.

«Үч–Коргон» мөмө–жемиш, питомник совхозу 1953-1991-жж түзүлгөн [55] Мөмө–жемиш питомнигин аймактын климаттык шарты мөмө–жемиш

өстүрүүгө ыңгайлуу болгондугуна байланыштуу, жер кыртышын оңдоо максатында түптөлгөн. Ошондон улам таштак, сууну аз талап кылган жерлерге мөмөлүү дарактарды отургузуу башталган. Бул питомниктин түзүлүшү аймактын экономикалык потенциалын көтөргөн. Бүгүнкү күндө Кадамжай району ушул питомниктин уюштурулуп калуусунан улам  мөмө-жемиш өндүрүү боюнча алдыңкы орунда.

1956-жылы Партиянын XXI съезд атындагы колхоз Жаркутан айылдык кеңешинде түзүлгөн [51]. Негизинен, пахта, картошка, жашылча, өстүргөн чарба жүргүзүүдө Фрунзе атындагы металлургия заводуна таянган. Айыл-чарба шаймандарын оңдоп түзөөсүнө материалдык жардам көрсөткөн. Бул колхоздо Социалистик Эмгектин Баатыры пахтачы–механизатор Миталипов Мейман 1932-жылы Фрунзе районунун Кыргыз–Кыштак айылында төрөлгөн.

Коммунизм» колхозу Халмион айылдык кеңешинде 1956-жылы түзүлгөн [26]. Алгач кылкандуу дан эгиндерин, бир аз эчки, кой чарбачылыгы жолго коюлса, кийинчерээк багытын өзгөрткөн; пахта, картошка, тамеки өстүрүүдө райондо айдоо аянты чоң колходордун катарын толуктаган.

Жаңы жерлердин өздөштүрүү, азык–түлүккө болгон талап жогорулап, экономикалык чыңалууну көздөп, 1957-жылы  «Кыргызстан» колхозу Марказ айылдык  кеңешинде түзүлөт [38].  Калтуу  айыл кыштактарды түзүү, аларды электр энергиясы, суу менен камсыздоодо негизги иштерди аткарган колхоздордун бири катары элдин эсинде калган.

1958-жылы түзүлгөн (1958-1994-ж) Ленин атындагы колхоз Кара-Дөбө айылдык кеңешинде уштурулган [39].  Чарбанын негизги багыты пахта, картошка, жашылча ошондой эле кой, эчки, бодо мал, жылкы багытында иш жүргүзгөн чарбалардын бири болгон; чектеш колхоздордун чарбасынан айрымаланып короо–сарайларды салышкан.

«Кадамжай» совхозу– Орозбеков айылдык кеңешинде 1959-жылы түзүлгөн [24]  чарбаларды ирелештирүү, башкарууну оптималдаштыруу максатында райондогу алгачкы түптөлгөн  совхоздордун бири. Совхоз кой

чарбачылыгына басым жасап, жүн өндүрүүдө, тамеки өстүрүүдө райондо башка чарбалардан айрымаланган.

«Ленин» атындагы колхоз (1967-жылдан Октябрдын 50 жылдыгы совхозу) Марказ айылдык кеңешинде 1960-1967-жж түзүлгөн [39]. Чарбасы бодо мал, кой, пахта, тоют, тамеки өстүрүүгө багытталган; сүт саап алууда, райондун планын аткарууда жакшы көрсөткүчтөргө жетишкен. Айыл-кыштактардын көбөйүүсүнө, короо-сарайлардын курулушуна совхоздун каржылык булагынан көп пайдаланылган.

К. Маркс атындагы колхоз Көтөрмө айылдык кеңешинде 1962-жылы түзүлөт [23].Чарба багыты кой–эчки, колхоздун кой–эчкини өнүктүргөн, анткени колхоздун жери кой-эчкини көбөйтүү үчүн кеңири жайыттар болгон.

Жылдан–жылга өлкө айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн айыл чарба техникаларын, жер семирткичтерди, ошондой эле дан эгиндерин, мөмө-жемиштин, жашылчалардын, жаңы түшүмдүү сортторун берип турган.

Мал чарбасы боюнча республикада асыл тукум чарбалар түзүлүп өзгөчө 70-80-жж малдын асылдуулугун жакшыртуу процеси жолго коюлган. Ушул эле мезгилде айыл чарбасында иштеген элдин жашоо–тиричилигин жакшыртуу максатында өкмөт айыл чарба продукцияларынын мамлекеттик сатып алуу баасы жогорулатып, колхоздор мамлекетке болгон карыздарынан бошотулган жана айыл чарба салыгынын көлөмүн азайткан. Мындан тышкары, колхозчулардын өздүк көмөкчү чарбаларын чектөө, андан алынган продукцияларды мамлекетке милдеттүү түрдө төктүрүү эрежелери алынып ташталган. Колхозчулар өз продукцияларын базарда эркин сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Бул мезгилге чейин коомдук чарбанын кирешесинен колхозчуларга эмгек күнүнө жараша бөлүштүрүлгөн. Эмгек күнүмдүк эмгекти эсептөөнүн жана колхозчуларга киреше бөлүштүрүүнүн ыңгайлуу ченеми болуп эсептелген. Натыйжада, "Коомдук өндүрүштү өнүктүрүүдө колхозчуларды материалдык жактан кызыктыруу жөнүндөгү" Кыргыз ССРнин Министрлер Кеңешинин (1966-ж, 16-май) токтомуна ылайык

колхоздордо гарантияланган эмгек акы төлөө киргизилген. Ай сайын туруктуу акчалай эмгек акы төлөө менен бирге кошумча эмгек акы да төлөнөт. Колхоздо эмгек акы төлөөнүн булагы–чарбанын дүң кирешеси, андан гарантиялуу эмгек акы фондусу түзүлөт. Гарантияланган эмгек акы төлөө, колхозчулардын материалдык кызыгуусун жогорулатып, колхоздордун экономикасынын өсүшүнө шарт түзгөн [92]. Райондогу колхоз, совхоздордун төрт түлүк мал үчүн короо–сарай, ал жерде эмгектенген колхозчулар жана совхоздогу жумушчулар үчүн турак жайларды куруу деги эле райондо эмне курулуш керек болсо ошолорду куруу үчүн 1967–жылы колхоз, совхоздор аралык курулуш бөлүмү уюштурулат. Бул өз кезегинде райондо көптөгөн стандарттуу мал–жанга ыңгайлуу короо-сарайларды турак үйлөрдү курууга өбөлгө болгон.

Райондогу өстүрүлгөн дан эгиндерин, жашылча–жемиштерди ар кандай зыянкечтерден, коргоо, отоо чөптөр менен күрөшүү, түшүмдүүлүктү жогорулатуу максатында 1973-ж Фрунзе райондук «Кыргыз Сельхозхимия» бирикмеси түзүгөн [37]. Натыйжада, район эгин–тегинден, жашылча–жемиштен жогорку түшүм алууга жетишкен. Белгилей кетчү нерсе, өзгөчө айдоо аянттарды жер семирткичтер менен камсыз кылуу жакшы жолго коюлган.

1970-жылдарда райондун айдоо аянтын кеңейтүү максатында, тез темп менен өсүп бараткан райондун калкын турак жай менен камсыз кылуу жер участокторун бөлүп берүү үчүн буга чейин өздөштүрүлбөй келген кайрак жерлерден Бүргөндү совхозу уюштурулуп [21], ал аймакта өзгөчө жаз эрте келгендиктен техникалык өсүмдүктөр пахта, тамеки, мөмө-жемиштер көп өстүрүлгөн. Бул аймакты өздөштүрүүдө Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Турдакун Усубалиев көп эмгек сиңирген, бүгүнкү күнү бир мезгилде какырап жаткан Бүргөндү массиви гүлдөгөн оазиске айланган [20]. Ушул эле иштер бүгүнкү күнү да улантылып, Баткен обласытынын «бренди» болгон айтылуу Ак–Турпактын күрүчү өстүрүлөт.

Партиянын XXI съезд атындагы совхоз 1974-жылы Кыргыз–Кыштак айлынын базасында түзүлгөн. Совхоздун чарбалык багыты; кой, эчки, негизинен пахта, тамеки, картошка өстүрүүгө багытталган.

Райондо негизинен айдоо иштеринде пахта айдоого көбүрөөк көңүл бурулган. Пахтаны сугаруу мезгилинде сугат үчүн суулардын негизги бөлүгү, пахта аянттарына жумшалгандыктан, жер-жемиштерди суугаруу ишинде суунун жетишсиздиги, бул жерлерде сугат каналдарын колхоз, совхоздордун эсебинен жана республикалык бюджеттин эсебиненен курууга алып келген [51].

Сөзүбүз куру болбош үчүн Фрунзе району Союз мезгилинде кандай айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүргөндүгү жөнүндө маалыматты беребиз.

Райондун эгин аянттары: 1950-жылы 18175га, 1960-жылы 15700га, 1970-жылы 18054га, 1971-жылы 18843га, 1975-жылы 15105га,1976-жылы 19076га жеткен [189].

Район жалпы эгин эгилген аянттар боюнча Ош областындагы 14 райондун ичинен 9-орунда турган. Анткени район негизги айдоо аянттарын техникалык өсүмдүктөргө жана мөмө–жемиш, жашылча–жемиштерге жумшаган.

Кылкандуу дан эгиндери 1950-жылы 11677га, 1960-жылы 7283га, 1970-жылга 5433га, 1971-жылы 6365га, 1975-жылы 3267га, 1976-жылы 6604га эгилген [189].

Кыргыз ССРде пахта Араван, Баткен, Кара-Суу, Ленин, Лейлек, Сузак жана Фрунзе райондоруна өстүрүлгөн. Эгер Фрунзе району 1940-жылы иш жүзүндө болсо 2370га ал эми 1950-жылы 3581га, 1970-жылы 4900га, 1971-жылы 5356га, 1976-жылы 3500га түзгөн [191].

Тамеки 1940-жылы 8га, 1970-жылга 103га, 1971-жылы 134га, 1975-жылы 782га, 1976-жылы 831га эгилген [189]. Пахта аянттарынын 1976-жылы 1971-жылга салыштырмалуу бир топ азайып кеткендигинин себеби район пахтанын ордуна тамекини көп эге баштагандыгы менен түшүндүрүлөт.

Район Ош областында картошка өндүрүү боюнча эң чоң Кара–Суу районунан кийин эле экинчи орунду ээлеп, 1976-жылы 318га жерге картошка өстүргөн. Бул көрсөткүч–кадамжайлыктардын картошкадан жогорку түшүм алгандыгынын күбөсү. Картошка өстүрүү 1950-жылы 226га, 1960-жылы 246га, 1970-жылга 262га, 1971-жылы 249га, 1975-жылы 324га, 1976-жылы 318га болгон [181].

Айыл чарба өндүрүшүн материалдык–техникалык жана финансылык жактан камсыз кылуу жана мамлекеттин өнүгүүсүндө экономиканын, өзгөчө айыл чарбасынын мааниси чоң экендиги талашсыз. Айыл чарбасынын техникалык жабдылышы, эмгек куралдары менен камсыз болушу, илим жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануу деңгээли боюнча акырындык менен жогору өнүккөн мамлекеттердин алдыңкы катарына жеткирүү иштери жүзөгө ашырылат. Жашоо деңгээлине карабай, жаңы беш жылдык планда оор, жеңил жана тамак–аш өнөр жайларын, орто ишканаларын, электр станцияларын куруу, транспортту өстүрүү каралган.

Район 1970-1980-жылдарда эгин өндүрүү, техникалык өсүмдүктөрдү, мал чарба продуктыларын өндүрүү жаатында областта гана эмес, республикада жогорку ийгиликтерге жетиишип, район экономикасы өнүккөн райондордун катарына кошулган. Бул мезгилде районду чарбачыл, уюштургуч инсан Муктар Нургазиев жетектеген. Ушул күнгө чейин кадамжайлыктар М. Нургазиевдин элдин жашоо-тиричилигинин жакшырышына, райондогу жолдордун, сугат каналдарынын жана башка көптөгөн обьектилердин курулушуна чоң салым кошкон деп ыраазычылык билдирип келишет. Эскерте кетчү нерсе анын Бүргөндү өрөөнүнүн өздөштүрүлүшү үчүн өзгөчө салым кошкон [47].

1976-жылы райондо «Айдаркен» совхозу Бирлик айылдык кеңешинде түзүлгөн [39]. Чарба жүргүзүү багыты кой, эчки, картошка, сабиз өстүрүүгө багытталган. Айдаркен сымап комбинатына тамак–аш продукцияларын даярдап

берүү менен  бирге жүн өндүрүүдөгү ийгиликтери архивдик булактарда берилет.

1977-жылы малдын продуктуулугун арттыруу максатында атайын адистештирилген малды бордоп семиртүүчү совхоз  Марказ айылдык кеңешинин  Көк–Талаа айылында уюштурулган [40].  Райондун  аймагындагы бодо малдын саны 1977- жылы 1700 баш мал болсо, 1982-жылы 4800 баш мал 1985-жыл 5000 баш 1990-жылга–план боюнча 6000 баш. Бул совхоз уюштурулгандан кийин, бодо малдын башы төрт эседен ашыкка көбөйүп, райондо эт жана эт продуктуларын  өндүрүү жакшырган. Совхоз мындан башка сүт өндүрүү багытында да жакшы ийгиликтерди жараткан. Совхоздо 2000 ашык саан уй болуп, райондун калкын сүт азыктары менен камсыздоону жакшырткан.

Райондогу чарбаларды оптималдаштыруу, ошондой эле чарба жүргүзүүнү андан ары адистештирүү максатында 1981-жылы «Достук» колхозу Үч-Коргон айылдык кеңешинде базасында  түзүлгөн [26]. Ал кой, уй, пахта, тамеки өстүрүүгө багыталган. Колхоздун айдоо аянттарынын сапаты жакшы болгондуктан, бул колхоз түшүмдүүлүк, малды тоют менен камсыз кылуу пландарын дайыма  ашыгы менен  аткарып турган.

1980-жылдардын башында Советтер Союзунда айыл чарбасын техника менен камсыз кылуу максатында атайын адистешкен Агропромдор түзүлө баштаган. Бул максатта да Кадамжайда да Агропром ишканасы түзүлгөн [51].

Аталган ишкананын түзүлүшү айыл чарбасындагы өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга көмөк көрсөткөн.

1985-жылы Кыргыз ССРнин түзүлгөндүгүнүн 60-жылдыгынын урматына Халмион айылдык кеңешинин базасында жаңы  «Кыргызстандын 60 жылдыгы» совхозу уюштурулган [38]. Совхоз негизинен уй, кой, пахта тамеки өстүрүүгө адистештирилген.

1985-1990-жылдардагы «кайра куруу» мезгилинде айыл чарбасындагы кризистен чыгуу максатында жерди ижарага берүү, жерге болгон менчик укугу

сыяктуу мыйзамдары кабыл алынат. Айыл чарбасындагы ишмердүүлүктүн бир катар түрлөрүнө уруксат берген. Жергиликтүү органдардын кызмат ордунан кыянаттык менен пайдалануу аракеттери, коомдун кайдыгерлиги экономикага терс таасирин тийгизди.

Айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүү багыты өз ара көз каранды болгон эки милдетти алдыга койгон: өлкөнү азы–ктүлүк жана айыл чарба сырьёсу менен ишенимдүү камсыз кылууга жетишүү, бул үчүн ар дайым жетиштүү резервдерге ээ болуу керек; **шаардын** жана **айылдын** материалдык жана маданий шарттарын жакындатуу жолу менен ишке ашырууга болот. Албетте, бул милдеттерди ишке ашыруу агро өнөр жай комплексинин бардык тармактарында негизделиши керек. Мына ушуга байланыштуу айыл чарбасында, атап айтканда, сугат дыйканчылыгында илимий–техникалык өнүгүүнүн негизги багыттарын аныктоо маанилүү.

**Кадамжай сурма комбинаты.**

Кыргызстан аймагында сырьелук запасы боюнча Кадамжай сурма комбинаты алдыңкы орунда турат, Кадамжай өтө сейрек кездешүүчү байлык–сурма рудасы бар аймак. Падышалык Орусия менчик сурма базасына ээ болгон эмес. 1900-жылдан 1917-жылга чейин ал сырттан 40 миң тонна сурманы импорттоп алып турган. Өлкөнүн өнөр жайы сурма жана сымап сыяктуу сейрек металлдарга муктаж болгон «1914-ж. Москва радий экспедициясынын кызматкерлери А. А. Черняев жана С. А. Александров Катраң–Тоо кыркасы аймагында сурма рудасынын табышкан» [65].

Кадамжайдын сурмасын өндүрүү тарыхы 1917-жылдан кийин башталган. 1927-жылы сурма рудасынын кенин Лениндик сыйлыктын ээси, академик Александр Евгеньевич Ферсман (1883-1945-жж) изилдеп, сурма алынган көрсөткүчтөрү андан ары терең геология чалгындоолорун уланта берүүгө негиз берет деп аныктаган. Сурма менен сымапка болгон талап жаңы Кеңеш өкмөтүнүн каржылык чыгымын кызыктырган жок. Аларды чалгындоого өзгөчө маани бере баштаган. Түстүү металлдарды өндүрүүнүн

башаты катары, түстүү металлдар боюнча бүткүл союздук кеңешмени эсептесе болот (30-март 6-апрель 1925-ж.). 1925-ж.

Кадамжай кени таланттуу адис, кийинчерээк академик окумуштуу Д. И. Шербаков баштаган «Сейрек металлдар» трестинин изилдөөчү, партиянын геологдору тарабынан каралган. 1927-жылы Сурма рудасынын кенин академик А. Е Ферсман изилдеп, составында сурма бар рудаларды таап, андан ары терең геология чалгындоолорун уланта берүүгө негиз берет деп аныктаган [76]. Ошол жылдары составында сурмасы бар рудаларды казуу башталып, 1928-ж. 1833 тонна руда казып алынган, анын ичинен колдо сорттоо менен 20% антимонити бар 113 тонна концентрация алынган. Эгер 1930-ж. Механика устаканасында жумушчу составы 12 адам менен жалгыз «Красный пролетарий» станогу болсо, ал эми комбинаттын өнүккөн мезгилинде 60 станокто 85 адис иштеген.

Кадамжайда 40% антимониттен турган сурманын 3 окисин (кычкылын)кендин өзүндө тажрыйбалык эритүү өткөрүлгөн. 1932-жылы анча чоң эмес механикалык устакана уюштурулган. Токардык станоктон турган, ал «фаразон» трактору аркылуу кыймылга келтирилген. Андан сырткары сурма ширенке өндүрүшүндө чоң мааниге ээ. «Суруу» деп аталган ширенкенин бөлүгү күкүрт сурмасынан турат.

Комбинат СССРдеги эң чоң Днепро ГЭС, Кузбасс сыяктуу чоң өнөр жай ишканаларынын катарында турган. Сурманын өлкөнүн эл чарбасына зарыл мааниси болгону үчүн «сурма алкагына» жаңы геологиялык чалгындоолор улантылган. Кеңеш өкмөтүндөгү окумуштуулар, геологдор жылдан-жылга сурманын жаңы кендерин ачышып, өндүрүшкө жаңы эффективдүү технологияны киргизүүнүн үстүндө активдүү иш жүргүзүшкөн. 1933-жылы Кадамжайдын металлургдары сурманын рудасын эритүү үчүн өндүрүмдүүлүгү жогору болгон эритүү мешин ишке киргизишкен, бул курулушту инженер Серафим Михайлович Мельников жетектеген [65].

Өлкөдө таза түрдөгү металл алуунун методун изилдөө улантылып, ал 1934-1936-жж. академик Н. П. Сажин инженерлер С. М Мельников, М.Э. Кроль гидрометтин кызматкерлери Б. С. Руковишниковдор болушкан [67]. Алар Кадамжай кенинин рудасы менен концентраттарынан металл сурмасын алуу технологиясын иштеп чыгышты. Сурманын жана анын кээ бир кошулмалары жарым өткөргүч өнөр жайында сурманын ролу өзгөчө өсүп кетет. Сурма-таза түрүндө күмүш ак түстөгү металл. Сурманын тыгыздыгы 6,69 2/см3 630 С эрүү температурасы. 1936-ж.1-сентябрында №1 тажрыйбалуу металлургия заводу эксплуатацияга киргизилген. Металлургия заводун эксплуатацияга киргизүү металл сурма түрүндө даяр продукцияны стабилдүү чыгарууга мүмкүнчүлүк берди. №1 металлургия заводунда эмгектин алдыңкы методдору үчүн биринчилерден Ленин ордени менен сыйланган Ашырали Ахунов болду. Заводдун башчысы Пазыл Юлдашев СССР Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

1936-жылдын июнунда күнүнө 50 тонна руданы кайра иштетүү проекттик кубатуулугу менен тажрыйбалуу байытуучу фабриканын курулушу бүтүп ишке киргизилген, ал сурма рудаларын байытуунун өнөр жай технологиясын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Курулушка көп салым кошкон фабриканын башчысы А. И. Бловенко инженер С. Ф. Дворянский, башкы механик А. Н. Артоминовдор болушту. Фабриканын курулушу СССР НКТП «Гидроредменттин» проекти боюнча ишке ашкан.

Бул кезде металлургиялык завод да бир кыйла кубаттуулук менен иштей баштайт. Заводдун кубаттуулугунун өсүшүнө, анын колдон келишинче жаңы технологиялык аппараттар менен жабдылышына ал кездеги оор өнөр жай Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы Серго Орджeникидзе өзгөчө маани берген.

Кадамжайда сурма комбинаты жеткиликтүү деңгээлде сурманын өндүрүрүлүшү 1936-жылдан баштап сурманы чет өлкөдөн импорттоону токтоткон. 1936-ж. 3065 миң тонна руда алынып, кайра иштетилген. Байытуучу фабрика ишке берилгенден кийин төрт жыл өтпөй эле, « Механика »

устаканасын «механика» цехи деп аташты; цех жылына 75тонна продукция өндүрүрүп, ошондой эле чоюн куюп чыгаруу боюнча бөлүм ачылат. Куюу бөлүмүнүн биринчи жетекчиси Теппадий Фердинандович Гренке болгон [67]. Ошондон тартып Кадамжай кенинде кеңири чалгындоо иштери уюштурулат.

1940-ж. жылына 165 миң тонна руданы кайра иштетүүнүн өндүрүштүк кубаттуулук менен күчтүү байытуучу фабрика иштей баштайт. 1940-ж. сурма кенин иштеп чыгуу жер асты ыкмасы менен башталат, суу менен бургулоо киргизилет, анын жыйынтыгында бургулоочулардын силикоз менен оорусу 75%га төмөндөйт.

Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы күнүнөн баштап, стратегиялык маанидеги сурмага болгон муктаждыктын өсүшү, комбинаттын кубаттуулугун жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулган. 1941-жылдын июль-сентябрь айларында, кыска мөөнөттүн ичинде электролит цехи менен жаңы завод ишке берилген. Согуш техникаларын, куралжарактарды чыгарууда көп өлчөмдөгү түстүү металлдарды өндүрүүнү талап кылган. Ошондуктан комбинат өзгөчө режимде иштей баштаган. 1941-жылдын аягында аталган өнөр жайдагы сурманы өндүрүү 1940-жылга салыштырганда бир кыйла жогору болгон. Согуштун алгачкы күнүнөн ишкананын жумушчуларынын 65% стахановчу, ударниктер болушуп, 40тан ашык жумушчу алдыңкы катарды толуктаган [84].

Шахталарды электроэнергия менен канааттандыруу үчүн 1941-42-жж. «Горная» подстанциясы ар бири 1000 кВ эки трансформаторлору колдонууга киргизилет. Комбинатка керектүү жабдуулар менен башка өндүрүш объекттери электр энергиясын көп талап кыла баштагандыктан комбинатты элекр энергиясы менен камсыз кылуу үчүн кошумча кубаттуулуктар киргизилет. Жыл сайын комбинатта ишке жаңы цехтер пайдаланууга берилет. Мисалы, Бул эле жылы Кадамжайда коргонуу өнөр жайына кетүүчү жогору сапаттагы рафинделген металл сурмасын чыгарууга багыт алат. 1942-жылы Су0, Су1, Су2, Су3 маркаларындагы сурмасынын чыгаруунун жаңы технологиясы өздөштүрүлгөн. 1943-жылы комбинат беш күкүрттүү сурманы чыгара баштайт,

ушул эле жылы металлургиялык комбинатта сурманын жогорку маркаларынын чыгарылышы 25% га өсөт, эмгек өндүрүмдүүлүгү күчөтүлөт.

1945-жылы №1 заводдо катод металлын рафинирлөө үчүн пайдаланган кичи мештин ордуна чийки сурманы алуу үчүн чагылдырылуучу меш курушту. 1948-жыл комбинат крудумду үч сернистүү сурманы алуунун жаңы технологиясын иштеп чыгып жаңы продукция чыгарат.

1953-жылы эксплуатацияга «Капитальная» шахтасы тапшырылган, тоону чалгындоо иштери, жаңы корлорду табуу төмөнкү горизонтторго көчтү. 1954-жылы №1 металл заводу жабылып, ал эми анын ордуна өндүрүмдүүлүгү жогору болгон №2 завод курулган. Жогорку сапаттагы сурманын үч кычкыл боёо жана оптика өнөр жайы үчүн колдонулган [116]. Комбинатта сурма концентраттарын кайра иштетүү үчүн кыйла жаңы методдор менен технологияны дайыма издешкен. Жаңы изденүүлөр ийгилик менен коштолот. Майдалоо, выщелачивание, жарыктоо жана растворду диекатрация бөлүмү курулган.

1956-жылы даяр продукцияны чыгаруу боюнча план белгиленген ассортиментте аткарылган. Металл сурмасын чыгаруу 102,1%, анын ичинде Су0–103,8%, Су1–99,9%, Су4–104,1%, госрезервге металл 100% чыгарылган, крудум–135%, жогорку таза трехокис–105%, трехсернистой сурма–105,8%. Электролиз методу менен металлды бөлүп алуу планы 100,5%, га, ал эми сурманын трехокиси 100,5%га ашыра аткарылган. Байытуучу фабрика 1956-жылы планын 115%, концентратты чыгаруу планын–120,3% ашыгы менен аткарган, руда болсо 113,2% казып алынган [65].

Кендин шахталарында 1959-жылдан баштап штангалык бекемдөө колдонулат, себеби тоо иштеринде коопсуздукту бир кыйла жакшыртты жана жыгач материалын үнөмдөөгө алып келген. Кыргыз ССР Совет Народного Хозяйство №125, 5-март 1959-жылдагы токтомунун негизинде Түштүк тоо–металлургия комбинаты уюшулган. Ага бир катар өнөр жай ишканалар кирген; №5 Айдаркен сымап комбинаты, Чаувай сымап, цинк, Кан коргошун, Терек–

Сай сурма ж.б. кендер. ТТМК өзүнө бир катар кендерди байытуунун кен схемалары менен сурма жана сымап заводдорду, механикалык, энергетикалык изилдөөчүлүк, автомобилдик ж.б. көмөкчү цехтердин өнүккөн системасын кошкон көп тармактуу өнөр жай ишканасы болгон.

1960-жылы биринчи жолу Советтер Союзунда сурманы тазалап анын курамын аныктоодо геофизика методу ишке ашырылган. 1968-жылы комбинатта сурманы зондук тазалоо өндүрүшүнүн заманбап технологиясынын курулушу бүтөт. Биздин ата–мекендик Кадамжай сурмасы эл аралык эталон болуп калды, ага Су00 жана Су000 сурмасына сапат белгиси ыйгарылган. Аралашмалардын суммардык чоңдугу 0,0001% ашпаган Су–экстратыны чыгаруу өздөштүрүлгөн. 1962-жылы Су0 жана Су2 металл маркасындагы сурмага мамлекеттик «Сапат белгиси» ыйгарылган [67].

1964-жылдан 1975-жылга чейин комбинатты жетектеген Иван Константинович Герасимовду комбинаттын кенчи металлургдары өнөр-жайдын экономикалык абалын чыңдоого кошкон салымын көп эскеришет [67]. Герасимовдун тушунда «Западная» шахтасы ишке кирип, металл эритүүнүн көлөмүн арттырууда чоң роль ойногон. Бул жетекчи эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу менен жаштарды дене тарбия менен тарбиялоого да зор маани берген. «Металлург» стадиону, көптөгөн спорттук секциялар ушул кишинин тушунда курулган жана азырга чейин иштеп жатат. Ушул эле мезгилде Иван Константинович Герасимов Кадамжайдын жашоочуларынын жашоо тиричилигин жакшыртуу максатында үйлөргө жылуулук жана жаратылыш газын киргизип, азык-түлүк магазиндерин ачтырган. Дагы бир эскерте кетчү нерсе комбинатты электр энергиясы менен туруктуу камсыз кылуу үчүн атайын чакан ГЭС да курдурган [66].

1978-жылы борбордук казанга металлургиялык перефелдин чагылдыруучу мештерине, паселоктук турмуш–тиричилик объекттерине газ берген Фергана Кадамжай газопроводу эксплуатацияга киргизилген. 1972-ж. биринчи руднотермикалык мешти өздөштүрүү башталышы менен белгилүү, ал

эми 1977-жылы январында комбинаттын директору А. А. Кайзер металлургия цехинде дагы бир руднотермикалык мешти эксплуатацияга тапшыруу жөнүндө актка кол койгон.

Өнөр жай объектеринде эритүүчүлөрдүн, рафиндөөчүлөрдүн эмгегин жеңилдеткен жаңы ыкмалар (приспособления) пайда болот. Мисалы, 1974-жылы рафинделген металлды тынымсыз куйган машина ишке берилет. Кен казуу иши да ордунда турбайт. 1975-жылы түндүк Акташ участкасынын 600 метрлик штольндун өткөөлү бүтүрүлгөн. Кадамжайда 1988-жылы прогрессивдик усул менен 436 метр тоо титолип чыгуулары басып өтүлгөн. Экономикалык натыйжа 6 миң рублду түзгөн. Ушул эле жылы Кадамжай менен Терек-Сайда кендердин жолоочу компоненттеринде жана аларды кайра иштетүү продукталарында сурманын мазмунун контролдоодо ядролук-физикалык усулдар колдонулган.

Чындыгында, республиканын өнөр жайындагы илимий–техникалык прогрессти тездетүүнүн муктаждыктарын биздин илимий институттарыбыз орундата алмак эмес. Ошондуктан көптөгөн ишканалар тармагына жараша республикадан сырткары Союздук илим изилдөө институттары менен кызматташ болушкан. Мисалы, Кыргыз тоо–металургиялык комбинаты союздук 9 илим изилдөө мекемелери менен кызматташкан [141]. 1976-1980-жылдар ичинде 60 ири илимий жаңылыктарды колдонуу менен 4.3 млн. сом комбинат киреше алган [138]. Өнөр жай мекемелери менен биргелешип иштөөнүн натыйжалуулугун Кыргыз Илимдер Академиясынын Органикалык эмес жана физикалык химия институтунун иштеринен да көрүүгө болот. Кадамжай сурма комбинаты жүргүзгөн изилдөөлөрдүн негизинде сурманын Су–000, өзгөчө таза Су–0000 маркаларын жаңы шелочтук калийлик жол менен бөлүп алуу өздөштүрүлгөн. Жогорку технологиялуу өндүрүмдүү бул жол эмгек өндүрүмдүүлүгүн гана жогорулатпастан, продукциянын сапаттуулугун дагы жакшыртып 1977-жылы «Химия–77» эл аралык көргөзмөсүндө артыкчылык дипломго ээ болушкан [65].

Өндүрүштүк, турмуш–тиричилик керектөөлөр үчүн 1980-жылы автоматтык башкарууда комбинат курган битум эритүүчү мештер эксплуатацияга берилет. Бул мештин кубатуулугу (мощность) саатына 25 тонна. Станциясы 1984-жылы ишке берилет. Жыйынтыгында поселоктун түндүк участкасында үйлөрдүн жылуулук камсыздоосу жакшырды. Борбордук компрессор станциясынын эки компрессордо автоматтык жөнгө салуу системасы киргизилди. Заводдун жылуулук казандары дизелден жаратылыш газына которулган.

1987-жылы комбинатта ПФ–53 ак боегун чыгаруу үчүн сурманын кошулмаларын өндүрүү боюнча жаңы цех курулган. Өндүрүштүк маселелерди чечүү менен бирге комбинатта бир катар чарба маселелери менен иш алып барышкан. 1990-ж. акиташ бышыруу цехи ишке киргизилген. Анын өндүрүштүк кубаттуулугу жылына 2000 тонна [67]. Бул райондун акиташка болгон муктаждыгын камсыздандыра баштады. Ушул эле жылы сурманын үч кычкылы цехинде даяр продукцияны чыгарууну көбөйтүү менен үч конверторлордо бирдей иштөө мүмкүнчүлүгүн берген РФГ-5 эки фильтри ишке берилген, металлургия заводунда продукциянын эки түрүн алууну камсыз кылган технология киргизилген. Бул Су–0000 ЧДА маркасындагы сурманын үч кычкылы. Алардын чыгарылышы экономикалык жактан максатка ылайыктуу, анткени аларга баа жана суроо талап жогору болгон. Участкада техникалык сурманы алуу үчүн продукцияны чыгаруу 10% көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берген тазалоо аянты кеңейтилген.

Ыкчам жетектөө үчүн 1986-жылы комбинатта өндүрүштү башкаруу структурасы жакшырган. Бир катар цехтер, химлабораториялар, ошондой эле комбинатта кээ бир башкаруу бөлүмдөрү бириктирилип оптималдаштыруу процесси жүргөн. Оптималдаштыру процесси ишкананын бюджетин 156 миң рублдан ашык үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Комбинаттын илим–изилдөө уюмдарынын жана адистеринин бул ж.б иштеп чыгуулары тогузунчу жана онунчу беш жылдыктарда сурма жана анын кошулмаларынын өндүрүү көлөмүн

2,2 эседен ашык көбөйтүүгө, сурма продукциясынын номенклатурасын кеңейтүүгө жана анын сапатын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берди. Продукциянын мамлекеттик сапат белгиси салыштырмалуу салмагы менен 1975-жылы бир пайыздан 1986-ж. 87% га өстү.

Илимий–техникалык прогресстин жетишкенин пайдалануу комбинаттын жамаатынын ишин мүнөздөйт. Ишкананын тыгыз чыгармачыл байланышы 20дан ашуун илимий изилдөө жана долбоорлоо-конструктордук уюмдар менен байланыштырат. Кесиптик оорулардын келип чыгуу шарттарын изилдөө максатында жана алдын алуу чараларын иштеп чыгууда комбинат медициналык профилиндеги Кыргыз ИИИнун онкология жана радиология, эпидемиология жана гигиена Андижан мединституту менен кызматташат. «Средазнипроцветмет» институтунун окумуштуулары менен бирдикте жылына 2 млн кВт саат электро энергия үнөмдөгөн жана көп эмес капиталдык жоготууларсыз цехтин өндүрүштүк кубаттуулугун эки эсе ашык көбөйтүүсүн камсыз кылган, сурманын үч оксидин өндүрүүнүн жаңы конвертордук технологиясы иштелип чыккан жана киргизилген.

Жаңы гидрометалургия цехинде «средазинпродвет» окумуштууларынын катышуусу менен катоддук сурма боюнча өндүрүштүк кубаттуулугун 20% га ашыгыраак көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берген жогорку жыштыктагы электролиз технологиясы өздөштүрүлгөн. Комбинаттын ойлоп табуучулары жана рационализаторлору ар түрдүү агрегаттар машиналардын иштөөсүн жаңылоо жолдорун издешкен, жабдыктардын жаңы түрлөрүн өндүрүшкө киргизүүгө жетишишкен. Алардын изденүүсү чыгарылып жаткан продукцияны көбөйтүүгө гана эмес, ошондой эле анын сапатын жакшыртууга жетишишкен. Жыйынтыктап айтканда, комбинат 1917-жылдан 1990-жж ичинде өндүрүштү жакшыртуу максатында 1866дан ашык сунуш беришкен, ал өз кезегинде 3857,3 млн рублдик пайда алып келген [65].

Сурма комбинантынын продукциясы анын ар түрдүү түрлөрү биздин өлкөнүн 241 ишканасында иштетилген, андан сырткары, ал дүйнөнүн 30 дан

ашуун өлкөсүнө экспорттолгон: Япония, Индия, Бразиля, Германия, Чехославакия, Венгрия, Франция [83.36] ж.б.

**Айдаркен сымап комбинаты.**

Сымап адамдарга байыркы дүйнөдөн эле белгилүү болуп, аны алтынды рудадан бөлүп алуу процессинде, ар кандай ооруулларды дарылоодо кеңири пайдаланып келинген. Айдаркендеги сымап кени жөнүндөгү маалыматтар окмуштуулар тарабынан биздин замандын X–XI кылымдардан бери белгилүү. Айдаркен сымап кени Кадамжайдын түштүк-батыш тарабындагы Эшме тоосунун түштүк жагында жайгашкан [66].

Айдаркен кени Кеңеш бийлигинин тушунда изилденип, өндүрүшкө киргизилген. Тарыхый булактарда, эмгек ветерандарынын маалыматтарына ылайык 1926-жылы геологдордун бир тобу чалгындоо иштеринин жүргүзшөт. 1928-жылдын акырында чалгындоочулардын саны көбөйгөн. Бул иште геолог В. Поповдун салымы зор. 1930-жылдын күз айларында кенге Н. Т. Маслов жетектеген чалгындоочулардын жаңы тобу кошулган [76]. Натыйжада чалгындоо иштери ийгиликтүү жүрүп Айдаркенде сымаптын чоң кени бар экендиги анык болгон.

Айдаркен сымап комбинатынын ишке киргизилиши өтө татаал шартта жүзөгө ашырылган. Траспорт ордуна төө, ат колдонулат. Илимий техниканын алсыз мезгилинде жумушчу күчү оор кызматтарга тартылат. Ата Мекендик согуш жылдары кендин иштөөсүнө өзгөчө көнүл бурулган. Украинадагы сымап өндүрүүчү «Никитовский» комбинаты душмандын колунда кала тургандыгы белгилүү болгондон кийин ал комбинат Айдаркенге көчүрүлүп 1942-жылдан баштап, продукция бере баштаган. СССРдин батыш аймактарындагы түстүү металлдарды иштетүүчү ишканалар белгилүү себептер менен токтотулган. 1941-жылдын аягында Донецкидеги Никитовский сымап комбинатынын фашисттик Германия тарабынан басып алынышынан улам, Фрунзе районунун Бирлик айылдык кеңешине караган «Айдаркен», «Койташ» колхоздоруна таандык 1150 га жер ишкананын курулушуна бөлүнүп берилген [19].

Союздук стратегиялык маанидеги ишкананын курулушуна Ош областынан көп сандаган жумушчу күчү, 40тан ашык жүк ташуучу машина бөлүнгөн. Ал эми коңшу Өзбек ССРинин Фергана областынан Айдаркенге 1000ден ашык жумушчу–курулушчулар мобилизацияланган. 1941-жылдын 1-октябрына карата Гүлдө мешин, 1-ноябрга карата кайра иштетүүчү заводду, электр өткөргүч, компрессорду, дизелдик, суу менен камсыздоочу линияларды ишке киргизүү пландаштырылган [67].

Комбинаттын курулушу партия менен өкмөттүн көзөмөлүндөгү ири курулуштардын бири болгондуктан, комбинаттын курулушун жетектөөнү күчтөндүрүү максатында 1942-жылдын башында СССРдин түстүү металдар боюнча Эл комиссарынын орун басары В. Фролов жиберилген. Комбинаттын капиталдык ремонтуна 1941-жылы каралган 19 млн. рубль каражаттын ордуна өкмөт 26,5 млн. рубль бөлгөн. Комбинаттын негизги курулуш иштери 1941-1942-жылдын каардуу кышында жүргөн. Ошондуктан жумушчулардын курулуш ордуна түшкөн карларды тазалоо иштерине кошумча убактылары кеткен. Натыйжада, 1942-жылдын июнунда Айдаркен сымап комбинаты пайдаланууга толук берилген.

1941-1944-жж. Айдаркенде «За оборону», Айдаркен металлургиялык комбинатындагы өндүрүштү туура уюштуруунун негизинде андагы өндүрүмдүүлүктүн көрсөткүчү жылдан-жылга жогорулаган. Мисалга алсак, 1945-жылы бир жумушчунун бир күндүк орточо өндүрүшү 2,8 эсеге жогорулаган. Ошентип, 1942-жылдан тартып Айдаркен тоо металлургиялык комбинаты толук кубаттуулукта иштей баштаган. Согуштан кийинки беш жылдыкты айдаркендиктер мөөнөтүнөн мурда аткарууга жетишкен [44].

Сымап металлдардын ичинен жаратылышта суюк түрүндө кездешчү бирден бир зат. Азыркы учурда сымаптын касиеттери толук изилденип, өнөр жайдын бардык тармактарында кеңири колдонулуп жатат. Алсак, жылуулук установкаларында пайдаланган кезде буу казанын иштөө коэффициентин 45%га жогорулатып, сарпталуучу отунду дээрлик бир жарым эсеге үнөмдөөгө

мүмкүндүк берет. Химия өнөр жайында ал химиялык реакцияларды тездетүүгө же басаңдатууга туздардын эритмелеринен жегичти жана хлорду алууга катод катарында кеңири пайдаланылат. Сымап кеме куруудa да колдонулат. Андан атайын боёктор алынып, кеменин суу астында жүрүүчү бөлүктөрү сырдалат. Түстүү металды рудадан ажыратып алууда медицина, жардыруу иштеринде, айыл чарбасында да керектелет. Сымаптуу кендердин сымапты бөлүп алуу иштери анчалык татаал эмес. Руданы 900 градус целсияга жеткирип ысытканда металл бууланып бөлүнөт, аны кайра муздатуудан даяр металл алынат.

Айдаркендин сымабын Голландия, Германия сыяктуу өнүккөн өлкөлөр сатып алып турган. Сымап рудасынын составында 70тен ашык минерал-киноварь, циннобарит, галенит, антимонит, кальцит, барит жана башка минералдар бар. Айдаркен сымап комбинаты менен бир мезгилде башталып, продукция бере баштагандагы дагы бир кен бул Чаувай кени. Чаувай металлы өзүнүн сапаттуулугу менен айырмаланган. Мамлекеттик акционердик коом болуп кайра түзүлгөн комбинат жумушчулардын санын кыскартпай сактап калуу менен продукция чыгарууну көбөйтүүгө жетишкен. Айдаркен сымабына болгон керектөө дүйнөлүк рынокто күчтүү. Мында анын жетекчиси Токтобек Талипович Сартбаевдин эмгеги зор. Ал сымап чыгарууну да жакшы жолго коюп, Айдаркен шаарчасынын калкын жумуш менен камсыз кылып, бир аз болсо да турмуш деңгээлинин төмөндөп кетишине жол бербей калууга жетишти.

Белгилей кетчү нерсе биз кыргыздар сыймыктанарлык стратегиялык сырье болгон сымаптын дүйнөлүк запасынын 1/5 бөлүгүнүн Кыргызстанда болуп калышы өзгөчө Ата Мекендик согуш мезгилинде Айдаркендин сымабынын жеңишке жетүүсүндө өзгөчө салым кошкон [126].

Айдаркендик кенчи–металлургдар айрыкча согуш учурунда бардык кыйынчылыктарды женип, эки эселеген кайрат менен иштешкен. Ал кезде кургак бургулоо иштери жүргүзүлгөндүктөн, кесиптик оорулар да арбын болгон. Кенде иштегенден көрө согушка кетүүнү артык көргөндөрдүн арбын

болгонун да айта кеткенибиз оң. Себеби кенде иштегендер негизинен үч-төрт айдан ашык иштеше алган эмес. Кесиптик ооруга-силикозго дуушар болуу менен, кыска эле убакытта ден-соолукка зыян келтирген чаң көп жумушчулардын мезгилсиз дүйнө салуусуна алып келген.

Деги эле душманды жеңүүдө Кадамжай менен Айдаркеңдин жумушчуларынын эмгеги да, салымы да тендешсиз болгонун дагы бир жолу алардын элестеринин алдында таазим кылуу менен эскере кетүү биздин–тирүүлөрдүн ыйык парзы. Айдаркен жөнүндө сөз болгондо, Айдаркен сымап кени Москванын башкаруу жана камсыздандыруусунда болгондуктан ага жетекчи дайындоо да Москва аркылуу чечилген. Биз сыйлаган аксакалыбыз Мамат Марипович Айбалаев Москванын сынына толуп комбинат жетектеген алгачкы кыргыз жараны болгон, Мамат Марипович Кадамжай сурма комбинатында үзүрлүү иштеген. Ал Баткен областынын губернатору болуп туруп жаңы түзүлгөн областын түптөлүшүнө калыптануусуна, өнүгүшүнө да салым кошкон, ишканада эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүгө жетишкен. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы жумушчулардын жашоо шарттарынын жакшырышы менен коштолору маалым. Ошентип, өнүгүүнүн жогорку көрсөткүчү болгон беш жылдык пландар ашыгы менен аткарылып турган. Комбинаттар толугу менен механизацияланып, шахтерлордун коопсуздугу чыңдалды. Анын натыйжасында кырсыктардын саны кыскарды. Шахтада мурдакы коркунучтар жоголду. Кадамжай району социалисттик коомдун мезгилинде Кыргызстандын өнөр жайлуу жана айыл чарбасы гүлдөгөн заманбап районго айланды.

## 3.3. Аймактын кеңеш доорундагы социалдык–маданий өнүгүү абалы

Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында жети жылдык мектептер жана орто мектептер, андан кийин жалпы билим берүүчү орто мектепке кайра

уюштуруу каралган. 8-10-класстын окуучулары үчүн 170 адамдан турган мектеп-интернатын ачуу, жаңыдан уюштурулган орто мектептердин иштеши үчүн зарыл шарттарды окуу жылынын башталышына чейин камсыз кылуу, мектеп эмеректери менен камсыз кылуу областтык аткаруу комитетинин төрагаларына жүктөлгөн. Ошол эле жылдары жаңы ачылган орто мектептерди педагогикалык кадрлар менен толук камсыз кылуу да талап болгон [62]. Ал эми 1938-жылы Кадамжай кениндеги куруучуларынын балдарын окутуу максатында мектептин имаратын куруу иштери башталат.

Райондогу калкты билимге тартуу биринчи орундагы милдет катары аныкталган. Кыргызстанда коомчулуктун өкүлдөрүнөн элге билим берүү советтери түзүлүп, мектептерде билим берүү иштери колго алынган.

Кыргызстанда калктын жалпы кат–сабатсыздыгын жоюу боюнча маселе ВКП(б)нын XVIII съезди экинчи беш жылдыкта (1933-1937-жж.) аяктоого чечим кабыл алгандыгына карабастан, райондогу калктын сабатсыздыгын жоюу абалы бир кыйла төмөн болгон. Кыргыз ССРинин 1938-жылдагы мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жана 1939-жылга бюджетин бекитүү боюнча Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин II сессиясындагы отчетто райондун аймагындагы билим берүүнүн абалы төмөндөгүдөй белгиленген: «1938 году на ликвидацию неграмотности из бюджета было израсходовано 5 852 тыс. руб., а в 1939 г. предусматривается 4. 2-3 тыс. руб. В ряде районов работа по ликвидации неграмотности проводится крайне неудовлетворительно. По Халмионскому району охвачено учебой была 4,2 тыс. человек, из них ликвидировали неграмотность только 1,3 тыс. человек или 30%, а израсходовали средств вдвое больше, чем было предусмотрено по бюджету» [32]. Жогорудагы маалыматтар тастыктагандай, Фрунзе районундагы билим берүү тармагына бөлүнгөн каражаттар пландалган суммадан эки эсе ашыкча каражат талап кылып, ал каражаттар бөлүнүп берилген. Окуу жылынын башында эле материалдык жактан камсыздандырууда толук аткарылган. Тагыраак айтканда Кадамжай комбинатынын жумушчуларына шарт түзүү

максатында акча каражаттар Москва аркылуу чечилип турган. 1940-1941-окуу жылында райондун аймагында 69 мектеп болгон. Күндүзгү жалпы орто мектептерде 1940-1941-окуу жылында 10900 окуучу билим алган. 1940-жылы район боюнча 6 балдар бакчасына 362 бала барган [189].

Райондогу билим берүү тармагын уюштуруу жана көзөмөлдөө максатында 1946-жылы Фрунзе райондук элге билим берүү бөлүмү түзүлгөн [9]. Бөлүмдүн ачылышы райондогу мектеп, бала бакчаларынын оптималдашырууга, андан ары уюшкандыкта иштөөгө жакшы натыйжа берген. Ошондой эле райондо жаңы мектептердин проектилерин түзүү, курулушун тездетүү маселелерин тездеткен.

1950-1951-окуу жылында 66 мектеп жакын жайгашкан 3 мектеп мектептерге бириктирилет. Ал эми 1956-жылы 240 орундук 2 кабат мектеп Фрунзе шаарчасына салынган.

1955-1960-жылдары райондун мектептеринде чоң өзгөрүүлөр болду. Мугалимдердин жана эл агартуу органдарынын кызматкерлеринин күч аракети жалпыга милдеттүү орто билимге өтүүнү аяктоо жана билим берүүнүн жаңыланган мазмунун киргизүү боюнча партия менен өкмөттүн чечимдерин ишке ашырууга багытталган.

1960-жылдардан кийин билим берүүчү мекемелердин саны жыл сайын типтүү мектептер, кесиптик окуу жайлардын курулганын архивдик булактардан билсек болот. 1961-жылы Фрунзе райондук элге билим берүү бөлүмү тарабынан орто, сырттан окуу мектеби түзүлгөн [10]. 1964-жылы Айдаркен билим берүү мектеби №35 Титов атындагы мектеп–интернат түзүлгөн [12]. 1964-жылы– Кан №72 кесиптик окуу жайы ачылып, жергиликтүү калктын орто билимдүү кесиптеги кадрларды даярдоодо оң натыйжа берген [11].

Фрунзе районунун жалпы билим берүүчү мектептерде окуучуларды эмгекке тарбиялоо жана кесипке багыттоо маселелерине көңүл бурулган. Бул эл чарбасынын квалификациялуу кадрларга болгон керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн алда канча ыңгайлуу шарттарды түзгөн. 1970-1971-окуу

жылында 70 орто, толук эмес орто мектеп болгон. Фрунзе районуна караштуу 1976-жылы Марказ айылында №33 Кесиптик окуу жайы ачылган [13].

Кесиптик окуу жайлардын ачылуусу менен кошо райондогу курулушу сапатсыз мектептердин ордуна типтүү мектептер курулуп, саны аз мектептер бириктириле баштаган. Натыйжада, 1976-1977-окуу жылында мектептердин саны 51 түшкөн. Бул 1951-жылдан мектептердин кыскаруусу 27 жылда 15 мектепке аз экенин көрсөтөт. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин сегизинчи классты бүтүрүүчүлөрдүн бардыгы орто билим ала башташкан. Райондун мектептеринин материалдык базасын чыңдоого райондук колхоз, совхоздор да көп көңүл бурушкан. Алсак, республикалык, райондогу ишкана, колхоздордун капиталдык салымдардын эсебинен Айдаркен, Кадамжай шаарчаларындагы мектептери 47700 миң сомго окуу куралдарын, эмеректерди сатып алышкан. 1979-1980-окуу жылына карата райондун 75% орто мектептери окуунун кабинеттик системасына өткөн. Булар физика, химия, география, математика, орус тили, биология жана башкалар боюнча 82 кабинеттери уюштурулат. Окуучуларды окутуу эмгекке тарбиялоону жана кесипке багыт берүүнү ишке ашыруу боюнча бир топ иштер жүргүзүлгөн.

Райондо 1985-жылы мектептер аралык окуу–өндүрүштүк комплекс түзүлүп, анда жалпы билим берүүчү мектептердин 9–10-класстарынын 792 окуучусу билим алган. Бул жерде окуучулар машина жасоо, машинка терүү жана иш кагаздарын жүргүзүү, ашпозчулук боюнча билим алып, сатуучу, өтүкчү, кыш кыноочу, тигүүчү адистиктерин алышкан. Натыйжада, райондун мектептеринде окуучулар үчүн ысык тамак берилип, узартылган күн, ийримдер түзүлүп, окуу китептери бекер пайдаланылууда. Райондогу мектеп окуучулары 100% бекер окуу китептери менен камсыздалган. 1986-жылга жетишпеген инвентарлар жана окуу жабдуулары менен камсыз кылуу каралган. 1988-1990-окуу жылынан тартып мектептердин нормалдуу иштеши үчүн зарыл шарттарды түзүүгө райондук аткаруу комитеттердин председателдери милдеттендирилген. Мындай иш чаранын жүргүзүлүшү менен катар жаңы ачылган мектептерде

окуу жылынын 20-августунан кечиктирбестен жаңыдан уюштурулган бардык жети жылдык мектептерди педагогикалык кадрлар менен толук камсыз кылууга мектептин башчылары милдеттендирилген. Жогоруда келтирилген маалыматтардан Фрунзе районундагы жалпы билим берүү системасы ошол мезгилдин талабына ылайык аткарылгандыгын жана уюшулгандыгын билүүгө болот. Жалпы алганда азыркы мектептердеги билим берүү, ар бир айылда мектеп ачуу жана окуу жабдуулары менен камсыз болушу жана аталган маселелердин жер-жерлерде көзөмөлгө алынуусу менен ишке ашкандыгы белгилүү.

**Саламаттыкты сактоо.**

1938-жылы Халмион райондук аймактык ооруканасы түзүлгөн. 1940-жылы 40 орундуу ооруукана болгон.

1942-жылдын 7-майында Кыргыз ССР Элдик Комиссарлар Совети «Саламаттыкты сактоонун кошумча тармагын жайылтуу жөнүндө» токтом кабыл алган. Натыйжада, Айдаркан шахтасында 30 орундуу оорукана, 50 койкалуу балдар бакчасы, фельдшердик пункт, тез жардам станциясы» ачылып социалдык мекемелеринин райондогу жаңы инфраструктурасын өзгөртөт [186].

1950-жылы 140, 1960-жылы 470, ал эми 1976-жылы 760 койкалуу ооруукана болгон [189]. Башка райондорго салыштырмалуу жогорку деңгээлде болгон. Себеби район Москвага баш ийген стратегиялык сырьелорду өндүргөн комбинаттардын болушу, металлургтардын ден соолугуна өзгөчө көңүл бурулган. Бул ооруукааналарга жогорку квалификациядагы врачтар эмгектенип, ооруукааналар медициналык жабдуулар менен жогорку деңгээлде камсыз болуп турган.

Айдаркен, Совет жана Чаувай шаарчаларында 250 орундуу ооруканалар, 310 орундуу 3 айылдык аймактык ооруканалар (Факел, Халмион, Үч–Коргон айылдары), 2 айылдык фельдшердик амбулатория (Орозбеков айылы, Майдан айылы). 250 орундуу кургак учукка каршы санаторий (Кызыл–Булак айылы)

ири айылдарда 25 фельдшерди–какушердик пункт, авариялык абалдан бөлүм райондук ооруканада, 10 дарыканада, райондук санитардык–эпидемиологиялык станциясы бар.

Амбулатория райондун мекемелеринен сменасына 890 кишини кабыл алууга ылайыкталган, 815 орундуу ооруканалардын, анын ичинен 128и төрөт керебети. 1986-жылдын 1-январына карата райондо 128 врач, 492 адам иштейт. Райондо санитардык-эпидемиологиялык 13 врач жана 58 орто квалификациядагы кадрлар иштеген [191].

**Маданият.** Райондогу көпчүлүк маданий–агартуу мекемелердин материялдык–техникалык базасы, клубдар жана китепканалар ылайыксыз, эски имараттарда жайгашкандыгы белгиленет («Ленинград», «Победа» «XXI парсьезди» колхоздору ж.б.). Көркөм чыгармачылык ийримдери үчүн бөлмө, музыкалык аспаптар, костюмдар, жумшак жана катуу эмеректер жок, ал эми ушул максатта маданий мекемелер тарабынан бөлүнгөн каражаттар 1950-жылдан 1963-жылга чейин жылына 36,9 миң сом каралган. Ошондой эле маданий-агартуу мекемелеринин имараттары түрдүү керектөөлөр үчүн иштетилерин белгилей кетүү керек. Мисалы, Калинин атындагы колхоздо китепкананын имараты башка максатта пайдаланган, мындай көрүнүш райондордун башка колхоздорунда да бар. Райондун маданий мекемелеринде кадрларды тандоо, алмаштыруу жана бекемдөө иштери жүргүзүлөт. Жогорку жана атайын орто билимдүү адистердин, клубдарда жана китепканаларда билими жана тажрыйбасын көтөрүү иштери жүргүзүлөт.

Райондогу 4 айылдык жана 4 колхоздук (Ленин атындагы колхоздун «Кара–Жыгач» участогу, XX партсьезд К. Маркс атындагы колхоздорунда) клубдардын курулушун бүтүрүүгө, аларды өз убагында пайдаланууга берүү, клубдарды жана китепканаларды кышкы шарттарда иштоого даярдоо камсыздандырылган.

Маданий агартуу иштерине жаңы формалар жана коомдук башталыш кийирилүүсү жана ар тараптуу өнүктүрүлүүсү 1964-ж.1-январына чейин

райондо 2 маданият мектеби, 3 коомдук китепка жана 1 коомдук клуб ачылган. Клуб, китепкана жана киноустановкалар кеңешинин коомдук инспекторлордун жана методисттердин жумуш менен камсыз кылынышы алдыңкы жылдарга салыштырмалуу бир топ өзгөргөн.

Эл депуттатарынын Фрунзе райондук кеңешини аткаруу комитети маданий–агартуу мекемелеринин кадрдык курамы адистер менен жана орто билимдүү бир топ даярдалган жаштардын эсебинен бекемделген. Мындан ары жыл сайын кадрларга болгон муктаждыкты эске алуу менен жергиликтүү жаштардан тандалган абитуриенттерди жогорку жана атайын орто окуу жайларына жиберүүнүн саны өскөн.

Кыргыз ССРинин маданият министрлигине (Ж. Кондучалова) жана Кыргыз ССР министрлер Кеңешинин алдындагы киноматография башкы башкармалыгына, клубдар, китепканалар жана киноустановкалар үчүн квалификациялуу кадрларды тандоо жана даярдоо боюнча Фрунзе районуна практикалык жардам көрсөтүлдү. Маданият министрлиги тарабынан 1964-ж.1-кварталында малчыларды тейлөө үчүн Фрунзе районуна бир автоклуб бөлүп берилген.

Кыргыз ССР Министрлер Кеңешинин алдындагы киноматография башкы башкармалыгына Фрунзе районунун калкына бардык элдүү пункттарда капчыгайларда жана оторлордо көркөм документалдуу фильмдерди жана айрыкча, айыл чарба фильмдерин көрсөтүүнү уюштуруу жакшы жыйынтыгын берген.

Маданият министрлиги жана Кыргыз ССР Министрлер Кеңешинин алдындагы киноматография башкы башкармалыгы Фрунзе районунун маданият мекемелерине практикалык жардам көрсөтүү үчүн комплекстүү бригаданы жиберүү менен абалды өзгөрткөн.

Китепканалардын саны (жыл аягына чейин) [189 ] **Таблица 1**

| | 1940-ж | 1950-ж. | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971 -ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Област | 193 | 417 | 396 | 529 | 535 | 618 | 635 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| боюнча | | | | | | | |
| Фрунзе району | 16 | 30 | 22 | 37 | 37 | 43 | 44 |

Китепканалардагы журналдардын жана китептердин саны (жыл аягына чейин, миң экземпляр) [189] **Таблица 2**

| | 1940-ж. | 1950-ж. | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971-ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Област боюнча | 293 | 418 | 2015 | 3984 | 4241 | 5072 | 5342 |
| Кадамжай | 10 | 22 | 94 | 269 | 290 | 307 | 313 |

Киноустановкалардын саны (жыл аягына чейин) [ 189] **Таблица 3**

| | 1940-ж. | 1950-ж. | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971-ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кадамжай | 4 | 9 | 18 | 26 | 26 | 29 | 31 |
| Област боюнча | 58 | 153 | 283 | 434 | 434 | 468 | 474 |

Жогорудагы таблицалар көрсөткөндөй, кеңеш доорунда аткаруу бийлиги мадаиятты, илимди бир кыйла өнүктүрүүгө басым жасагандыгы көрүнүп турат. Ошондой эле ар бир адис жумушуна болгон мамилеси менен айрымаланган кесип ээлеринин материалдык жыргалчылыгын жогорулатуу маселелери каралгандыгына күбө болобуз. Ошентип, Фрунзе району билим берүү, саламаттыкты сактоо жана маданият Кеңеш мезгилинде бир топ жакшы ийгиликтерге жетишкен. Район калкынын билим деңгээлинин жогорулашына, ден соолугунун жакшырышына жана руханий муктаждыктарын камсыздоодо айтарлык жетишкендиктерге жетишип өнүгүү жолунда болгон.

1965-жылдарда маданият жана искусство райондун өзүндө, анын рухий турмушунда болуп өткөн өзгөрүүлөрдү чагылдырат. Негизги маданият чөйрөсүндөгү процесстер тышкы факторлордун, интеграциянын да таасирин тийгизет. Бул мезгилде ата мекендик маданият дүйнөлүк маданий процесске активдүү кошулат. Маданият саясаты, социалисттик

мамлекеттин идеологиялык талаптарын сактоого туура келди. Бирок, аны менен күч түзүмдөрүнүн таасири менен ишке ашырууга мажбур, өзгөргөн шарттар да эске алынган, натыйжада өзгөргөн дүйнө, зор мааниге ээ болгон.

1973-жылы СССР Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактты ратификацияланып, бул Кеңеш мамлекетинин маданий саясаттын эл аралык нормаларын аныктаган[80]. Ошентип, КПССтин жана Кеңеш мамлекетинин маданият жаатындагы саясаты болсо бир партиялык башкаруунун жана катуу идеологиялык басымдын шарттарында, маркстик теориянын жана маданий курулуштун практикасынын негизинде түзүлгөн, маданиятка партиялык жетекчиликтин башкаруу системасы таасирин тийгизет. Ошондой эле азыркы замандын реалдуулугун жана эл аралык нормаларды чагылдырган.

Социалдык маданий багыт республикада өзгөрүүгө ээ: масштабы кеңейүүдө маданий алмашуу, чет өлкөлүк адабият менен искусство чыгармалары өлкөдө таанылган. Маданият чөйрөсүндө чыгармачылыктын формаларынын, методдорунун плюрализми болгон тынымсыз репрессияларга жана түздөн-түз каршылык көрсөтүүлөргө карабастан, бул жерде идеологиялык алкак барган сайын кеңейди. Совет мамлекети эбегейсиз зор күч-аракеттерди социалдык багытка жумшады. Инвестициялоо менен социалдык тармакты өнүктүрүүгө болгон аракеттер, бул чөйрөдө олуттуу ресурстар, социалисттик реализмдин бир методунун, тар рамкаларында жөнгө салып турган. Бул карама-каршылык өзгөчө айкын болгон, анткени социалдык маданий процессин ишке ашыруунун контекстинде элестетүү мүмкүн эмес.

Райондук маданияттын өнүгүшүнө таасир тийгизүүдө өлкө жетекчилеринин аракети ачык-айкын таасирин тийгизди. демократиялаштыруу аракеттери көрсөтүлдү айрыкча маданият

тармагында. Бирок, бул жерде маданий процесстердин жарыяланган либералдашуусу менен социалдык чөйрөсүндөгү катуу жөнгө салууну сактоонун (айрым учурларда катаалдаштыруунун) ортосунда да карама-каршылыктар ачык байкалды. Мунун баары өлкөдөгү руханий атмосфераны өзгөртүп, аны жаңы сезимдерге, таасирлерге толтуруп, коомго таасирин тийгизгени талашсыз.

Ошентип, көп сандаган документтерди жана материалдарды изилдөөнүн жана болгон тарыхнаамалардын негизинде төмөнкү тыянактарды  жасоого болот. Биринчиден, райондун маданий турмушу 1965–1985-жылдар бай жана ар түрдүү болгон. Социалдык багыттын бардык түрлөрү өнүгүп, ар кандай мекемелер курулат. Эл аралык маданий алмашуунун чектери кеңейген: райондук артисттердин гастролдору сейрек эмес, күнүмдүк көрүнүш, ошол эле учурда жөнөкөй адамдары классикалык  искусствонун көрүнүктүү кубулуштары менен таанышууга мүмкүндүк алды жана  мезгилдүү басма сөз, жергиликтүү авторлордун китептеринин котормолору жер-жерлердеги китепканаларга жетип турган.

Экинчиден, белгилүү методго ылайык жайгашкан идеологиялык догмалар социалисттик реализм, толук чыгармачылык эркиндик бербейт, маданий прогресске жолтоо болгон учурлар да болгон. Кеңеш доорунун акыркы он жылдыкта калыптанып калган бийликти көзөмөлдөө жана диктатура системасы социалдык тармагында бул мезгилдин маданий процесстери менен карама-каршы келет. Чыгармачылык нааразылык, айрымдардын чыгармачылык эркиндигин чектөө, маданият ишмерлери жана ошол эле учурда ата мекендик искусствонун дүйнөгө интеграциясы маданий мейкиндик терс экендигин да белгилейбиз.

Үчүнчүдөн, идеологиялык структуралар жана ал тургай укук коргоо органдары өздөрүнүн көркөм маданияттагы кас тенденцияларга каршы

күрөштө алсыздыгын көрсөтүп келген. Коомдук жашоонун бул чөйрөсү өзгөчө, бул жерде орой күч колдонуу мүмкүн эмес.

Төртүнчүдөн, социалдык багыттын маңызын ачуу тарыхый жактан корутунду сфера, социалдык чөйрөдөгү карама-каршылыктар. Бул өз кезегинде чиновниктердин ортосундагы ажырымдын өсүшү жөнүндө, маданиятты жана искусствону өнүктүрүүнүн милдеттерин жана багыттарын түшүндүрүү менен идеология жана коомдун бул багыттагы муктаждыктары, зарыл болгон. Акырындык менен комбинаттардын гүлдөп өнүгүүсү райондун социалдык маданий чөйрөсү Советтер Союзунун салттуу идеологиялык парадигмасына жакындаган.

# IV БАП. КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

## 4.1. Эгемендүүлүк мезгилиндеги райондун айыл чарбасынын абалы

Кадамжай району алгач Ош областынын административдик аймагынын бири болгон. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында республиканын бир катар аймактарына, алардын аталыштарына өздөрүнүн тарыхый аттары кайрылып бериле баштаган. Ошондой тарыхый өзгөрүүгө райондун аталышы дагы туура келген. 1992-жылдын 6-мартындагы Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен Фрунзе районунун аталышы Кадамжай району деп өзгөртүлгөн [82].

Аянты 614906 гектар райондун айыл–чарбага жарактуу жери 215,4 миң га (облустун 31,7%и), анын ичинде айдоо жери 25,7 миң га (37,2%), көп жылдык өсүмдүктөрү 3,2 миң га (30,8%), чөп чабынды 2,8 миң га (29,8%), жайыт 183,1 миң га (31,1%). Райондун айыл чарба өндүрүшүндө 524 дыйкан чарба, 94 кичи фермердик чарба, 945 жеке жер ээлери, 5 мамлекеттик үрөнчүлүк чарба иштейт. 14,1 миң га дан эгиндери эгилип, андан 46,7 миң тоннадан (анын ичинде 29,9 миң т. буудай, арпа ж. б. 1,6 миң т. буурчак), 20,2 миң т. жашылча, 9,9 миң т. картөшкө, 5,2 миң т. бакча, 9,8 миң т. мөмө-жемиш, 2,6 миң т. жүзүм жыйналган. Райондо 38,7 миң бодо мал, 129,2 миң кой-эчки, 5,1 миң жылкы, 71,3 миң үй канаттуулары бар. Бак дарактары 3921 гектар [169].

1991-жылдын 15-февралында Дыйкан чарбалар жөнүндө кабыл алынган мыйзамда дыйкандарга ээлик кылууга жер берүү жана аларды жердин ээси катары эсептөө жана жерди бөлүүдө жерге болгон нормативдик укуктардын өзгөрүүсү менен колхоз–совхоздор пайдаланган жерлерди бөлүштүрүп, жер үлүшүн жана аны дыйкандарга узак мөөнөткө конкурстук негизде арендага берүү, жеке чарбаны түзүү шарттары каралган [81].

1991-жылдын ноябрь айында «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасында жер жана башка өндүрүш мамилелерин калыптандыруучу иш–

чараларды камсыз кылуу» жер реформасынын Республикалык Борбору түзүлгөн, анын курамына областтык жана райондук агро-жер реформасынын борборлору кирген, алар жер жана агрардык реформаны улантуу үчүн аракеттер жасашкан [101].

Райондук жана айылдык деңгээлде жер жана агрардык реформаны агро жер реформасынын райондук жана областтык борборлору Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоосунун райондук структураларынын жана жергиликтүү бийлик органдарынын (райондук мамлекеттик администрациялар, айылдык жана поселкалык кеңештердин органдарынын) катышуусу менен жүргүзүлгөн.

Адегенде Кыргызстандын айыл чарбасын менчиктештирүүнүн негизги максаты аны айыл чарба экономикасын тез өнүктүрүү үчүн айыл чарба секторун кайра куруунун ийкемдүү рычагы, ишенимдүү куралы жана заманбап механизми катары колдонуу болгон. Өтө кыска мөөнөттө жүргүзүлгөн айыл чарбасын менчиктештирүүнү үч негизги этапка бөлүүгө болот.

**Биринчи этап**–1991-1993-жылдарды камтыйт. Жалпы социалисттик менчикти мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү процесси 1991-жылы мамлекет түзүлгөндөн кийин башталган. Бул этаптын дагы бир мүнөздүү өзгөчөлүгү–кеч болсо да жер кодекси, жер реформасы, ошондой эле дыйкан чарбасы жөнүндө мыйзамдардын кабыл алынышы, б.а., менчиктештирүү боюнча ченемдик укуктук базаны түзүү. **Экинчи этап**–1994-жыл. Менчиктештирүүнүн биринчи этабында кетирилген одоно каталарды эске алуу менен менчикти мамлекеттен ажыратуунун жана менчиктештирүүнүн жаңы концепциясы иштелип чыккан. Ошондой эле Дүйнөлүк валюта корунун жана Дүйнөлүк банктын эксперттеринин сунуштары жана пикирлери эске алынган. Менчиктештирүүнүн мыйзамдык базасы толукталып, менчиктештирүүнүн тартиби жана ыкмалары жөнөкөйлөштүрүлүп, эми алар жалпы коомчулукка түшүнүктүү болуп калды. Айыл жана суу чарба министрлигинин жана жергиликтүү бийлик органдарынын алдында жер жана агрардык реформаларга

жооптуу органдар түзүлгөн. Албетте, социалисттик менчикти жеке менчикке өткөрүү идеясы адамынын оюна да келмек эмес. Айрыкча айыл жеринде Кеңеш бийлиги кайра көтөрүлүп, социалисттик менчикке кол салгандарды жоопко тартат деген коркунуч күчтүү болгон. Анын үстүнө менчиктештирүүнүн алгачкы программасы болгонуна карабай, аны ишке ашыруунун мыйзамдык базасы ал кезде толук эмес болчу.

**Үчүнчү этап** – 1995-1996-жж. Бул этапта айыл жеринде мамлекеттик жана колхоздук менчикти массалык талкалоо жүргүзүлдү. Агрардык жана жер реформасынын программасында белгиленген менчиктештирүүнүн ыкмалары жана ырааттуулугу, кабыл алынган закондор, Президенттин жарыяланган жарлыктары жана өкмөттүн токтомдору менчиктештирүүнүн укуктук негизин түздү, колхоздордун жана совхоздордун малын, машиналары жана шаймандары талап–тонолду. Жыйынтыгында, ондогон жылдар бою жыйналган эбегейсиз зор ресурстарды туура эмес менчиктештирүүнүн натыйжасында түзүлгөн айыл чарба өндүрүшүнүн пайдубалы талкаланды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылы 3-ноябрда №297 «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны андан ары өнүктүрүү жана мамлекеттик колдоо боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы чыккан. Жер участкаларын (үлүштөрүн пайдаланууга айыл калкынын укуктарын ишенимдүү коргоону камсыз кылуу, жер рыногун түзүү жана аны туруктуу иштетүү, жайыттарды пайдаланууну реформалоо, дыйкан чарбаларынын жана айыл чарба кооперативдеринин иши үчүн рыноктук шарттар каралган. Дыйкандардын жер участкаларын (үлүштөрүн) пайдалануу укугу 99 жылга узартылган [68]. Өлкөдөгү ишке ашырылып жаткан реформа Кадамжай районунан башталып, жерди дыйкан фермерлерге бөлүп берүүнүн жыйынтыгы 1995-жылдарда эле алгачкы жыйынтыгын берген. Натыйжада, жер өзүнүн ээсин тапты, ал сатып алуу–сатуунун объектисине айланды, айыл чарбасында рыноктук мамилелер калыптанды. Арийне, агрардык–жер

реформасын андан ары өнүктүрүү үчүн жаңыча ыкмалар, демек, жаңы агрардык саясатты иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарыл болгон.

1996-жылы райондо 472 дыйкан чарбасы, 2 айыл чарба кооперативи, 230 жеке жер ээлери, 56 чакан фермердик чарбалар каттоодон өткөн. Ошондой эле 3921га жерде алма, гилас, шабдалы, алмурут, мөмө–жемиш бактар, анын ичинде 802га аянтта жүзүм бак болгон. Айыл чарбанын негизги бөлүгүндө буудай, тамеки өстүрүү орун алган [51]. Мамлекет толугу менен материалдык-техникалык ресурстарды жана өндүрүлгөн продукцияны борборлоштуруп пландоо жана бөлүштүрүү саясатын ачыкка чыгарды. Ошол эле мезгилде чарбалык субъектилердин продукция өндүрүү жана аны сатып өткөрүү ишине көмөк көрсөтүү, салык салуу, кредит берүү маселелери боюнча жеңилдетилген шарттарды түзүү, кеңеш берүү жана дагы башка көмөкчү кызматтарды көрсөтүү үчүн шарттар каралды.

Айыл чарбасы 1997-жылдын аягында бурулуш учурга жетип, дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын акырындык менен өсүү мезгили башталды. Ошентип, базар экономикасына өтүүдө айыл чарба тармагында олуттуу өзгөрүүлөр болуп, чарбачылыктын түрү көбөйдү. Агрардык реформаны ишке ашыруу менен өлкөдө фермерлер, жеке дыйкандардын катмарлары жана айылдык ишкерлер пайда болду.

1996-2000-жылдарда райондун аймагында агрардык реформа айыл чабасын багытын аныктады. Натыйжада, табийгый шартты эске алып, айдоо жерлер кыскарып көп жылдык мөмө-жемиш бактарынын аянты өстү. Үч–Коргон, Кара–Дөбө, Марказ, Алга айыл өкмөттөрүндө жалпы 10200гектар айдоо аянтынан 50 центнерден кылкандуу дан өндүрүлгөн. Ушул эле жылы райондо күрүч өндүрүү 4200гектарга жеткен. Айыл чарба тармагы экономиканын башка тармактарынан айырмаланат; негизинен, дан эгиндери, жашылчачылык, картошкачылык, техникалык өсүмдүктөрдү (пахта, тамеки) өстүрүү жана мал чарбачылыгы менен мүнөздөлөт. Айыл чарба сектору

экономиканын эң ири тармагы болуп саналат, 2000-жылга карата анын үлүшү ички дүң продуктунун (ИДП) 38,2%ын түзгөн [186 ].

Табигый жайыттардын көптүгү мал чарбачылыгынын, өзгөчө эчки, кой, жылкы жана топоз чарбасын өнүктүрүүгө шарт түзгөн. Экономиканын бул тармагындагы экономикалык өсүш жана туруктуулук көбүнесе агрардык жана жер реформасын ишке ашыруунун эсебинен камсыздалат. Реформанын натыйжасында айыл чарба тармагында менчиктин ар кандай формалары бар көп тармактуу экономика түзүлдү. Мурдагы ири совхоздор менен колхоздордун жерлерин жеке чарбалар ээлеп турган.

Жер рыногу, атаандаштык жана банкроттук сыяктуу болуп көрбөгөндөй жаңы мамилелердин пайда болушуна алып келген, жерлерди менчиктештирүү маселеси чечилди. Өндүрүш мамилелери өзгөрүүдө, айыл тургундарынын кеңири катмары жерге жана өндүрүш каражаттарына жеке менчик укугу менен пайда болууда.

2001-жылы Асанбай Пазыловдун демилгеси менен «Жаңы Жер» коомдук уюму аркылуу кошумча канал курулган. Жалпысынан ремонттоо, куруу иштерине 90млн сом жумшалып, айыл чарбасын суу менен үзгүлтүксүз камсыздоо маселеси чечилет. Республикада «Жер жана агрардык реформа» биринчи болуп башталган [172]. Бүргөндү өрөөнүндө жалпы 28миң гектар айыл чарбасына жарактуу жери болсо, аны кеңейтүү максатында жергиликтүү бийлик жаңы жерлерди өздөштүрүүнү колго алат. Бул өрөөндө айыл чарбасын сугат менен камсыз кылуу максатында Бүткүл дүйнөлүк бактын жардамы менен каналдар 2млн. акча каражаты менен оңдоп түзөөдөн өткөн [124].

Эчки чарбасы Кыргызстанда, анын ичинде эзелтеден бери мал чарбачылыгынын салттуу тармагы болуп келген абориген текелердин тукумун жакшыртуунун натыйжасында “Кыргыз жүндүү” ата мекендик жаңы породалар иштелип чыккан. Кыргыздын жүндүү жана жүндүү эмес эчкилери тоо жайыттарында кароого жакшы ыңгайлашкан. Алар жетүүгө кыйын болгон таштак, бадалдуу жана жарым чөл жайыттарды пайдаланышат. Алардан

рынокто чоң суроо-талапка ээ болгон баалуу продуктылар–эчкинин тыбыты, ангор жүнү, булгаары жана эчкинин жүндөрү (терилери), ошондой эле тамак-аш азыктары, эт жана сүт алышат. Эчкилерди багуу чоң чыгымды талап кылбайт. Эчкилердин кыргыз мамык породасы негизинен Баткен облусунда өстүрүлөт. Бул жерде «Тегирмен–Башы» кооперативдик асыл–тукум заводунун негизги асыл тукум базасы жайгашкан, анын оторунда 4,5 миң баш асыл тукум эчкилер бар, ар биринен орточо 0,45 килограммдан жүн алынат. Кыргыз жүндүү эчки породасынын негизги асыл тукумдуу аймагы Кадамжай району эсептелет. Асыл тукум эчкилерди 2 жеке менчик асыл тукум чарбасында көбөйтүшөт [60]. Райондо, негизинен, жергиликтүү жана аргындаштырылган эчкилер өстүрүлөт. Асыл тукумдуу, продуктылуугу жогору малдан мыкты киреше алынат. Демек, асыл тукумдук базаны жакшыртуу, кыргыздын мамык жана жүн тукумундагы асыл тукум эчкилерин өстүрүү боюнча жеке чарбалардын жана кооперативдик чарбалардын тармагын кеңейтүү, ошондой эле алардын ийгиликтүү иштеши үчүн тийиштүү финансылык колдоо көрсөтүү, эчки чарбасын өнүктүрүү менен жеңил өнөр жай тармагындагы ишкана куруу район жетекчилеринин милдети катары калат.

2000-2007-жылдардагы өлкөнүн экономикасындагы тамак-аш продукцияларынын өнүгүү абалына сереп салган окумуштуулар аймактардагы экономиканын бул тармагындагы өсүштүн төмөндөгөнүн белгилешет. Мисалы, Баткен областында 1,8 эсе же болбосо 356,2 млн сомдон 197,8 млн сомго кыскарган. Ал эми биз изилдөөгө алган Кадамжай районунда өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 3,4 эсеге азайган же 52,7 млн. сомдон 15,3 млн. сомго кыскарган. Бул коңшу Лейлек районуна караганда 1 эсе көбүрөөк болгон. Лейлек районундагы өндүрүш продукциясы 52,7 млн сомдон 15,3 млн. сомго кыскарган [58].

"Жаңы экономикалык саясат" (2009-ж.) [60] өнүгүүнүн көп сандаган тармактык программалары айыл чарба чөйрөсүндө негизги саясат–бул Кыргыз Республикасынын калкын сапаттуу азык–түлүк менен камсыздоо жана

тармактарды жогорку сапаттагы экологиялык жактан таза, органикалык, тоо продукцияларын дүйнөлүк жана регионалдык рынокко жеткирүүчүгө айландыруу. Мамлекеттик колдоо айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана кайра иштетүү менен алектенген ири айылдык ишканаларга, фермердик чарбаларга жана кооперативдерге багытталат, жогорку кошумча наркты түзөт. Райондун айыл чарбасы экономиканын негизги тармагы болуп саналат жана кала берет, элди иш менен камсыз кылууда жана азык-түлүк коопсуздугунда да негизги мааниге ээ.

Экономикалык өсүш жана аймактын калкынын жашоо деңгээлинин жогорулашы экономикалык кайра куруулардын натыйжаларына жана дан жетиштирүү өсүү темптерине жараша болот. Негизги чарба жүргүзүү бакчылык, экономиканын жаңы секторуна айланды. Райондун келечектүү, тез өнүгүп жаткан тармагы бак  өстүрүү болуп саналат. Айдоо аянттарынын структурасында жашылча, бак өсүмдүктөрүн өстүрүү үчүн эң жакшы табигый–экономикалык шартка жараша өрүк, алма, алмурут, шабдалы, гилас, алча, анар, жүзүм 3,7 миң гектардан ашык аянтты ээлейт. Бул жерде көптөгөн кылымдар бою бактардын көп түрү өстүрүлгөн. Тандалган  сорттору, мөмөлөрүнүн жогорку сапаты Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде да белгилүү. Түшүм 50—57 ц/га; мөмө–жемиштердин дүң жыйымы 59,7 миңден ашык миң тоннаны (2014-жыл үчүн) түзөт. Райондо 2 мөмө-жемиш зонасы бар – жалпак жана тоо этектериндеги зонада жемиштердин товарлары. Бул жерде өнөр жай багбанчылык таштак аймактарды, бийик жерлерди өздөштүрүүнүн эсебинен өнүгө алат, тоо этектери, рельефи кырдуу жерлер. активдүү күн менен тегиз аймак таасири жүзүм, өрүк, шабдалы, гилас, анар, анжирдин баалуу сорттору үчүн ыңгайлуу [63].

Айыл чарба тармагын жана агро өнөр жай комплексин өнүктүрүүдөгү негизги багыт болуп дүйнөлүк жана региондук рынокторго айыл чарба продукцияларын олуттуу көлөмдө жеткирүүчү катары тышкы рынокто өлкөнүн атаандаштыгын чектеген бөгөттөрдү жана салттуу айыл чарба өсүмдүктөрүн

өстүрүү үчүн өндүрүштүк кубаттуулуктардын жетишсиздигин жоюу эсептелет. Тармакка айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн, сактоонун жана кайра иштетүүнүн сапатын контролдоо боюнча эл аралык система киргизилет. Айыл чарба тармагы үчүн мамлекеттик саясатта айыл чарба продукциясынын ар кандай түрлөрүн өндүрүү колдоого алынат, мында жогорку кошумча наркы бар жана дүйнөдө суроо-талап тез өсүп жаткан экологиялык жактан таза, органикалык продукциялардын түрлөрүнө артыкчылык берилет. Ошондой эле күнөскана комплекстери кеңири өнүгөт, өндүрүштүн жаңы жогорку технологиялуу методдору киргизилет, ошол эле учурда алар өлкөнүн айыл чарбасынын органикалык багытын камсыз кылуу үчүн экологиялык жактан таза бойдон калат. Айыл чарбасындагы экономикалык натыйжаны көтөрүү үчүн мамлекет чакан жеке чарбаларды кооперативдерге жана агломерацияларга өзгөртүүгө өбөлгө түзөт (кийин бул агломерациялар региондорду өнүктүрүүнүн таяныч орундары болот) [191]. Чакан фермердик чарбалардын көптүгүн жана кайра өзгөртүүлөрдүн процессинин узактагын эске алып, өндүрүмдүүлүгүн, атаандаштуулугун жакшыртуу, кирешелерди диверсификациялоо жана азык-түлүк менен өзүн-өзү камсыздоо максатында аз камсыз болгон айылдык тургундарга тиешелүү болгон мындай чарбаларды колдоо саясаты улантылат.

Кадамжай районунун аймагына “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык жана аймактык бирдиктердин объектилерин белгилөө тутумунун мамлекеттик классификатору” (2009) боюнча райондук маанидеги 2 шаар (Айдаркен, Кадамжай (курамында Таш-Кыя, Пүлгөн, Чал-Таш айылдары бар), 12 айыл аймагы түзүлгөн: Ак-Турпак айыл аймагы 15 айылдан турган, борбору Жаңы-Жер; Алга айыл аймагы 7 айылдан турган, борбору Алга айылы; Бирлик айыл аймагы 13 айылдан туруп, борбору Ормош айылы; Абсамат Масалиев айыл аймагы 8 айылдан турган, борбору Кара-Дөбө; Көтөрмө айыл аймагы 10 айылдан турган, борбору Кызыл-Булак айылы; Майдан айыл аймагы 13 айылдан борбору Кара-Жыгач айылы; Марказ айыл аймагы 6 айыл кирген, борбору Айрыбаз айылы; Орозбеков айыл аймагы 7

айылдан турган, борбору Орозбеков айылы; Үч-Коргон айыл аймагына 12 айыл кирген, борбору Үч-Коргон айылы; Исхак-Полотхан айыл аймагына 13 айыл кирген, борбору Жеңиш айылы; Кыргыз-Кыштак айыл аймагы 5 айылдан турган, борбору Кыргыз-Кыштак айылы; Совет айыл аймагы жана Чаувай айыл аймактарынан куралган [182].

Айыл калкынын социалдык маселелерин чечүү, ирригацияны өнүктүрүү жана ирригациялык курулуштарды куруу үчүн Өкмөттүн токтому чыккан (КР 2011-жылдын 16-майындагы № 229 «Жаңы талаа жерлерин өздөштүрүү жана айыл чарба Кыргыз Республикасындагы чарбалык объектилер»). Бул токтом мамлекет тарабынан жаңы программа 2011-2015-жылдарда Кадамжай районундагы Бүргөндү өрөөнүнүн жерлерин өздөштүрүүдө 2009-жылга сметанын негизги баасы 396,800 млн сомду түзгөн, 3489 гектар жаңы жерди өздөштүрүү каралган, объект 3 бөлүккө .

а) 1– бөлүк. Бүргөндү магистралдык каналынан 4,4 м3/сек ылдамдыкта суу алуучу ГЭС, узундугу 1,56 км, д=1020 мм. Жупташкан темир суу түтүктөрүнүн баасы 28,32 млн сомду түзөт. Бул иштер 2009-жылы аяктап, пайдаланууга берилген.

б) 2–бөлүк. Узундугу 3,2 километр келген магистралдык канал жана жер участокторун сугаруу үчүн 15,1 км темир-бетон лотокторунан жасалган ички каналдар. Тендердик баасы – 118,3 млн сом. Магистралдык каналдын курулушу аяктап, жерди сугаруу үчүн 8,56 чакырым канал бүткөрүлгөн. Экинчи бөлүктүн курулушу башталгандан бери 97,87 миллион сом каржыланып, 101,8 миллион сомдук иштер аткарылган. 2014-жылдын экинчи жарымында курулушту аяктоо үчүн каржылоо маселеси каралып, жаңы жерлерди өздөштүрүү пландалууда.

в) 3–бөлүк-узундугу 95,64 км болгон ички сугат каналдары. Бул каналды каржылоо маселеси Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы өкмөттөр аралык келишимдер аркылуу аткарылат. Келишимдин негизинде 2012-жылдын 17-июлунда № 505 каржылоо маселеси чечилген. Кадамжай районундагы Каракыштак-Боз каналынын курулуш баасы 320 388

миллион сом, ички каналдар менен 2011-жылга базалык сметалык баасы 401,7 миллион сом. Негизги каналдын узундугу 20 км, анын ичинде эки суу туннели № 1 жана № 2 тунелдер. Объекттин курулушу аяктагандан кийин 488 гектар жер өздөштүрүлүп, 760 гектар сугат жерин суу менен камсыздоо көбөйөт. Курулуш башталгандан бери каналдын эки тоннелинин курулушу аяктап, оңдоо иштери аяктады. Механизациялоо долбоору боюнча 8,9 километр канал жана анын негизинде бир нечеси курулган гидроагрегаттардын жалпы курулушу 191,2 млн. сомго каржыланган, 186,4 миллион сом суммасында иш аткарылган.

Суу пайдалануучулардын ассоциациясы үчүн каналдын курулушу «Молдо-Нияз» сугат суусунун булагы– Ак-Суу дарыясы. Негизги суу алуучу түйүн жана каналдын 350 метри Өзбек Республикасынын аймагы аркылуу өтөт. Жаңы 300 гектар жер өздөштүрүлүп жатат. Мындан тышкары 410 гектар жерди суу менен камсыз кылуу дагы жогорулайт, жер объекттин негизги баасы 200 миллион сомду түзөт. Долбоорлоо жана изилдөө иштери толугу менен аяктады. Облус үчүн мамлекеттик бюджеттен 384,79 млн сом бөлүнүп жана 383,02 сом суммасында иш аткарылды. Кредиттик каражаттардын эсебинен Түркия Республикасы тарабынан 146,14 миллион сом бөлүнүп, 100,8 миллион сомдук иштер аткарылган. Каржылоонун жалпы суммасы 530,93 миллион сомду түзүп, 483,8 миллион сом суммасында иш бүткөрүлдү [176]. Бул аткарылган иштер райондун элдерин сугат суу менен камсыз кылуу максатында аткарылып жаңы өздөштүрүлгөн жерлерде жаңы конуштар пайда болгон.

Баткен облусу 2021-жылы айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 16 млрд 287,9 млн. сом болуп, 2020-жылга салыштырмалуу 89,7 пайызды түзгөн. 20004,5 тонна эт, 82346,8 тонна сүт, 17479,1 миң даана жумуртка, 688,9 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу эт өндүрүү 0,2 пайызга, сүт өндүрүү 1,1 пайызга, жумуртка өндүрүү 1,7 пайыз. Ал эми жүн 1,7 пайызга аз өндүрүлгөн. Райондор боюнча: эт өндүрүү Баткен районунда 0,2, Лейлек районунда 0,5, Баткен шаарында 0,1,

Кызыл-Кыя шаарында 0,1, Сүлүктү шаарында 0,3 пайызга өсүү болгон. Ал эми Кадамжай районунда өткөн жылга салыштырганда 0,2 деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,1, Кадамжай районунда 2,5, Лейлек районунда 0,5, Баткен шаарында 0,2, Кызыл-Кыя шаарында 0,1 пайызга жогорулаган.

Жумуртканы Баткен району 0,2, Кадамжай району 3,6, Лейлек району 0,5, көп өндүргөн. Облус боюнча 2021-жылдын 1-октябрына карата 74151,0 тонна дан эгиндери жыйналып, 2020-жылга салыштырмалуу 69,2 пайызды түзгөн. Бардык дан эгиндерди өндүрүүнү өткөн жылга салыштырмалуу Баткен району 44,9 пайызга, Кадамжай району 101,7 пайызга аткарган. Анын ичинен буудай 21148,2 тонна же 74,7 пайызды; арпа 9374,6 тонна же 40,6 пайызды түзгөн. Кадамжай районунда 1016,3 тонна, Лейлек районунда 320,0 тонна, тонна дан буурчак өндүрүлгөн.

Картошка 33773,9 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 98,5 пайызды; жашылча 55652,9 тонна же 104,4 пайызды, мөмө–жемиш 40613,4 тонна же 66,2 пайызды, жүзүм 1928,0 тонна же 79,4 пайызды түздү. 2020-жылга салыштырмалуу картошка казып алуу Баткен районунда 81,1 пайызга, Кадамжай районунда 100,0 пайызга, Лейлек районунда 106,4 пайызга аткарылган. Жашылча жыйноо Баткен районунда 93,3 пайызды, Кадамжай районунда 100,6 пайызды; мөмө–жемиш өндүрүү Баткен районунда 43,1 пайызды, Кадамжай районунда 100,0 пайызды, Лейлек районунда 47,7 пайызды, Баткен шаарында 38,9 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 32,0 түзөт. Жүзүм мөмөсүн жыйноо Баткен районунда 53,0 пайызды, Кадамжай районунда 105,8 пайызды жана Лейлек районунда 57,0 пайызга аткарган.

**Райондун ички регионалдык дүң продукциясынын көлөмү:**

2022-жылы ички регионалдык дүң продукция 14 млрд 856 млн 722 миң 900 сом сомду сомду түзгөн [186].

**Айыл чарбасына** 68,1%ы же 11 млрд. 212 млн. 495 миң сому туура келет. **«Айыл чарбасын каржылоо-11»** долбоорунун негизинде 6% жеңилдетилген насыялар «Айыл Банк» ААКму, «РСК Банк» ААКму тарабынан

138 жаранга 61 млн. 400 миң сомдук айыл чарба багыттары боюнча мамлекеттик колдоо көрсөтүлүп жеке ишкерлерге жана дыйкан фермерлерге жеңилдетилген насыялар берилген. «РСК Банк» ААКму тарабынан “Агро өнөр жай комплекси” (КАПК) аркылуу 6% жеңилдетилген насыялар 15 жаранга, 5 млн 100 миң сом, ал эми «Айыл Банк» ААКму тарабынан лизинге айыл чарба техникаларын 6% жеңилдетилген үстөк менен 11 жаранга 32 млн 800 миң сомдук насыя берилген. Бүгүнкү күндө райондун аймагындагы мамлекеттик банктарда 249 жаран айыл чарба багытындагы берилүүчү насыя алуу үчүн кезекте турат жана 40-50 млн го чейинки акча каражаты керектелет [177].

**“40 райондон 40 демилге” долбоору (Кыргыз Патент)** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №411 токтому менен ишке ашырылып келе жаткан долбоолор боюнча 2022-2026-жылдарга республика боюнча конкурс жарыяланып, 2022-жылдын жыйынтыгы менен Совет айыл аймагынын тургуну “Тамчылатып суугаруу системасы менен түшүмдүүлүгү төмөн какыр жерде биогумус колдонуп, өрүк бак өстүрүү” долбоору жеке ишкер тарабынан 1 млн. сомдук инновациялык грантынын жеңүүчүсү деп табылган, учурда долбоор ишке ашырылган [187].

**“Бир айыл-бир продукт”** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 20-февралындагы №29 Жарлыгына ылайык [181], райондун аймагындагы жеке ишкерлер жана өндүрүүчүлөр тарабынан Уч-Коргон айыл аймагынын “Шабдолунун ширесин жана кыямын” жасоо жана “Шабдалыдан шербет жасоо”, АкТ–урпак айыл аймагынан “Күрүчтүн калдыктарынан бетке кам көрүүчү скраб” даярдоо долбоорлору сунушталып, колдоого алынган жана учурда долбоорлор ишке ашырылган [181].

**Айыл чарба тармагы.**

2023-жылы айыл чарба тармагынын дүң продукциясынын көлөмү 11 млрд. 212 млн. 495 миң сомду түзгөн.

Бүгүнкү күндө райондун аймагында жалпы айдоо аянттары 26 300 ганы түзөт анын ичинен 18 412 га сугат айдоо жана 7888 га кайрак айдоо жерлер.

Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан 2023-жылдын түшүмү үчүн себүү жер аянттарын 23 556 гектарга жеткирүү, 2022-жылга салыштырмалуу 237 га (2022-жылда 23319 га) жер аянтка ашыкча себүү пландаштырылып аткарылган. Райондун аймагында 324 миң түп мөмөлүү жана декоративдик бак дарактардын көчөттөрү отургузулуп, айыл чарба эгиндерин жана мөмөлүү бактарды суугаруу, азыктандыруу жана зыянкечтерге каршы дарылоо жумуштары жүргүзүлгөн. Андан тышкары аймактардагы көп жылдык бактардан бышып жетилген мөмө- жемиштердин (өрүк, гилас, кайналы, алма, малина, кулпунай ж.б.), жашылчалардын (памидор, бадыраң, сарымсак, редиска, капуста, калемпир, көк чөптөр жана башкалар) түшүмдөрү жыйналып, өлкөнүн ички базарларына жана чет өлкөлөргө экспорттолууда ( Россия, Казакстан ж. б.).

**Мал чарбасы.**

2023-жылы 7185,5 т эт (100%), 34257,5 тн сүт (101,14%), 7577,8 миң даана жумуртка (100,94 %) жана жүн 240,3 тн өндүрүлгөн (98,44 %). Малдардын асылдуулугун жогорулатуу иштери улантылып, элдердин арасында бул иштерди жайылтуу максатында түшүндүрүү иштери улантылууда. 2023-жылдын III– кварталында 358 баш уй жасалма жол менен уруктандырылып, жыл башынан бери 108 баш музоо алынды. Райондо КРнын АЧМнин колдоосу менен мал жандыктарын жасалма жол менен уруктандырууну өнүктүрүү боюнча семинарлар жер–жерлерде уюштурулду.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-октябрындагы №592 токтомунун негизинде райондо жайгашкан 6 (алты) фермердик чарбасына асыл тукум статусу ыйгарылган. Алар ири мүйүздүү малдарды өстүрүү багытында “Эрлан”, “Миң-Чынар”, “Ыхтыяр” асыл тукум фермердик чарбалары жана майда мүйүздүү малдарды өстүрүү багытындагы “Сохиб”, “Эркин-95”, “Умид” асыл тукум чарбалары болуп эсептелинет.

2023-жылдын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында бодо малдарды өстүргөн асыл тукум чарбалары тарабынан райондун ички

базарларына жана социалдык объектилерине 8100 кг, майда мүйүздүү малдарды өстүргөн асыл тукум чарбалары тарабынан 700 кг эттерди арзан баада сатууга чыгарылган. Ошондой эле жергиликтүү калктын мал жандыктарынын асылдуулугун жакшыртуу максатында жогорудагы асыл тукум чарбалары тарабынан 43 баш бодо мал, 235 баш майда мүйүздүү малдар сатылат. 2023-жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн майрамдоо күнүнө карата уюштурулган айыл чарба продукцияларынын жарманкесине асыл тукум фермердик чарбалары, мамлекеттик эксперименталдык чарбалары жана айыл чарба кооперативдери тарабынан өндүрүлгөн айыл чарба азыктарын жана мал чарба азыктарын райондун жашоочуларына арзан баада сатууга бир топ шарттарды түзүп берген. Мындан ары айыл чарба продукцияларын арзан баада сатуу жарменкесин 2023-жылдын октябрь айында уюштурулган.

## 4.2. Өнөр жай жана ишкердиктин өнүгүүсүндөгү проблемалар

Райондун экономикасын өнүктүрүүдө өнөр жай сектору негизги ролду ойнойт. Бул улуттук киреше булагы катары, өндүрүштүн маанилүү бөлүгү кен казып алуу жана кайра иштетүү менен байланышкан. Тарых илимдеринин доктору, профессор А. Акунов Кыргызстандын экономикасынын эгемендүүлүгүнүн мезгилдеги өнүгүшүн шарттуу түрдө төмөндөгүдөй:

- 1990-1993-жылдар–экономиканы либералдаштыруунун алгачкы баскычы;
- 1994-1995-жылдар–экономикадагы кырдаалдын кескин начарлашы, системалык кризистин чегине жетиши; 1996-2000-жылдар – ички дүң продукциянын кайрадан өсүү жолуна багыт алышы;

- 2001-2010-жылдар–Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейин Өнүктүрүүнүн комплекстүү негизи (ӨКН) программасынын кабыл алынышы жана аны ишке ашыруудагы көйгөйлөрдүн баскычы;
- 2010-2013-жылдар – экономиканын бардык чөйрөлөрүндөгү коррупциялык көрүнүштөргө каршы күрөштүн жарыяланышы» [60], деп беш баскычка бөлгөн.

1990-2013-жж аралыгындагы өлкөдөгү экономикалык каатчылык, саясий карама-каршылыктар өнөр жай тармагына толук таасирин тийгизди. Анын жыйынтыктары стратегиялык комбинаттарда даана байкалды. Кыргызстан көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинде (КМШ) сурма өндүрүү боюнча монополист болуп эсептелет. 1990-жылы Кыргызстан 5400т сурма чыгарып, дүйнөдө 3-орунду (Кытай менен Боливиядан кийинки) ээлеген. 1993-жылы 6637 т, 1995-жылы 4778 т сурма алынган, 6283,4 т (11448,3 т) сурма экспортко чыгарылган. 1995-жылы комбинаттын 170 млн. сом балансылык кирешеси болсо, 1999-жылдын 3-кварталында чыгым 25 млн. сомду түзгөн [158]. Мындай оор абалга жетүүнүн негизги себеби сурманын дүйнөлүк баасынын ошол жылдардагы төмөндөп кетиши болгон.

1995-жылы Айдаркен сымап комбинаты Дүйнөлүк Банктын 24 млн. сом гранты жана 4 млн. сом жүгүртүү каражатын толуктоо кредитинин эсебинен реконструкцияланган. Өкмөт роялтини 12%дан 2 %га чейин түшүргөн. Бирок, бул мезгилде жалпы Кыргызстан боюнча жылуулук менен электроэнергиянын баасы өскөн, ошондуктан комбинаттын экономикалык абалы анчалык деле оңолгон эмес. Комбинаттын жумушчуларынын саны эки эсе; 3500төн 1300гө чейин кыскарган [135].

1996-жылы сымапка болгон дйнөлүк баанын түшүшү менен Айдаркен сымап комбинаты банкрот деп жарыяланып, PESAC программасынын негизинде Айдаркан мамлекеттик сымап акционердик коому деп кайра аталат, ишкананын бардык төлөмдөр, салыктар боюнча карызы жокко чыгарылат.

2002-жылы комбинат 50 миң. АКШ долларында таза киреше алган же 571 т. сымап өндүргөн. Комбинаттын уставдык капиталы 3 млн. АКШ доллары. түзгөн. 2003-жылы сатып алынгандан кийин 3 жыл аралыгында кошумча 6 млн АКШ долларын инвестициялоо шарты менен баштапкы баасы 2 млн. доллар менчиктештирүү үчүн сатыкка коюлган. 2000-жылы 590т, ал эми 2003-жылы 396т гана өндүрүлүп, талаптын азайгандыгынан сымап өндүрүү жылдан-жылга азайып отурган. Өлкөнүн ичинде сымапка талап жоктугунан өндүрүлгөн сымаптын 80%ы Кытайга, калган 20% Евросоюз, Индия менен АКШ мамлекеттерине экспорттолгон.

Айдаркен МАКта 1032 киши иштеген (2000-жыл). Кийинки жылдарда сымап алынчу руданы казып алуу өтө татаалдангандыктан, четтен курамында сымап аралашкан булганыч сууларды ташып келип, андан сымап алуу жолго коюлган. Бирок ал процесс райондун экологиялык абалына терс таасир тийгизгендиктен, Улуу-Тоо кенин кайра ишке киргизүү пландаштырылып келет. Ошого карабастан Кыргызстандын дүйнөлүк сымап рыногунда абалы азырынча дурус, себеби Кытай менен Индиянын сымапка болгон талабын республика камсыз кылат. Ошентсе да сымаптын дүйнөлүк базарда баасы төмөндөөдө деңгээлинде экени белгилүү» [58]. Кадамжай районун аймагындагы өндүрүлө элек сымаптын көлөмү азыр дагы чоң. 2004-жылы Испаниядагы Альмаден шахтасы жабылгандан кийин Кыргызстан сымап өндүрүү боюнча дүйнөдөгү алдыңкы мамлекет эсептелет[158].

2000-2004-жылдары сурма өндүрүү 1505,0дөн 318,3 т. чейин кыскарган. Ал эми 2005-жылдан баштап сырьенун жоктугунан бул комбинат өз ишин толугу менен токтоткон. Мамлекеттик мүлктү башкаруу мамлекеттик комитети 2005-жылы комбинаттын 70,04% акциясын сатуу боюнча тендер уюштуруп, аны Казакстандын “АТФ Инвест” компаниясы утуп алган. Азыркы күндө бул комбинаттын көйгөйлөрү көп болуп, өндүрүмдүүлүк бирде жогорулап, бирде ылдый түшүп турган. Сурманын Кыргызстандагы жалпы запасы 200 миң т. ашык, кыргыз сурмасы дүйнөлүк керектөөлөрдүн 20%ын камсыз кыла алат.

Айдаркен мамлекеттик акционердик коомунун өндүргөн продукциясы Кыргызстандын өзүндө пайдаланылбайт. 2005-жылга чейин Айдаркен МАК өндүргөн сымап металлынын 80 % ы Кытай Эл Республикасына, 20% ы Европа союзу менен АКШга экспорттолуп келинген. Кытай менен болгон келишимдин мөөнөтү аяктагандан кийин, КЭР сымап импорттоону азайтып, токтоткон. Анткени, Кытайдын Гуйчжоу провициясындагы сымап иштетилип, КЭРдин сымапка болгон муктаждыгын канааттандыра баштаган. Айдаркен комбинатынын өндүргөн продукциясы 35,6 млн. сом же болбосо 65,2 т. сымап өндүргөн. Бул мурунку 2007-жылга салыштырганда 5,6 млн. сомго көп болгон. Айлык акынын көлөмү 2007-жылы 2006-жылга салыштырганда 17-19%га жогорулаган [135].

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Стратегия развития страны на 2007-2010 гг.” программасы боюнча 2007-жылдын 16-майында кабыл алган № 249 буйругуна ылайык “Кадамжай сурма комбинаты” АК менен “Айдаркен мамлекеттик АК” стратегиялык маанидеги ишканалар болуп эсептелет[106].

Кыргыз республикасынын өнөр жай, энергетика жана отун-суу ресурстары министрлигинин билдирүүсү боюнча 2007-2008-жылдардагы Айдаркен комбинатынын продукциясынын 80-90%ы АКШнын компанияларына, 10-20%ы Россия менен Азербайжанга экспорттолот. Комбинат сымаптан тышкары плавиково-шпатовый концентрат дагы өндүрөт, анын 80 % ы Россия, 15 % ы Украина, 5 % Казакстанга сатылат [106]. 2002-жылы ишкананын мамлекеттик акционердик коом статусу алынып, Айдаркен сымап акционердик коому болуп аталган, бирок мамлекеттин ишканага болгон 95 % ээликтиги сакталган [121]. Айдаркен сымап комбинаты түзүлгөндөн баштап сымап чыккан Чаувай сымап, Чоңкой сыяктуу бир катар кендерди иштеп чыгышкан. Бул кендердин иши кендин запасынын болгондугуна карабай, азыркы мезгилде тоо техникаларынын иштетүүгө зарылчылыктын жоктугунан жабылган. Азыркы мезгилде Айдаркен кенинин терең горизонттору өздөштүрүлүүдө. Алгач монументалдык сымап кени алына

баштаган, 1968-жылдан баштап «Медная», «Плавиковая гора» участокторунда кен казуу жүргөн. Аларды кайра иштетүү максатында байытуу заводу курулуп, андан сымап–сурма жана флюорит концентраттары (кошулмалары) чыгарылган [135].

Комбинаттын эң негизги продукциясы сымап металлы жана анын кошулмалары, сурманын, плавиковошпатовый концентраттары болгон. Сымап АКШ, Нидерландия, Россия, Казахстан өлкөлөрүнө экспорттолот. Ал эми плавиковыйо шпат Россия, Казахстан, Таджикистан, Өзбекистанга экспорттолот;

2000-2008-жылдардагы кирешеси **Таблица 5**

| жылдар | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| сымап *тонна* | 550 | 574,4 | 541,7 | 370 | 488 | 303,5 | 169,6 | 331,5 | 270 |
| Фторшпаты концентраты тонна | 3232 | 1175 | 2656 | 1234 | 3358 | 3139 | 2845 | 898 | 1159 |
| Коммерциялык продуктылар миллион сом | 120 | 120 | 112 | 96 | 178 | 188 | 108 | 169 | 147 |

Комбинатта иштеген жумушчулардын саны: **Таблица 6**

| 2000-ж. | 2001-ж. | 2002-ж. | 2003-ж. | 2004-ж. | 2005-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1054 | 1030 | 976 | 913 | 930 | 959 | 870 | 867 | 860 |

Таблицага таянып кенге болгон муктаждыктын аз болгонуна байланыштуу жумушчулардын саны жыл сайын азайып баратканын көрсөк болот.

Айдаркен комбинатынан чыккан сымаптын шлактарынан цемент заводун куруу жана экспулатацияга берүү боюнча техникалык-экономикалык проектилерди жасап, перспективалык иштерди аткарган. Комбинаттан чыккан 13 млн. т. шлак 100 иш орунду камсыз кылган цемент заводу үчүн жакшы көлөмдөгү сырье эсептелет [106].

Сурма комбинантында эгемендүүлүк жылдары 14 аталыштагы продукция чыгарылат: ар түрдүү маркадагы металл сурмасы,жогорку тазалыктагы сурма

кошулмалары үч аутивдүү, үч күкүрттүү жана 5 күкүрттүү сурма, натриттин тиоантимонаты, реактивдүү жана таза сурманын 3 оксиди ж.б. Сурма комбинантынын продукциясы анын ар түрдүү түрлөрүндө биздин өлкөнүн 241 ишканасында иштетилет, андан сырткары, ал дүйнөнүн 30 дан ашуун өлкөсүнө экспорттолот: Япония, Индия, Бразилия, Германия, Чехославакия, Венгрия, Франция ж.б. Өлкөдөгү социалдык–экономикалык каатчылык Кадамжай сурма комбинатына да өз таасирин тийгизди. Акыркы жылдары комбинат алдыңкы кубатуулук менен иштебей калган, аны заман талабына ылайык модеринизациялоо зарыл.

Мамлекеттик органдардын жана фабриканын жетекчилигинин отчетторуна ылайык, өндүрүш көлөмүнүн олуттуу кыскарышынан улам булгануунун азыркы деңгээли 15 жыл мурункуга караганда бир кыйла төмөн (2009-ж.). Өндүрүштөгү экологиялык коопсуздуктун адамдардын ден соолугуна жана айлана–чөйрөгө тийгизген тескери таасири олуттуу. Башкача айтканда, айыл чарба жерлеринин булгануу коркунучу, агынды суулардын жана таштанды төгүүчү жайлардын жергиликтүү калктын ден соолугуна жана айыл чарбага, жаныбарларга тийгизген тескери жактары бар. Ошондуктан комбинат жумушчулардын саламаттыгын сактоо менен социалдык колдоо көрсөтүүгө жылына орточо 1,8 млн. сом коротот. Комбинаттын жумушчуларына жылына бир жолу төлөнүүчү көмөкчү жардам дагы каралган. Мисалы, комбинаттын финансылык отчетундагы маалымат боюнча бир жолу берилүүчү көмөкчү пулдун көлөмү 2007-жылы 1 млн. 499 миң сомду түзгөн.

2008-жылы «Айдаркан сымап комбинаты» ААК 800дөн ашык жумушчу, анын ичинен 70 инженер–техник иштешет. Комбинаттын курамында автотранспорттук цех (кенди жана адамдардын ташуу, жер казуучу ж.б. керектүү жабдууларды ташуучу); өндүрүш цехи (ремонттоо, куруу жана жыгачтарды кайра иштетүүчү); монументалдык рудаларды казып алуу боюнча жер астындагы кен; энерго–механикалык цех (лабораториялык текшерип ченөөчү приборлорду, ишкананы электр энергиясы менен камсыз кылуучу,

шаарды жана ишкананы телефондук байланыш менен камсыз кылуу ж.б. иштерди аткарат); сымап–сурма концентратын жаңы ыкма менен рудалык комплекстерди кайра иштетүүчү комбинатты камтыган жана флюоршпаты концентратын чыгаруу менен флотация комплекстүү рудаларды казып алуу жана кайра иштетүү боюнча кен; монументалдык кендерди кайра иштетүүчү металлургиялык комбинат эсептелет [166].

Райондун келечектеги экономикалык жактан өнүгүү багыты дагы комбинаттын ишинин өнүгүүсү менен байланышкан. Райондун өнөр жай тармагы өндүргөн продукция республикада маанилүү орунду ээлеген. Алар дүйнөгө белгилүү «Кадамжай сурма комбинаты» жана «Айдаркен сымап комбинаты» АКтары. Андан тышкары райондо 12 өнөр жай ишканасы бар; ирилери: Кадамжай ун тартуу ишканасы, «Кан өнөр–жай комбинаты» жана Кадамжай нан бышыруучу АКтары, Бүргөндү мөмө-жемиш шарап комбинаты. Өнөр–жай ишканалары, негизинен, Кадамжай шаарында, Айдаркен шаарында, Кан, Чаувай айылдарында жайгашкан [135].

Өнөр жай тармактарында ишкердик жүргүзүүдө бир нече кемчиликтер менен кошо жетишкендиктерди белгилей кетүү керек. Айдаркен сымап, Кадамжай сурма комбинаттары келечекке таасир этиши мүмкүн. Айдаркен комбинатын өнүктүрүү пландарында техникалык жана экономикалык кыйынчылыктарды эске алуу менен сымап өндүрүүнү улантуу боюнча сунуштар даярдалган. Бул сунуштардын жалпы максаты комбинатты экономикалык абалын турукташтыруу болуп саналат, сымап өндүрүү жылына 300 тонна деңгээлинде болсо[79], мамлекет тарабынан кредит берүү жагы кайра каралса, берилген карыз акырындык менен төлөп бергенге мүмкүнчүлүктөр бар. Ишкананын финансылык көрсөткүчтөрүн жакшыртуу максатында комплекстүү рудаларды казып алууну жана өндүрүштү калыбына келтирүү мезгил талабы. Экономикалык жактан натыйжасыз иш катары эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары кен иштетүүчү өнөр жайларды жокко чыгаруучу чет өлкөлөрдүн саясатына көңүл бөлүнөт.

Азыркы мезгилде алтынга караганда сымап, сурма, коргошун, вольфрам өндүрүүгө артыкчылык берүү жана иштеп жаткан комбинаттарды кеңейтүүгө күч-аракеттерди багыттоо керек. Тагыраак айтканда олуттуу ресурстарды талап кыла турган жаңы шахталарды ишке киргизүү заман талабы. Болжолдуу бул иш чаралар комбинаттардын иштөө мөөнөтүн дагы 10–15 жылга узартат. Мындан тышкары мурда кендердин кээ бир кошулмалары чет өлкөлөрдөн алынып келип өндүрүштүн багыты кеңейтилген болсо, азыр өзүбүздө бар рудалардын эсебинен өндүрүштү жандантса болот. Анткени көп өлкөлөрдө кен байлыктардын баасы олуттуу көтөрүлдү. Өндүрүштүк чыгымдардын статьясы, иштин артыкчылыктуу багыттарынын бири бул өндүрүш экендиги экономика илиминде тастыкталган.

Кадамжай районундагы жетекчилердин негизги жумушу өнөр жай тармагынын натыйжалуулугун жогорулатуу болуп саналат. Мындан тышкары, завод-фабрикаларга өкмөт насыя берүү менен колдоо көрсөтсө экономикалык чыңалуу тез эле байкалат. Кадамжай районунун өнүгүүсүндөгү дагы бир проблемма гоелогияга байланышкан маселелер. Бул биздин карап жаткан маселеге жакын болбогондуктан ага тийишпейбиз. Мында биз иштин натыйжалуулугун төмөнкүчө көрсөтүүнү чечтик;

Геология агенттигинин жана Кыргыз тоо-кен Ассоциациясынын маалыматы боюнча Бешкен жана Айдаркенде бентонит-монтмориллониттин олуттуу запастары бар[106]. Бентонит катмарлуу алюмосиликат, чопо материал, негизинен монтмориллониттен турат. Мындан тышкары, ал сууга тийгенде шишип, сиңирүүгө жөндөмдүү суюктуктун көлөмү анын кургак массасынан бир нече эсе көп. Бентонит боекторду кошкондо продукциянын 200дөн ашык түрүн өндүрүүдө колдонулат, текстиль, самын, жабышчаак материалдар, суусундуктар жана косметика. Бентонит суу аралашмасы майлоону камсыз кылган бургулоо суюктугу катары колдонулат мунай жана газ өндүрүү боюнча бургулоо шарттарын оптималдаштыруу. Бентониттин жардамы менен төмөнкү өндүрүш продукцияларынын сапатуулугу көтөрүлөт:

- калдыктарды жайгаштыруу үчүн полигондорду рекультивациялоодо;
- цемент, чаптама материалдар жана керамикалык буюмдарды өндүрүүдө;
- косметикалык жана дарылоо маскаларын жасоодо;
- шарап жасоодо, ак шараптан ашыкча белокторду алып салууда;
- кагаз жасоодо;

Борбордук Азияда бентонит коңшу өлкөнүн Навои облусунда казылып алынат Швейцария компаниясы кенди иштетүүнү ийгиликтүү жүргүзүп жаткан Өзбекстан-Швецария компаниясы эсептелет [135].

Эгерде Айдаркен бентонити өндүрүшкө киргизилсе райондун биринчиден экономикалык, экинчиден жаңы өндүрүш ишканалардын пайда болуусуна алып келет. Атап айтканда, бентонит бургулоо системасынын компоненти катары колдонулат–мунай жана газ скважиналарын бургулоодо, өсүмдүк, малдын майын, вино ж.б. суусундуктарды тазалоодо колдонулат. Казылып алынган бентонит рекультивациялоодо да колдонулушу мүмкүн жана зыяндуу кендер менен байланышкан калдыктарды жана калдык сактоочу жайларды кайра калыбына келтирет. Мындай пайдалуу материалга ээ болуу олуттуу артыкчылык болуп саналат.

Айлана-чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча иштердин максатка ылайыктуулугу, комбинаттын алдында турган маанилүү милдет. Бул район жеткечилигинин пилоттук ишти чалгындоого жана жаңы комбинатты курууга милдетүү, ага инвестиция тартуу, зарыл болгон 13 млн.доллардан ашуун[115].

Кыргызстандагы өткөөл мезгилдин экономикалык каатчылыктын натыйжасында, бир гана чектелген ресурстар жаратылышты коргоо иш-аракеттери менен аткаруу бийлиги анын ичинде, жеткиликтүү органдар булганууну болтурбоо менен алек болду. Натыйжада, олуттуу артта калуу бар, таасир этүүнү азайтуу жаатындагы эл аралык стандарттардын, булганган аймактарды калыбына келтирүүдө же жана тоо-кен иштеринде оң натыйжа

береген жок. Мында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бул маселелерди чечүү үчүн чектелген ресурстарга ээ. Негизги милдеттер  айлана-чөйрөнү коргоо, саламаттыкты сактоо жана өнөр жай коопсуздугу боюнча мыкты кесиптик деңгээлге ээ бирок, алар азырынча заманбап,  жетиштүү башкаруу жана жоопкерчилик, бул жаатта концепция тажрыйба жетишсиз. Бул изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүлөр аныкталды, келечектеги иш-аракеттердин төмөнкү артыкчылыктуу багыттары:

- сурма, сымаптын чыгарылышын контролдоону жакшыртуу комбинаттардын иштеп жаткан өндүрүшүндөгү базаны кеңейтүү;
- Инвентаризация маалыматтарын жаңыртуу (инструменталдык өлчөөлөрдүн негизинде) булгоочу заттардын чыгындылары боюнча уруксат стандарттарын кайра карап чыгуу;
- Атмосферага сурма, сымаптын чыгышы боюнча отчеттуулукка талаптарды күчөтүү, калдыктарды, сымаптын концентрацияларын табигый чөйрөдө жайгаштыруда  таасирин тийгизет, ошондой эле сапатын жакшыртууну камсыз кылат тийиштүү отчеттуулук;
- Мониторинг жана шайкештик иш-чараларын күчөтүү сурма, сымаптын ар кандай чөйрөдөгү концентрациясына карата. Социалдык жоопкерчилик менен жабуу, репурпозациялоо планын түзүү ишканалар; Экологиялык жана экономикалык жактан алгылыктуу ыкмаларды иштеп чыгуу экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу жана сымаптуу заттарды реабилитациялоо калдыктардын жана аларды жайгаштыруучу зоналары (заводдун аянты,  айыл чарба топурактары менен булганган).
- Жашоого жөндөмдүү экономикалык варианттар үчүн потенциалды түзүү жашоо каражаттарын камсыз кылуу жана калкты иш менен камсыз кылуу, баштапкы кен  казып алуу үчүн альтернатива болуп саналат.

Райондун өнөр жайындагы дагы бир проблемма Кадамжай сурма комбинатын профилдештирүү. Ал райондун аймагындагы Мелик–Суу кенин иштетүү менен комбинатты Кеңеш доорундагы өндүрүш кубатуулугун

калыбына келтирсе, өлкө экономикасына чоң өзгөрүү алып келет. Мелик–Суу вольфрам кени Алай кырка тоосунун түндүк капталында, Сурма–Таш суусунун баш жагында, деңиз деңгээлинен 2700 м бийиктикте. 1942–1944-жылдары чалгындалган. Кен аймагы палеозой мезгилинин акиташ-сланец калың катмары жана аны жиреп чыккан гранодиорит интрузиясынан түзүлгөн. Рудалуу скарн теги гранит менен чөкмө катмардын контактасында жатат. Кенде 7 руда тулкусу аныкталган. Алар узундугу 1,2–9,2 м, калыңдыгы 0,25–1,2 м болгон жана терендикке кеткен мамы сымал. Руда минералдары: пирротин, шеелит, галенит, халькопирит, пирит. Вольфрам триоксидинин орточо өлчөмү – 0,29%. Руданын баланстан тышкары запасы С2 категориясы боюнча 451 миң тонна, вольфрамдын триоксидиники – 1318миң тонна[66].

Бул вольфрамды Кадамжай сурма комбинатына ташылып иштетилсе, көп чыгашасыз экономикалык жактан пайда алып келет. Алтынга караганда өнөр жай тармактарына керек сырьенун бир түрү. Вольфрам болот–бул жогорку технологиялык продукциянын дагы бир түрү, космостук керамикадан кийин массалык сатып алуучулар көп. Ал Шаттлдун космостук технологиясында колдонулат, жарандык колдонууга да өткөн. Чындыгында, вольфрам болоту керектөөчүлөр арасында абдан популярдуу. Анын катуулугу табигый алмаздыкына жакын. Күйгүзүү жана жыртуу оңой эмес. Анын жаркыроосу күзгүдөй жаркырап турат. Ошондой эле, механикалык таасирлерге туруштук бере алган артыкчылыктары бар.

Өнөр жайды кайра калыбына келтирүү менен дүйнөлүк деңгээлдеги ири өндүрүш тармагын пайда кылса болот. Мисалы; медициналык жабдыктарды жасоодо, сапатуулугу менен айрамаланат. Терини жасалма текшерүү аркылуу ал түсүн өзгөртпөйт, дат баспайт, өчпөйт, аллергия жаратышы оңой эмес, дат баспайт жана түс узак убакытка чейин сакталат. Ал муздак, бекем жана кайталангыс мүнөзгө ээ. Вольфрам болотунун катуулугу өтө жогору Титанга караганда 4 эсе, дат баспас болоттон 7 эсе көп. Ал катуулугу боюнча алмаздан кийинки экинчи орунда жана алмаз менен салыштырууга болот. Эскирүүгө

чыдамдуу, жалтырак жана уникалдуу, көптгөн тармактарга оң тажрыйба берет[116].

Вольфрам көбүнчө лазердик, зергер, коррозияга туруштук берет. Акыркы мезгилдерде дүйнөлүк практикада зер буюмдар жасалып келет. Анын сырткы көрүнүшүнүн мүнөздөмөлөрү: терең, бекем, катаал, жөнөкөй, жарашыктуу, кайра иштетилгенден кийин. Вольфрамдан жасалган зергерчилик мүнөздөмөсү көбүрөөк болуп, жаштар барган сайын жакшы көрүп жатышат. Дал ушул себептен, вольфрамдын болоттон жасалган зергер буюмдары бүгүнкү күндө Европада жана Америкада эң популярдуу зергер буюмдары болуп калды.

Кадамжай районундагы алтын ж.б. түстүү металлдарды иштетүү үчүн 2010-2018-жылдар аралыгында республиканын Геология жана минералдык ресурстар мамлекеттик агенттиги Кавай, Яшинколь, Ничкесуу, Шамбесай, Гавиан, Толубай, Акташ–Арпалык, Исфайрам, Аустан, Чоң кымыздык (2), Шунк, Тегермеч, Аксу кендерин иштетүү боюнча 14 лицензия берген [66].

Рынок экономикасынын шартында, экономикалык системанын маанилүү сектору болуп чакан жана орто ишканалар эсептелишет. Чакан жана орто ишканалар ири старттык инвестицияларды талап кылышпайт, ресурстардын айлануусунун жогорку ылдамдыгына ээ, керектөө товарларынын рыногун түзүүдө жана камсыздоо проблемасын тез жана сарамжалдуу чечүүгө жөндөмдүү, экономиканын туруксуз жана финансылык чектөөлөрдүн шартында экономиканын мурунку абалына келишине шарт түзөт.

Чакан жана орто бизнестин дагы бир маанилүү багыты болуп, алардын коомдук турмуштун туруктуу өнүгүүсүнө зарыл болгон бир топ социалдык маселелерди чечүүсү болуп эсептелет. Атап айтканда, алар жаңы жумушчу орундарды ийкемдүү түзүүдө, турмуштун орточо деңгээлин камсыз кылууда, мамлекеттик бюджетти аткарууда эбегейсиз кызматты көрсөтүүдө. Чакан жана орто бизнестин жогоруда көрсөтүлгөн артыкчылыктарын эске алуу менен, экономиканын бул секторун өнүктүрүүгө көп өлкөлөрдө өзгөчө көнүл бурулууда. «Кыргыз Республикасында кичи жана орто ишкердиктиктин

субъектилеринин санынын дайыма өсүшү байкалууда. Мисалы, статистика маалыматы боюнча 2000–жылы республикада жалпы субъектилердин саны 398,3 миңден 2013–жылы 724,9 миңге чейин же 81,9%га өскөн, анын ичинен кичи ишканалар–7557ден 11750 чейин, же 55,8%, жеке ишкерлер–101,3 миңден 329,7 миңге чейин, же 3,2 эсеге, дыйкан  чарбалар 71,1 миңден 382,8 миңге чейин, же 5,3 эсеге өскөн [179].

Чакан, орто чарбаларда жеке иштеген ишкерлердин саны 218,3 миңден 417,4 миңге чейин, же 1,9 эсеге аткарылган. Кичи ишканаларда– 46,6 миңден 51,0 миңге чейин же 9,4%; жеке ишкерлер– 101,4 миңден 329,7 миңге чейин же 3,2 эсеге өсүш болгон. Кичи жана орто ишканалардын дээрлик көпчүлүгү менчиктин жеке формасына туура келет (97,0), алардын ичинен 5%ы-чет элдик менчик. Тармактар арасында бул көрсөткүч айыл чарба, аң улоо жана токой чарбасында 88,5%дан, коммуналдык, социалдык жана жеке кызматты көрсөтүүдө 99,4%га чейин түзөт[187]. Чарба жүргүзүүнүн уюштуруу–укуктук формасы боюнча кичи жана орто ишканалардын арасында жоопкерчилиги чектелген жана кошумча жоопкерчиликтеги коом кеңири таркалган–63,5%, толук кандуу жаамат (коомунун) үлүшү 15,8% туура келсе, кооперативтерге–9,5%ы, ал эми ачык акционердик коомдорго–6,9% көрсөткүч белгиленет.

Ишкердиктин субъектилеринин санынын өсүшү менен аларда иштеген жумушчулардын саны өсүүдө. Мисалы, 2000– жылдын маалыматы боюнча бул системада 218,3 миң адам иштеген, анын ичинен чакан бизнесте–46,6 миң, орто бизнесте– 66,3 миң жана жеке ишкердүүлүктө–101,4 миң адам. Республикада иштөөчүлөрдүн жалпы санынан ишкерчиликте иштөөчүлөрдүн үлүшү 2013–жылы кичи, орто ишкерчиликке жана менчикке–18,4%, анын ичинен кичи ишкердикке–2,3%, ортого–1,6 жана жекеге– 14,6% туура келет» [58]. Мисалы, Айдаркен шаарында калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармагындагы кичине жана орто бизнес багытындагы төмөндөгүдөй ишканалар иштейт: эмерек жасоочу цех, 2 кичи нан бышыруучу цех, 10 мончо, 40 орундуу мейманкана, 300 орундуу 2 базар, 60 коммерциялык соода дүкөнү, 14 дарыкана,

7 тигүү цехи, 4 май куюучу станция, 6 техникалык тейлөө станциясы, 30дан ашык заманбап ашкана, фитнес-барлар. Коомдук тамактанууну кошкондо чекене сооданын көлөмү 2011-жылы 98,1 млн. сомду түзсө, 2011-жылы калкка акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 22,9 миллион сомду түзгөн [184].

ААК «Кадамжай сурма комбинатында» 1500дөн ашык киши, Кадамжай турак-жай коммуналдык ишканасында 50дөн ашык, ААК «Кадамжай шахта курулуш башкармалыгында» 100дөн ашык киши иштешет. Мындан тышкары шаарда пескоблок жана брусчаткаларды чыгаруучу 2 кичи-завод, сүт азыктарын өндүрүүчү 1 кичи завод бар. Алардын чыгарган продукциялары Ош, Жалал-Абад областтарына, Өзбекстандын чек ара аймактарындагы калкка сатылат. Шаарда механикалык цех, металл өндүрүүчү 2 цех; пластик терезе, эшиктерди чыгаруучу цех, 2 жыгач иштетүүчү ишкана, 3 столярдык цех иштейт. 2011-жылга карата 624,7 млн. сомдук өндүрүш, өнөр жай продукциясы чыгарылган.

Кадамжай шаарында жеке менчик кичи жана орто ишканалар, калкты тейлөөчү ишканалар дагы бар. Алсак, 3 мейманкана, 4 нан бышыруучу жай, 20 мончо, сауна, 30дан ашык ашкана жайлары (кафе, столовый), 700дөн ашык киши иштеген 2 базар, 70 коммерциялык дүкөн, 17 дарыкана, 8 тигүү цехи, 6 чач тарач, 4 сулуулук салону, 4 полиграфиялык борбор, 8 автомобилдерди тейлөөчү станция иштеп, кардарларды тейлейт. Ак-Турпак айыл округунда 18 млн. сомго курулган кирпич заводунун иши 2014-жылы башталып 2017-жылы ишке берилди. Бир күндө 40-50 миң кирпич чыгарууга мүмкүнчүлүктөгү бар, заводдо 80ге чукул жумушчу иштейт [185].

Өлкөдөгү экономикалык коопсуздуктун проблемасы түздөн–түз биз изилдөөгө алып жаткан Кадамжай районунда дагы эң олуттуу маселелеринен. Баткен областынын Кадамжай, Лейлек райондору эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары салыштырмалуу башка аймактарга караганда экономикасы туруктуу деп каралган. Мындай көз караштын калыптанышына советтик мезгилдеги

аталган райондордун коңшу Өзбекстан, Тажикстан союздук республикалардын чектеш аймактары менен болгон маданий, экономикалык тыгыз байланыштары түрткү берген. Кеңеш доорундагы алгачкы жылдарында калыптанган бирдиктүү экономикалык аймактык өзгөчөлүк, айыл чарбасындагы эмгектин туруктуу бөлүнүшү, айыл чарба товарларын алмашуудагы көп жылдык тажрыйба стабилдүүлүктүн сакталышына жана коңшу өлкөлөр менен болгон кызматташтыктын уланышына кепилдик, ишеним жараткан.

2020-жылы 395649,8 тонна көмүр казылып алынып, 2019-жылга салыштырмалуу 129,7 пайызды түзөт. Тактап айтканда 2019-жылга салыштырмалуу көмүрдү Кадамжай району 81357,8 тоннага, Сүлүктү шаары 6214,1 тоннага, Баткен району 2700,2 тоннага, Лейлек району 245,0 тоннага көмүрдү көп казып алган. Иштетүү өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 1079898,6 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 96,7 пайыз[175].

Облус боюнча 2021-жылы 2603753,8 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 231,2 пайызды түзгөн. Жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 41,5 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 791140,9 миң сомду же 30,4 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 544695,4 миң сомду же 20,9 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 188018,9 миң сомду же 7,2 пайызды түзгөн. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында ушул жылдын январь-сентябрь айында 791140,9 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 907,8 пайызды түзгөн.

Алай тоолорунда жайгашкан, бирок административдик жактан Баткен облусунун Кадамжай районуна карайт. Геологдор кенди 1983-жылы ачышкан чалгындалган запастар 90 миллион тонна күрөң көмүрдү түзөт. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча 2022-жылы өнөр жайдын үлүшү ИДПда 16,7%ды түздү, анын 1,28%дан ашыгы таш жана күрөң көмүрдү (лигнит) казып алууга туура келет, бул акчалай алганда 5,487 млрд.сомду түзөт[181].

Кыргыз Республикасынын экономикасынын тоо-кен тармагында көмүр өнөр жайы экинчи орунду ээлейт алтын казгандан кийин. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программалык документтеринде (2008–2010-жылдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук энергетикалык программасы; Отун-энергетика комплексин өнүктүрүү стратегиясы) чагылдырылган көмүр казып алууну өнүктүрүүгө чоң маани берилип жатат[186].

Кыргыз Республикасынын геологиялык жана тоо кен өнөр жайын өнүктүрүү концепциясынын жаңы долбоорунда 2023–2035-жж Кыргызстанда 70ке жакын көмүр кендери бар [187], алардын жалпы запасы жана болжолдонгон ресурстары 6,4 миллиард тоннаны түзөт. Күрөң көмүр – 5,2 млрд тонна, таш көмүр–1,08 млрд тонна, кокстоочу көмүр – 119,6 млн. тонна Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстар министрлигинин Мамлекеттик балансында (01.01.2022-ж.) 1,686 млрд тонна көмүрдүн запасы бар 51 кен бар [187].

Биздин өлкөнүн көмүргө болгон талабы тынымсыз өсүп жатат, мисалы, 2022–2023-жылдардын жылытуу мезгилине карата. анын ичинде 2,543 миллион тоннадан ашыкты туздү. Бишкек шаарынын ТЭЦи үчүн – 1,5 млн. тонна, ал эми калк үчүн – 1,236 млн 2022-жылы 3,6 миллион тоннага жеткен[181].

Кыргызстан көмүрдү экспорттой баштаганы кубандырат. 2022-жылы таш экспортунун көлөмү жана күрөң көмүр 2021-жылдагы 1,06 млн тоннага (41%га өсүү) жалпы суммасы 1,5 млн тоннаны түздү, ал 51млн АКШ долларын барабар. Кен Кичик-Алай дарыясынын жогорку агымында, Исфайрам дарыясынын оң куймаларынын төмөнкү агымында Бел-Алма 1983-жылы кен ачылгандан бери аны деталдуу изилдөө дээрлик жүргүзүлгөн эмес. Учурда издөө маалыматтары жана геологиялык изилдөөлөр (масштабдык карталар) гана бар1:10000, 1:50000), көмүрдүн болжолдуу запасы Р1 категориясы боюнча (жер бетинен 300 м терендикке чейин) 90 млн т өлчөмүндө аныкталган.

Алдын ала изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча Бел-Алма күрөң көмүрү төмөнкүдөй негизги мүнөздөмөлөргө ээ: күлдүүлүк (А) 4-40%, орто эсеп менен

11,8%; чыгуу учуучу заттар (Vdai) – 27ден 40%ке чейин; күкүрттүн массалык үлүшү (Std) – 0,28%; өзгөчө күйүү жылуулук калориметри үчүн - 6500дөн 7150 ккал/кгга чейин (27,21–29,93 ккал/кг МДж/кг). Көрсөткүчтөр боюнча учуучу заттар, Бел-Алма кенинин көмүрү күрөң көмүрдүн 3В классына кирсе болот, алар тиричилик мештеринде жана коммуналдык котельняларда, жылуулук-энергетикада, электр станцияларында жана химия өнөр жайында жагуу учун колдонулат.

Көмүр кенинде өнүгүүнүн аба ырайы-климаттык жана инженердик-техникалык шарттары абдан татаал. Кен бийик тоолордо, 3400– абсолюттук бийиктикте жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 4100 м бийиктикте, кескин континенттик климаты бар, температуранын кең диапазондо өзгөрүшү (25°Сге чейин), кышы суук жана жайы жылуу. Кичи Алай метеостанциясынын маалыматы боюнча 2800 м бийиктикте температура –20°Сден +15°Сге чейин, жылдык жаан-чачындын деңгээли 222–255 мм. 2500 м жана андан жогору бийиктикте ноябрдын аягынан баштап апрель айынын аягына чейин созулган кар калың жаап, туруктуу кар катмарынын пайда болушу мүмкүн. Кенге Алай кырка тоосу жана анын каптал тилкелери кошулат. Жалпы аянты болжол менен 12 миң га болгон кендин рельефи бийиктиктердеги айырмачылыктар менен интенсивдүү жана терең кесилген.

2000 м (Кичик-Алай суусунун куйган жеринде), жер бетинде аскалуу кырка тоолор, капчыгайлар, мөңгүлөр пайда болгон. Кенге эң жакын Кашка-Суу айылы 15 км, темир жолго чейинки аралыкта жайгашкан Кызыл-Кыя станциясы 70 км. [181]. Талааны элдуу пункттар жана станциялар менен байланыштырган жолдор жок.

Табигый шарттар, ошондой эле кээ бир уюштуруучулук факторлор кенди натыйжалуу иштетүү үчүн бир катар көйгөйлөрдү жаратып, жаңы технологияны ишке киргизүүнү айтпай эле коёлу. Сапаты начар лицензиялоо учурундагы уюштуруу иштери жана жеке адамдардын абийирсиз аракеттери сынактар, профессионалдуулуктун жетишсиздиги жана жеңүүчү

компаниялардан жетиштүү финансылык ресурстардын жоктугу биринчи көмүр казуу башталгандан бери 12 жыл өтсө да (2010-ж.) кенди иштетүүнүн учурдагы өтө төмөн абалын аныктады [63]. Жогорудагы маалыматтардан көрүнүп тургандай, дагы деле так калыптанган карьер жок капталдары жана капталдары, жүктөө аянтчасы жана бош тектердин уюштурулган төгүлүшү, транспортко мындай жолсуз шарттарда көмүр өтө кооптуу. Карьерден канча көмүр казылганы боюнча маалымат жок 2010-жылдан бери азыркы иштеп жаткан «Беш-Арча» ЖЧКсы өндүрүштү жүргүзгөн төртүнчү компания болуп саналат. Айрым маалыматтарга караганда, 2013-жылга чейин да ашык 600 миң тонна көмүр, ал эми «Беш-Арча» ишканасы жылына 150 миң тонна көмүр казып, жада калса кошуна Өзбекстанга экспорттолот[174]. Кендин жетекчилиги пайдалуу кендердин запастары боюнча мамлекеттик комиссиянын балансына коюуну көздөөдөп, пайдалуу кендердин аянтын 6,4 гектардан 12 миң гектарга көбөйтүүгө жана көмүр казып алуунун деңгээлин 2 миллион тоннага чейин жогорулатууга мумкундук берет. Кызыл-Кыя–Дароот-Коргон автожолуна көмүр түшүрүү үчүн 50 км. көмүр шахтасын автономиялуу электр менен жабдууну камсыз кылат.

Бел-Алма көмүр кени Кыргызстандын түштүгүндөгү запастары боюнча бүтүндөй түштүк аймагын көмүр менен камсыз кыла ала турган ири ишканалардын бири. Ошондуктан, бул бөлүмдө иштеп чыгуу жана ишке ашырууну заман агымына жараша, акыркы технология болгон конвейерлерди орнотуп автоматташтыруу перспективаларына муктаждыктар бар. Ошону менен бирге көмүрдү казып алуунун технологиялык процесси туп-тамырынан бери өзгөрүп, анын көлөмдөрү экспоненциалдуу өсүшү мүмкүн. Ошондуктан, шахтага жол куруунун зарылдыгын жана түштүк райондордун калктуу пункттарына көмүрдү жеткирүүнү пневматикалык транспорттун жардамы менен кыйла жеңилдетүүгө болот, бул өзгөчө кыш мезгилинде эң татаал тоо тилкесин жеңүүгө жардам берет.

Тоо-кен ишканасынын технологиялык агымында кээ бир процесстер циклдик режимде, башкалары үзгүлтүксүз режимде аткарылат. Ошондуктан, эреже катары, конвейерди колдонуу менен жүзөгө ашырылат циклдик бургулоо жана жардыруу операциялары же циклдик иштөөчү бир чакалуу экскаваторлор же жүктөгүчтөр менен айкалыштырып, технологиялык агымдагы тектерди жылдыруу үчүн транспорт, тоо массасын казып, конвейерге же майдалагыч бункерге жүктөөнү жолу чыгымды азайтмак.

Жогоруда айтылгандардын баары төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Дүйнөлүк экономикада көмүр өнөр жайы олуттуу роль ойногонуна карабастан декарбонизация саясаты, жаңы көмүр электр станциялары курулууда. Проблемалар жана перспективалар, ошондой эле техникалык мүмкүнчүлүктөр аныкталды. Демек  маалыматтар көрсөткөндөй Кадамжай районунун башка район, шаарларга караганда өндүрүштөгү динамикасы айрымаланат.

## 4.3. Райондун социалдык, маданий өнүгүүсүнүн эгемендик мезгилиндеги абалы

Аймактын социалдык–экономикалык өнүгүүсүнүн тиешелүү чөйрөсүндө максаттары, милдеттери, иш–чаралары, аткаруу мөөнөттөрү, артыкчылыктарга жетүүнү камсыздаган ресурстар боюнча бири–бирине байланышта болот.

Бир топ программалар мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчиктин түрдүү формасындагы уюмдардын жана калктын системалуу, эффективдүү, координацияланган ишин уюштуруу аркылуу райондун аймагында жашаган адамдардын бакубаттуулугунун туруктуу өсүшүн камсыздоого багыталат. Жергиликтүү коомдун керектөөлөрүнүн негизинде айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн андан ары  ишке ашыруу үчүн  түрдүү долбоорлор

каржылайт. Долбоорлор аймактардын өнүгүүсүн пландоонун жаңы моделин иштеп чыгууга жардам берет. Модель мамлекеттик программалардын жергиликтүү жамааттардын керектөөлөрүн эске алып, элет жергесинде турмуш сапатын чындап жакшыртып, улуттук өнүгүү программаларынын аткарылышын камсыздап, жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан маселелерди кошо тургандай түзүлгөн. Кадамжай районунун социалдык–экономикалык өнүгүүсү калктын жашоо сапатын жогорулатуунун маанилүү процесси болуп саналат, бул райондук бийлик органдарынын негизги милдети. Социалдык–экономикалык өнүгүүнүн артыкчылыктуу максаттарына аймактык дүң продукциянын өсүшү, калктын кирешесин, төрөлүүнү, жашоонун узактыгын жогорулатуу, саламаттыкты сактоонун, билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, аймактагы экологиялык абал ж.б.

Эгерде райондун субъектилеринин социалдык–экономикалык өнүгүүсүн кеңейтилген кайра өндүрүү катары карай турган болсок, анда бул экономикадагы, өндүргүч күчтөрдөгү, өсүү жана өнүгүү факторлорундагы, билим берүүдөгү, маданияттын деңгээлиндеги сапаттык жана структуралык оң өзгөрүүлөрдү болжолдойт, жана ал калктын жашоо сапаты, адам капиталы менен белгиленет[99]. Ошол эле учурда райондун айыл аймактарынын шарттары жана өнүгүү факторлору боюнча өтө дифференцияланганын түшүнүү керек. Демек, ар бир район айыл аймактары менен бирге өнүгүүгө жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жөндөмдүү өзүнүн өзгөчө механизмдери болушу керек. Эгерде райондук өнүгүүгө таасир этүүчү үч негизги факторду: рыноктук, атаандаштыкка жана өндүрүшкө карай турган болсок, анда дифференциация бул факторлорго таасир этүүнүн жана колдонуунун жолдорун дифференциялоону камтыйт.

Аймактарды өнүктүрүүнүн негизги максаты калктын жашоо сапатын жогорулатуу болгондуктан, адам капиталын калыптандырууга жана өнүктүрүүгө басым жасоо керек[99], анын алкагында зарыл натыйжаларды алуу

үчүн саналып өткөн факторлорду колдонуу мүмкүнчүлүгү көрсөтүлөт. Мамлекет инфраструктураны өнүктүрүү, ыңгайлуу шарттарды түзүү, өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды жана стимулдарды түзө алат, бирок тилекке каршы бардык эле программалар райондун социалдык абалын жакшырткан жок. 1991-2010-жылдар аралыгында райондо маданият бөлүмүнүн негизги максаты–мамлекеттик саясатты маданият, маалымат, спорт, туризм, жаштар саясаты, этностор аралык мамилелер багытын жер–жерлерде ишке ашыруу, ошондой эле элдерди искусствого, дүйнөлүк жана ата– мекендик маданиятка тартуу менен бирге, маданиятты өнүктүрүүгө социалдык–экономикалык укуктук шарт түзүү болуп саналат атап айтсак:

– райондук маданият чөйрөдо маданият процесстерин сактоо, көбөйтүү, өнүктүрүү, ошондой эле жаңы ыкмадагы ишмердүүлүктөрдү колдоо;

– ар түрдүү эс алуу чөйрөнүн өнүгүүсүнө көмөк көргөзүү жана калктын ар кандай катмарынын арасында маданий эс алуу ишмердүүлүктү камсыздоо;

– район, шаар маданият мекемелерин квалификациялуу кадрлар менен камсыздоо, алардын билимин жана тажрыйбасын калкты руханий жактан тарбиялоо максатында ишке ашышына шарт түзүү;

– райондо, шаарларда элдик көркөм чыгармачылыкты сактоо жана өнүктүрүү, ошондой эле ички туризмди уюштуруу;

– профессионалдык көркөм искусствого ар тараптуу колдоо көргөзүүнү камсыздоо жана сактоого, өнүгүүсүнө, жетилтүүсүно шарттарды түзүү;

-аймактык бөлүмдүн карамагындагы маданият жана исскуство мекемелери талап кылынган эрежелерди, нормативдерди жана стандарттарды сактоосун көзөмөлдөө;

– тарыхый-маданият мурастарды тактоо, изилдөө, эсепке алуу, сактоо боюнча чечим кабыл алуу;

– тарыхый-маданий мурастарын кайтаруу, изилдөө, сактоо, пайдалануу жана жайылтуу боюнча мамлекеттик программаларды ишке ашыруу;

– маданият жана искусство мекемелеринин өнүгүүсүнө көмөк көргөзүү, калктын  ар кандай катмарынын маданий эс алуусун камсыздоо.

Райондордун келечегин аныктоо объективдүү статистикалык көрсөткүчтөрдүн негизинде жүргүзүлөт. Мисалы, сунушталган эмгек акынын деңгээли жана анын жашоо минимумуна кандай тиешеси бар экендиги, жумушка орношуу үчүн талапкерлердин ортосундагы атаандаштыктын деңгээли, жумушсуздуктун деңгээли, ошондой эле аймактын жашоочуларынын бир жакка көчүп кетүү каалоосу, иш менен камсыз кылуу эске алынат. Бул бизге субъективдүү жана стереотиптик баа берүүдөн баш тартууга жана бүгүнкү күндө борбордо гана эмес, татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кыла турган жакшы жумуш табууга мүмкүн экенин көрсөтүүгө түрткү берди. Бул аймактык өнүгүүнүн дифференциациясын кыскартууга олуттуу таасирин тийгизет. Мүмкүн болгон чечимдерди бир нече багытта кароо керек:

**Биринчиден**, бул маселеге байланыштуу улуттук долбоорлорду жана мамлекеттик программаларды натыйжалуу ишке ашыруу. Алгач, бул адам капиталын өнүктүрүүгө багытталган  улуттук долбоор, анын алкагында кампустарды түзүү жана өнүктүрүү пландалып жаткан бул долбоор калктын, биринчи кезекте жаштардын чоң шаарларга, атап айтканда Бишкек менен Ошктон кайтып келүүнү каалабай, көчүп кетүү маселесин чече алат.

**Экинчиден,** бул райондун инфраструктурасына аймактык долбоорлордун жана программалардын алкагында гана эмес, ошондой эле аймактык деңгээлде инвестициялоого муктаж. Ыңгайлуу шарттарды түзүү адамдык капиталды өнүктүрүүнүн шарттарынын бири болуп саналат.

**Үчүнчүдөн,** бизнестин ролу чоң, ал бир жагынан жумуш орундарын камсыздаса, экинчи жагынан билим берүү иш–чараларына катыша алат, анын сапатын жогорулатат, аймактын жагымдуулугун арттырат. Мындан тышкары, жеке демилгелерди да белгилей кетүү керек. Мисалы,  чоң шаарлар айыл жерлеринен айрымаланып көп тилдүү мектептери, уникалдуу эксперттик дисциплиналар аралык компетенцияларга ээ болуп, глобалдык чакырыктарды

жана улуттук өнүгүү максаттарын талдоонун жыйынтыгы боюнча райондордон алдыда. Чоң шаарлар өнүгүү боюнча комплекстүү долбоордук чечимдерди иштеп чыгуучу катары иш алып барат.

1999-жылдан 2009-жылга чейинки аралыктагы жалпы райондун, шаарлардын (пгт) калынын санын өсүшү төмөнкүдөй болгон (киши) [183]:

**таблица 7**

| | **1999** | | | **2009** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Жалпы** | **эркек** | **аял** | **жалпы** | **эркек** | **аял** |
| Кадамжай р. | 140 487 | 70 691 | 69 796 | 157 597 | 80 482 | 77 115 |
| Айдаркен штк (пгт) | 9 148 | 4 561 | 4 587 | 10 331 | 5 348 | 4 983 |
| Кадамжай штк. | 8 890 | 4 321 | 4 569 | 6 732 | 3 491 | 3 241 |
| Советский штк. | 1 331 | 685 | 646 | 1 280 | 639 | 641 |
| Чаувай штк. | 1 634 | 821 | 813 | 2 051 | 1 112 | 939 |
| Пульгон а. (РБ) | 1 625 | 785 | 840 | 2 466 | 1 230 | 1236 |
| Жаңы-Жер а. | 2 341 | 1 208 | 1 133 | 3 028 | 1 575 | 1 453 |
| Кыргыз-Кыштак а. | 3 112 | 1 582 | 1 530 | 3 724 | 1 926 | 1 798 |
| Марказ а. | 4 975 | 2 528 | 2 447 | 5 310 | 2 700 | 2 610 |
| Орозбеков а. | 7 485 | 3 761 | 3 724 | 5 356 | 2 718 | 2 638 |
| Үч-Коргон а. | 12 874 | 6 455 | 6 419 | 11 820 | 5 947 | 5 873 |
| Халмион а. | 4 259 | 2 137 | 2 122 | 4 602 | 2 325 | 2 277 |
| Калган калктуу а. | 82 813 | 41 847 | 40 966 | 100 897 | 51 471 | 49 426 |

Статистикалык маалымат боюнча райондо калктын санынын өсүүсү көрүнүп турат. Анын ичинен жаштык айырмачылыктары төмөндөгүдөй:

0-19 жашка чейинкилердин саны – 53 950

20-29 жаштагылардын саны – 31 775

30-59 жаштагылардын саны – 49 227

60-79 жаштагылар – 7 700

80-99 жаштагылар – 1 198

100 жаштан жогорулар – 16 киши[178.39] .

Райондун 15 жаштан өйдө калкын экономикалык иштин түрү боюнча иш менен камсыз болушунун 2009-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча көрсөткүчү төмөндөгүдөй: айыл чарбасы, аңчылык, токой чарбасында – 43 251 киши, анын ичинен 23 553ү эркек; балык өндүрүшүндө– 1 (эркек); тоо-кен өнөр жайында– 474, анын ичинен 410 эркек; кайра иштетүү өнөр жайында–1 333, анын 931 эркек; электр энергиясын, газды жана сууну бөлүштүрүү жана өндүрүүдө– 307, анын ичинен 266 эркек; курулушта – 656, анын ичинен 604 эркек; соода түйүндөрүндө, машина оңдоочу жайларда, турмуш-тиричилик жайларында–1002, анын ичинен 507 эркек; мейманканалар менен ресторандарда (тамак-аш)– 291, анын ичинен 89 эркек; транспорт жана байланышта– 500, анын ичинен 404 эркек; финансы ишмердигинде–130, анын 64 эркек; кардарларды кыймылсыз мүлк, аренда боюнча тейлөөдө – 226, анын 152си эркек; мамлекеттик башкаруу мекемелеринде – 964, анын 715 эркек; билим берүүдө– 3 463, анын 875и эркек; саламаттык сактоо жана социалдык кызматтарда– 1 768, анын 420 эркек; коммуналдык, социалдык жана жеке тейлөө кызматтарында – 314, анын 184 эркек; үй– чарбасын жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүү– 127, анын 98 эркек. Эмгекке жарамдуу калктын жумушсуздугунун көрсөткүчү 6,6 %ды түзгөн [183].

Баткен областына курамындагы 3 райодун ичинен Кадамжай районунун территориясы чоң, жалпы аянты 6 146 км2. Ошондой эле райондун так ортосунда Өзбек Республикасынын Фергана облусунун Фергана районуна караштуу Шахимардан айылдык кенеши (аянты140 га) жайгашкан. Чечилбеген чек ара маселеси. Бүгүнкү күндө райондун аймагын камтыган Фергана өрөөнүндө бир катар анклавдар бар. Өзбекстандын ичиндеги бир Кыргызстандын анклавы (Барак) жана Кыргызстандын ичинде өзбек анклавы Сох, Шахимардан Кадамжай районунун аймагында анклавдардын болушуна

1924-1927-жылдардагы Орто Азиянын аймактарын улуттук, экономикалык өзгөчөлүктөрү боюнча райондоштуруудагы улуттук–аймактык демаркациянын натыйжасы болуп саналат. Бул Кыргызстандын Өзбектан, Тажикстан менен чектеш башка аймактары менен бирге Кадамжай районундагы калктын, административдик аймактардын чарба жүргүзүүсүнө, ишмердүүлүгүнө, жашоо–шартына терс таасирлерин тийгизүүдө. Бүгүнкү күндө анклавга айланган жерлердеги жашоочулар жайыт, сугат системасы, транспорт каттамдары өнөкөткө айланган чек ара маселесинин чечилбеген чыр-чатактарынан аймактын калкынын жашоо–турмушуна оңтойсуздуктуу жаратуу менен бирге аймактагы адамдардын өмүрүнө дагы коопсуздукту туудурууда.

КР өкүмөтүнүн 2012-жылдын 17-сентябрындагы № 621 токтомунун негизинде жергиликтүү кеңештин кабыл алган чечимдерине ылайык республиканын аймагындагы 6 шаар тибиндеги кыштактарды шаар кылып түзүү каралган. Алардын ичине Айдаркен жана Кадамжай да кирген. Аталган токтомдун негизинде райондун борбору Фрунзе шаар тибиндеги кыштагына Орозбеков айыл аймагына караштуу Пүлгөн, Ташкыя, Чалташ айылдары менен Жийделик участогун кошуу менен, КР Президентинин буйругу менен Кадамжай шаары болуп түзүлгөн [2].

Шаардын калкынын саны 7564 (2012-ж.) Пүлгөн, Чалташ, Ташкыя айылдары менен чогуу эсептегенде. Шаарда 2182 короо жайы, 71 көп этаждуу үй катталган. Калкынын улуттук курамы боюнча 72% кыргыздар, 15% өзбектер, 11 % орустар, 2 % башка улуттун өкүлдөрү. Шаардын калкы негизинен соода–сатык менен кесиптенишет. Кадамжай сурма комбинаты, тигүү фабрикасы, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, медициналык-санитардык мекемелер, кафе–барлар, тамактануу жана соода жайлары иштейт.

Шаардын социалдык-экономикалык абалы туруктуу деп бааланат, анткени шаардын тургундары үчүн керектүү инфраструктуралык шарттар түзүлгөн. Шаар электрлештирилген, газдаштырылган, жолдор асфальтталып, таза суу менен камсыз кылынган. Шаарда орто мектеп жана балдардын

музыкалык мектеби, китепканалар, маданият үйү, бала бакчалар, райондук борбордук оорукана, дарыканалар жана башка социалдык-инфраструктуралык объекттер жайгашкан. Шаарда 360 орундуу «Металлург» маданий үйү, райондук китепкана, балдар китепканасы, «Жийделик» эс алуу борбору, «Физкультура» ден соолукту чыңдоочу борбор, «Металлург» борбордук стадиону, 300 киши машыкан спорттук зал, 80 орундук 2 мейманкана иштейт

Райондун курамына кирген Айдаркен шаары жергиликтүү автожолдун боюнда жайгашып, областын борборуна чейинки аралыгы 57 км болсо, Бишкекке чейинки аралыгы 683 км, эл аралык рынокко чыгуу алыстыгы боюнча райондо эң алыс аймактардын бири эсептелет. 2008-жылы Айдаркен кыштагынын башкаруусунда 1341 үй чарбасы катталып, калкынын саны 10938 киши болгон, анын 4950 эркек, 5988 аял. Электрэнергия менен 90 %, газ 20 %, көмүр 50, отун 80% үй камсыз кылынган. Бирлик айыл өкмөтүндө 2007-жылы 11 824 киши жашаган. Айдаркен кыштагына 2007-жылы 75киши жашаганы келсе, 200 киши кетишкен. Улуттук курамы боюнча шаардын тургундарынын 60% кыргыздар, 33 % тажиктер, 5 % орустар, 2 % башка улуттун өкүлдөрү түзөт. Айдаркенде 68 көп кабатуу, көп квартиралуу үй бар. «Айдаркан сымап комбинаты» ААК 800дөн ашык жумушчу, анын ичинен 70 инженер-техник иштеген [8].

Шаардын келечектеги экономикалык жактан өнүгүү багыты дагы комбинаттын ишинин өнүгүүсү менен байланышкан.

Калктын саламаттыгын тейлөөчү 137 орундуу оорукана бар. Имараты 1990-жылы курулган, жалпы аянты 3558,4 м2, бардык керектүү медициналык буюмдар жана жабдуулар менен толук жабдылган перинаталдык борбор иштейт. 2008-жылы жалпы медициналык профилактика борбору уюштурулуп, 3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт. Мындан сырткары айылдын калкын гана эмес, жакынкы Алга, Бирлик айыл аймактарынын айылдарын да тейлеген терапиялык, хирургиялык, гинекологиялык, стоматологиялык бөлүмдөр бар .

Мындан тышкары шаарда «Айдаркен» борбордук стадиону, 624 орундук маданий сарай бар. Шаар толугу менен газдаштырылган, электрлештирилген, таза суу менен камсыз кылынган, түнкүсүн жарыктандырылып, ички жолдоруна асфальт төшөлгөн. Шаардын орточо бюджеттик кирешеси 29,11 млн. сомду түзөт. Шаардын аймагында 100 аскер кызматын өтөгөн Айдаркен чек ара отряды жайгашкан.

Райондун аймагында 637 орундуу борбордук оорукана, 10 участкалык ооруканалар иштейт [8].

Кадамжай районундагы оорулулардын катталуусу (1990-1999-жж.) (таблица 4) :

**Таблица 9**

| Оорунун түрлөрү | 1990-ж. | 1996-ж. | 1997-ж. | 1998-ж. | 1999-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы оорулуулар | 1465,3 | 1984,5 | 1181,0 | 1247,9 | 1314,5 |
| Жугуштуу жана паразиттик оорулар | 106,9 | 85,1 | 105,8 | 112,8 | 108,9 |
| Эндоккринологиялык оорулардын башталышы | 8,4 | 6,8 | 7,3 | 7,4 | 9,5 |
| Иммунитет жана зат алмашуу | 22,5 | 25,2 | 30,7 | 40,4 | 58,0 |
| Кан пайда кылуучу оорулар | 26,9 | 47,7 | 49,2 | 62,8 | 58,0 |
| Нерв системалары | 112,6 | 57,6 | 39,5 | 44,9 | 45,5 |
| Көз оорулары | | 28,7 | 38,2 | 40,6 | 48,6 |
| Дем алуу органдарынын | 619,7 | 338,1 | 348,8 | 375,4 | 369,9 |
| Тамак-аш сиңирүү | 109,3 | 95,8 | 95,4 | 132,4 | 137,1 |
| Генитурарлык оорулар | 52,8 | 75,7 | 79,1 | 82,3 | 90,3 |
| Кош бойлуулуктун кыйынчылыктар, төрөт жана төрөттөн кийинки мезгил | | 26,3 | 27,2 | 28,8 | 35,6 |
| Тери оорулары | 101,7 | 102,1 | 115,2 | 123,9 | 108,6 |
| Жараат алуу жана ууланууу | 155,6 | 123,9 | 130,6 | 120,0 | 116,5 |

Кадамжай шаарында санитардык-эпидемологиялык станция, профилакторий, үй–бүлөлүк врачтардын 3 тобу бар. Шаар калкынын саламаттыгын сактоодо 179 орундуу аймактык оорукана бар. 475 медициналык кызматкер шаардын саламаттыгын сактоодо кызмат кылышат .

Айдаркен ооруканасынын 2007-жылдагы маалыматы боюнча жүрөк-кан тамыр оорулары– 9,9% (271 катталган); дем алуу оорулары– 9% (248 катталган); аш казан–ичеги оорулары 7,8% (216 катталган). Өлүмдүн себептеринин арасында жүрөк-кан тамыр системасынын жана дем алуу органдарынын оорулары башкы ролду ойнойт (тиешелүүлүгүнө жараша 49,5% жана 22,6%). Акыркы беш жыл ичинде (2004-2009-жж.) комбинаттын жумушчулары же жергиликтүү калктын ичинен сымаптан ууланууну каттуу же өнөкөт учурлары катталган эмес. КР Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн медициналык проблемалар институту айлана чөйрөнүн райондун тургундарынын саламаттыгына тийгизген тескери таасирлерин изилдеп келишет. Аймакты илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттарынын бири бул райондун аймактарынын радиоактивдүүлүгү менен сурма, оор металлдардын туздарына уулануу жана интоксикация абалы, аба-ырайынын сымаптан булгануусунун абалы. Аймактын радиациялык мониторингин Оштогу санитардык-эпидемиологиялык текшерүү борборунун радиология бөлүмү жүргүзөт. Аталган бөлүмдүн Айдаркен комбинатындагы, Кадамжай районундагы шахталар менен сактоочу жайлардагы радиациянын көрсөткүчү 13-15 мкр/ч. Бул көрсөткүч радиациянын белгиленген нормадан ашпагандыгын билдирет.

Ал эми сымап концентратынын жумушчу зонадагы, абалын мониторингин Кадамжай санитардык–эпидемиологиялык станциясы жүргүзөт. Станция Баткен областтык айлана–чөйрөнү коргоо башкармалыгы менен бирдикте Айдаркен сымап комбинаты боюнча да экологиялык текшерүүлөрдү жүргүзөт [130].

Райондо 82 жалпы билим берүүчү мектеп бар, анын 71и орто, 6 сы толук эмес, 3өө башталгыч жана балдардын жатак мектептери, 2 гимназия, 2 лицей. Мындан тышкары 2 кесиптик–техникалык окуу жайында жалпы билим берүү менен бирге кийим тигүүчү, айылдык курулуш уста адистиктерине даярдашат. Ошондой эле маданият үйлөрү, балдардын музыкалык жана спорттук мектептери, 51 китепканалар (көбү маданият үйлөрүнүн ичинде) иштейт. Каждамжай шаарында балдар бакчасы иштейт, анда 700дөн ашык бала тарбияланууда, 2 жалпы орто билим берүүчү мектепте 107 мугалим 1850дөн ашык окуучуга билим берет. «Семетей» кыргыз–түрк лицейинде 350 окуучу окуп, 65 мугалим иштейт. Шаарда № 72 техникалык лицей, 240 орундуу № 5 орто мектеп бар, бирок мектепте 164 окуучу окуп, 16 мугалим сабак берет [82].

**Кадамжай районунда социалдык объекттердин курулуп ишке берилиши.**

Кадамжай районунда 2023-жылы республикалык бюджеттин эсебинен 4 мектеп куруу иштери пландаштырылып, Ак–Турпак, Молдо Нияз, Исхак–Полотхан, А. Масалиев айыл аймактарындагы мектептердин проектилери түзүлөт. Андан тышкары  Ак–Турпак айыл аймагындагы 240 орундуу Жаш-Тилек 2 орто мектеби «Ассалам» кайрымдуулук фонду тарабынан курулуп колдонууга берилди [177]. Ал эми республикалык бюджет эсебинен Үч–Коргон ооруканасында балдардын реанимация жана медициналык консультация бөлүмдөрүнүн эки кабаттуу имараты бүтүп колдонууга берилди.

**2023-жылга жана 2024-жыл башын карата ишке ашырылган инфраструктуралык долбоорлор**

| | **Долбоордун жалпы суммасы** | **Каржылоо булактары** | **Объекттин жайгашкан жери** | **Жолдордун, каналдардын узундугу/канча тургун ичүүчү таза суу менен камсыз болгон** |
|---|---|---|---|---|
| Жолдор жана көпүрөлөр | 272,0 млн | Рес.бюд.-179,45 млн<br>Жерг.бюд.-100,6 млн | Айдаркен, Кадамжай ш.Уч—Коргон, Майдан, А.Масалиев, Ак—Турпак, Орозбеков, Бирлик,Молдо Нияз, | 46,4 км асфальтталган |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Исхак–Полотхан | |
| Суу менен камсыздоо объектилери (ичүүчү суу) | 12128,0 | Донорлор- 7078,0. жергиликтүү бюджет- 1100,0 млн сом, эл- 3950,0 млн сом. | Бирлик, Ак-Турпак, Кыргыз-Кыштак, Орозбеков а.а. | 1466 кожолук, Райондун 38% таза суу менен камсыз болгон |
| Ирригациялык курулуштар | 157859,9 | Республикалык бюджет- 56359,9.<br><br>Азиялык Өнүктүрүү Банкы- 101500,0. | Майдан, Молдо Нияз, Исхак-Полотхан, Бирлик, А.Масалиев, Орозбеков а.а. Уч-Коргон Кадамжай ш. Айдаркен ш. | 9,75 км. канал курулган. 2500 га жерди сугат суу менен камсыз кылуу жакшырды |

2024-жыл башында республикалык бюджет эсебинен Орозбеков айыл аймагынын Чандеки айылындагы 150 орундуу орто мектеби 1-сентябрь билим күнүнө ачылып, пайдаланууга берилди.

**Социалдык объекттери боюнча маалымат**

**Таблица**

| | Саны | Долбоордун жалпы суммасы | Каржылоо булактары | Объекттин жайгашкан жери | Орундардын саны, керебеттер, жолдордун узундугу |
|---|---|---|---|---|---|
| Мектептер | 6 | 1) 57,2 млн сом;<br>2) 77,4 млн сом;<br>3) 50,6 млн сом;<br>4) 73,8 млн сом;<br>5) 74,0 млн сом. | Республикалык бюджет | Ак–Турпак–2,<br>Молдо Нияз 1,<br>Исхак–Полотхан– 1,<br>А.Масалиев– 1,<br>Орозбеков –1. | Ак–Турпак–515,<br>Молдо Нияз–275,<br>Исхак–Полотхан–275,<br>А.Масалиев –275,<br>Орозбеков– 150. |
| Бала бакчалар | 4 | 1)3,5 млн сом;<br>2)3,4 млн сом;<br>3)3,5 млн сом;<br>4)3,4 млн сом. | Донорлор, Жергиликтүү бюджет | Майдан 1,<br>А.Масалиев 1,<br>Исхак-Полотхан 1.<br>Кадамжай 1. | 25 орундуу;<br>60 орундуу;<br>60 орундуу;<br>120 орундуу;<br>Жалпы: 265. |
| ФАПтар | 4 | 1) 5,5 млн сом;<br>2) 5,5 млн сом;<br>3) 3,0 млн сом;<br>4) 3,5 млн сом. | Донорлор | Орозбеков 1,<br>Бирлик 1,<br>Уч–Коргон 2. | Орозбеков 3,<br>Бирлик 3,<br>Уч–Коргон 8. |
| Ооруканалар | 1 | 56,9 млн сом | Республикалык бюджет | Уч–Коргон ЖДПБ | 20 керебет |
| ҮДТ | 1 | 5,0 млн сом | Ассанабил кайрымдуулук фонду | Уч–Коргон ЖДПБ | 6 орундуу |
| Маданий объектилер | 1 | 7,5 млн сом | Жергиликтүү бюджет | Орозбеков а.а. | 120 орундуу |
| Жалпы: | 17 | 433,7 млн сом | | | |

Жогорудагы таблицадан сырткары Баткен облусунун Кадамжай районундагы Орозбеков айыл аймагынын Чандеки айылында жайгашкан “Жаныбеков” атындагы орто мектебинин жаңы имаратынын 150 орундуу курулуш иштери 2024-жылы бүткөн, ага республикалык бюджеттен 73,0 млн сом каралган. Баткен облусунун Кадамжай районундагы Ак–Турпак айыл аймагында жайгашкан “Жаш–Тилек” орто мектебинин жаңы имаратынын курулуш иштери 2023-жылы бүткөн, 275 орундуу, республикалык бюджеттен 57 млн сом бөлүнгөн. Баткен облусунун Кадамжай районундагы Молдо Нияз айыл аймагында жайгашкан “Ж. Бөкөнбаев” атындагы орто мектебинин жаңы имаратынын курулуш иштерида республикалык бюджеттен 77,0 млн сом. 2023-жылы бүткөн, 275 орундуу Кадамжай районундагы А. Масалиев айыл аймагында жайгашкан “Т. Мадарипов” атындагы орто мектебинин жаңы имаратынын курулуш иштери 2023-жылы бүткөн. 275 орундуу, республикалык бюджеттен 73,0 млн. сом; Исхак–Полотхан айыл аймагында жайгашкан “Жеңиш” орто мектебинин жаңы имаратынын курулуш иштери 275 орундуу, республикалык бюджеттен 51,0 млн сомго; бааланып Үч–Коргон оорууканасынын балдардын реанимация жана медициналык консультация бөлүмдөрүнүн эки кабаттуу имараты республикалык бюджет эсебинен 2023-жылы курулуп колдонууга берилди. Долбоордун сметалык баасы 57 млн сом, 20 керебетке ылайыкташтырылган.

**Жыйнынтыктап айтканда** район, территориялык, социалдык-маданий, экономикалык формацияны чечет, эбегейсиз көп түрдүү чарбалык субъекттерди бир бүтүнгө бириктирүү жана аны сактап калуу милдетин аткарат. Бул конкреттүү турмуштук кырдаалдар менен аныкталган жана негизинен социалдык абал аркылуу ишке ашкан табигый байланыш элементтеринин негизинде кароого болот. Мында райондогу “маданият” аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн аныктоочу негизги жөнгө салуучу багыттардын бири катары түшүнүлөт. Негиз катары адам капиталы, маданият адамдардын өндүрүштүк ишмердигинде пайдаланган жана ишке

ашырган жөндөмдүүлүктөрүн камтыйт жана өндүрүштүн чейрөсүнөн тышкары болот.

Маданиятты өнүктүрүүдөгү сапатты жаратууда өзүнүн түзүлүшүн табат, жаңы материалдык жана руханий баалуулуктар өндүрүштүн гана продуктусу эмес, баарыдан мурда, конкреттүү, кээде адамдардын чыгармачылык активдуулугунун натыйжасы, кайталангыс жөндөмдөрдү да атоого болот. Бул жагынан алганда маданиятты эске алуу керек, адамдардын иш-аракетинин сферасы катары—районду н социалдык кызматкерлери түздөн-түз тартылган аймактар, коомдук продукцияны жана улуттук кирешени өндүрүүдө. Бул экономикалык өнүгүү өбөлгөлөрдү жана шарттарды гана түзбөйт дегенди билдирет, социалдык мекемеледин өнүгүшү үчүн ошондой эле өнүгүүнүн өзү экономикага белгилүү бир деңгээлде социалдык-маданий абал көз каранды. Мындан келип чыккан жыйынтык катары анын социалдык кызматкерлердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө, аткаруучулардын эмгегине, маданият мекемелеринде болгон материалдык жана финансылык ресурстарга негизделген социалдык деңгээли өндүрүштүн кыйыр фактору болуп саналат. Ушундан улам, райондун экономикасында билим берүү, саламаттыкты сактоо негизги ролду ойнойт.

Райондогу маданияттын ролун аныктоонун эң маанилүү принциби – маданияттын эки тараптуулугун, анын көп маанилүүлүгүн жана анын маанилеринин жана мазмунунун көп баскычтуулугун түшүнүү. Маданият феномени бир функционалдуу эмес, өзүнүн ичинде ар кандай социалдык функциялардын бүтүндөй комплексин алып жүрөт; бир дагы маданий эмес кубулуш бир эле мааниге жана дароо мазмунга ээ эмес, актуалдуу жана мемориалдык мүнөздөгү ар кандай маанилердин жана мазмундардын жыйындысы. Ушуга байланыштуу аймактагы социалдык-маданий процесстерди жөнгө салууга көп деңгээлдүү мамиле жасоонун өзгөчө зарылдыгы келип чыгат.

Район бул бирдиктүү структурага ээ болгон интегралдык социалдык-экономикалык система, анын ичинде физикалык-географиялык, экономикалык, саясий-административдик, этникалык, социалдык-маданий, укуктук жана саясий компоненттер, тиешелүү социалдык институттардын аныктоочу ролу менен аймактын турмушун уюштуруу менен башкаруу. Ушул аймак татаал жана оор көрүнүш, жашоо ишмердүүлүгүнүн бирдиктүү, мейкиндикте уюштурулган формасын билдирет, салыштырмалуу мүнөздүү система катары обочолонуу, бүтүндүк, татаалдык, түзүлүш, бир максатка баш ийүү, тышкы чөйрө менен байланыш [99]. Райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсү– мамлекеттик жөнгө салууга багытталган мамлекеттик саясаттын өзгөчө түрү. Айыл аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн башкаруунун максаты–бардык аймактарды натыйжалуу жана бирдей бөлүштүрүүгө жетишүү. Ага жетишүүгө болот, башкаруу механизмин калыптандырууга негизделген райондо болуп жаткан бардык экономикалык жана социалдык-маданий процесстер. Жаңы социалдык-экономикалык реалдуулуктар, диверсификация маданий турмуш деген түшүнүктү алып келди, турмуш экономикалык өнүгүүнүн сапаттык фактору болуп саналат. Өзгөчө мааниге ээ аймактарда жетишкендиктерди түшүнүү жогорку потенциалдуу маданий жана табигый мурас, анткени базар экономикасында муну ишке ашыруу коркунучу бар. Мындай аймактарды узак мөөнөттүү туруктуу өнүктүрүүнүн пландары аймактын экономикалык потенциалынын өсүшүн жана маданий жана жаратылыш мурастарын кылдаттык менен пайдаланууну камсыз кылган бизнес моделине негизделиши керек. Жогорудагы процессти жөнгө салуу, албетте, социалдык жана маданий саясатына, туруктуу өнүгүүнүн куралы катары караса болот.

Аймактын туруктуу өнүгүүсү туруктуулукту шарттайт анын табигый негизин бузбаган жана коомдун экономикалык, социалдык жана экологиялык чөйрөдө үзгүлтүксүз прогрессин камсыз кылган социалдык-экономикалык өнүгүү эсептелет[89]. Белгилүү бир аймактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн

жогорулатуу маанилүү факторлордун бири болуп саналат анын маданий мурасы, маданий чөйрөсү, маданий атмосферасы. Район азыр сунуш кыла турган маданий артыкчылыктардын жыйындысы, же келечекте ошол эле учурда жер-жерлерде тарыхый-маданий мурастар менен заманбап маданияттын ортосундагы улантууну камсыз кылат. Калктын интеллектуалдык, турмуш-тиричилик ишмердүүлүгү, бул эң маанилуу милдет, маданий саясат, аны ишке ашыруу бул контекстте абдан актуалдуу көрүнөт. Калкты, анын түрдүү катмарларын жана топторун бириктирүүгө жөндөмдүү социалдык чөйрөсүнүн функциялары жалпы баалуулуктарды, максаттарды негиздейт. Экономикалык таламдар, тарыхый биримдик тагдырын, маданий-тарыхый тамырын, маданий мурастын бузулуу жана жок болуу коркунучун минималдаштыруу, калктын турмушун жакшыртуу  маданий потенциалын көтөрөт. Райондун аймагында курулуп пайдаланууга берилген маданий объектилер  максаттарга жетишүүгө көмөктөшүүчү маанилүү факторлорду түзүү болуп саналат[101].

Мамлекеттик жеке өнөктөштүк, бул аймактын маданий жана тарыхый потенциалын сактоого жана жогорулатууга жардам берет жана ошону менен бирге социалдык чөйрөсүн рыноктун катаал шартынан коргоо таасир тийгизет. Заманбап экономикалык шарттарда процесстердин жалпы өсүшү менен мүнөздөлөт, ааламдашуу, район калктын аймактык жана социалдык мобилдүүлүгүнүн өсүшү, дал ошол региондор эң динамикалуу өнүгүп жаткан жагымдуу инвестициялык климатты түзүүгө жөндөмдүү. Бул жагынан алганда социалдык мекемелерди куруу идеясы акырындык менен экономикалык мааниге ээ, тактап айтканда аймактын ресурсу.

Райондун социалдык-маданий өнүгүүсүнүн баалуу фактору болуп, маданиятты уюштурууда маанилүү роль ойногон анын тарыхый-маданий ресурстарына калктын турмушун, анын маданий керектөөлөрүн канааттандыруу эсептелет.  Райондо  саламаттыкты сактоо жана социалдык-маданий тармактарынын иши бүгүнкү күндө ыраатуу иш жүрүүдө. Бул болсо Кадамжай районунда  социалдык  туруктуулуктун бар экендигинен кабар берет.

# КОРУТУНДУ

Кадамжай району 1938-жылы өлкөнүн административди–ктерриториялык түзүлүшүн оптималдаштыруу, социалисттик чарбаны башкарууну жакшыртуу максатында Молотов районунан бөлүнүп чыккан. Райондун территориясы 1959-жыл Үч–Коргон району жоюлуп кеткенден кийин кеңейип бүгүнкү чек ара аймагында турат. Кадамжайдын сурмасы XX. к 30-жж. баштап СССРдин бул металлга болгон муктаждыгын камсыз кылып, Советтер Союзу металлды импортогон өлкөдөн, аны экспорттогон өлкөгө айланды Кадамжайдын металлургдары сурма өндүрүүнүн жаңы технологиясын ишке ашырып, сурманы дүйнөлүк эталонго айландырышкан. Убагында Кадамжайдын сурмасы дүйнөнүн 40тан ашык өлкөсүнө экспорттолуп, Советтер Союзуна олуттуу валюталык кирешелерди киргизип турган. Айдаркендин сымабынын запасы дүйнөлүк сымаптын 1/5 бөлүгүн түзүп, дүйнөдөгү эң чоң сымап кени болуп эсептелет. 1986-жылы комбинатта өндүрүштү башкаруу структурасы жакшырган. Бир катар цехтер, химлабораториялар, ошондой эле комбинатта кээ бир башкаруу бөлүмдөрү бириктирилип оптималдаштыруу процесси жүргөн. Оптималдаштыру процесси комбинаттын бюжетин 156 миң рублдан ашык экономдоого мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Комбинаттын сурма жана анын кошулмаларынын өндүрүү көлөмүн 2,2 эседен ашык көбөйтүүгө, сурма продукциясынын номенклатурасын кеңейтүүгө жана анын сапатын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берген. Өндүрүлгөн продукциянын мамлекеттик сапат белгиси, салыштырмалуу салмагы менен 1975-жылы бир пайыздан 1986-ж. 87% га өскөн. Илимий–техникалык жетишкендиктерди пайдалануу комбинаттын жамаатынын ишинин деңгээлин мүнөздөйт. Ишкананын тыгыз чыгармачыл байланышы (узы) 20дан ашуун өлкөнүн илимий изилдөө жана долбоорлоо–конструктордук уюмдар менен байланышта болгон. Кесиптик оорулардын келип чыгуу шарттарын изилдөө максатында жана алдын алуу чараларын иштеп чыгууда комбинат

медициналык профилиндеги Кыргыз ИИИнун онкология жана радиология, эпидемиология жана гигиена Андижан мединституту менен кызматташкан. «Средазнипроцветмет» институтунун окумуштуулары менен бирдикте жылына 2млн кВт саат электро энергия үнөмдөгөн жана капиталдык жоготууларсыз цехтин өндүрүштүк кубаттуулугун эки эсе ашык көбөйтүүсүн камсыз кылган, сурманын үч оксидин өндүрүүнүн жаңы конвертордук технологиясы иштелип чыккан жана колдонууга киргизилген. Жаңы гидрометалургия цехинде «средазинпродвет» окумуштууларынын катышуусу менен катоддук сурма боюнча өндүгрүштүк кубаттуулугун 20% га ашыгыраак көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берген жогорку жыштыктагы электролиздин технологиясы өздөштүрүлгөн. Комбинаттын ойлоп табуучулары жана рационализаторлору ар түрдүү машиналардын иштөөсүнүн жаңылоо жолдорун издешкен, жабдыктардын жаңы түрлөрүн өндүрүшкө киргизүүгө жетишишкен. Алардын изденүүсү чыгарылып жаткан продукцияны көбөйтүүгө гана эмес, ошондой эле анын сапатын жакшыртууга жетишишкен. Жыйынтыктап айтканда комбинат 1917-жылдан 1990-жж ичинде өндүрүштү жакшыртуу максатында 1866 дан ашык сунуш беришкен, ал өз кезегинде 3857,3 млн рублдик пайда алып келген.

Кеңеш доорундагы райондун калкынын экономикасынын өскөндүгү жана оптималдаштыруу максатында райондо бир нече колхоз, совхоздор, асыл тукум чарбасы, селхозхимия, курулуш башкармалыктары түзүлүп иштеп турган. Акыркы жылдарда райондо тоо–кен өндүрүшүнүн абалы чыңдалып, сымап, сурма өндүрүшүнө тартылган ички жана сырткы инвестициялардын негизинде кайрадан заво–дфабрикалар калыбына келе баштады. Бирок бул райондун турмушу кен байлыктардын эсебинен эмес, мөмө–жемиштерди өндүрүү менен өлкөнү, коңушу республикаларды камсыздап туруу аркылуу жакшырды. Анткени, түстүү металлдарды өндүрүү тармагында чечилбеген маселелер дагы деле арбын.

Кеңеш өкмөтүнүн бул кендин жана анын айланысын өнүктүрүү боюнча жасаган иштери убагында жакшы жыйынтыктарга алып келди. Алсак кеңеш

бийлиги орношу Кыргызстандагы Кадамжай сыяктуу кенге бай аймактарды агрардык жана мал–чарбасы менен алекетнеген калктын чарбалык нугун өндүрүштүк багытка буруп салды. Анткени бул аймактарда кеңеш бийлиги орногонго чейин калктын көпчүлүк бөлүгү жер иштетүү жана мал–чарбасы менен алектенишип жашоо өткөрүшкөн. Жалпылап айтканда кеңеш бийлиги тушунда Кадамжайда  сымап, сурма кенинин өздөштүрүлүшү бул аймакта жаңы шаарчалардындын негизделишине себеп болгон.

Райондун  жалпы көрүнүшү гана эмес анда жашаган жалпы тургундардын алардын ичинде шахтерлордун социалдык–экономикалык абалы жакшырган. Алар үчүн курулган турак жайлардын көлөмү жана шахтер үчүн түзүлгөн жумушчу шарттардын жакшыруусу өкмөттүн тоо–кен өндүрүшү тармагына жана анда эмгектенген жумушчуларга, алардын абалын өзгөртүүгө олуттуу маани берилгендиги жөнүндө кабар берет. Кеңеш өкмөтү жумушчулар сымап, сурма  кендеринин айланасында дөңсөлөрдүн боорлоруна курулган жер төлөөлөрүн, кенчилер үчүн курулган жапыз бойлуу казармалар кийинчерээк бийик көп кабаттуу ыңгайлуу шарттары бар үйлөрдү куруу менен өзгөрттү. Бул жумушчулардын абалынын өзгөрүүсүндөгү маанилүү жагадай.

Кеңеш өкмөтү кенчилер үчүн үйлөрдү гана эмес жалпы шаарчалардын социалдык мекемелердин санын көбөйтүп натыйжада, аймактагы алдыңкы районго айланган.   Мектеп, оорукана, эс–алуу парктары спортттук аянттар, стадион, мончо айтор шаар жашоочуларына талап болгон бүт имараттар курулган. Кадамжай, Айдаркен, Чаувай кен өндүрүшүндө жана шаардын социалдык–экономикалык өнүгүүсүндө орду жана салымы бар  айрым шахтер, интелегенция өкүлдөрүнүн жана кеңеш өкмөтүнүн партиялык кызматкерлер жана жалпы эле эмгектин алдыңкылары өсүп чыккан. Кадамжай районундагы 4 адамга мамлекеттик жогорку сыйлык ыйгарылган. Бул сыйлыкка көрсөтүлүүсүнүн негизи, өнөр-жай тармагындагы ийгиликтери менен Орозбай Маканов, Сайдилла Тешеев, Кретинин Иван, айыл чарбадагы ийгилиги үчүн

Миталипов Мейманга Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган.

Диссертациялык иштин жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй **тыянактарды** чыгарабыз:

1. Изилдөөнүн объектиси жана предметине ылайык, Кадамжай районун кеңеш жана эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий, социалдык–экономикалык тарыхын изилдөөдө кеңири пайдаланылган бир катар тарыхый булактык маалыматтар кыргыз тарыхнаамасында алгачкы жолу колдонулуп, илимий айлампага киргизилди

2. Райондун калыптанып, түзүлүү тарыхы Кеңеш мамлекетинин калыптануу этаптарында жүргүзүлгөн административдик–аймактык түзүлүштөр боюнча кабыл алынган чечимдерге ылайык жүргүзүлгөн. Чек ара маселесиндеги коопсуздук толугу менен чечилип, бирок анлавдардын болушу экономикалык коопсуздукту дагы маал–маалы менен жаратып жатканы анык экендигин карай алдык.

3. Аймактын Кеңеш доорундагы экономикасынын өнүгүүсүндөгү негизги багыттар айыл чарба, өнөр жай тармактары болгон. Кадамжай жана Айдаркен металлургиялык комбинаттары иштеген Кадамжай районунун коомдук–саясий турмушу өнөр жай тармагы менен тыгыз байланышкан.

4. Райондун социалдык–маданий инфраструктурасынын түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө райондун өнөр жай тармактарынын өнүгүшү ыңайлуу шарттарды түзгөндүгүн аныктадык.

5. Эгемендүүлүктүн баштапкы жылдарындагы экономикалык кризис, жумушсуздук жана миграция көйгөйлөрү район жетекчилигин ашыкча чыгымдарды кыскартуу, менчиктештирүү, инвестиция тартуу, чакан жана орто бизнести колдоо ж.б. аракеттерди жасоого түрткөн жана анын натыйжасында райондо экономикалык туруктуулукту орноткондугу көрсөтүлдү.

6. Райондун географиялык жактан ыңгайлуу аймакта жайланышы, эмгек жана экономикалык ресурстарынын жетиштүү болушу жана

кадамжайлыктардын айыл чарбасында маданий өсүмдүктөрдү өстүрүп, аны экспортоого мыкты шарт уюштурулгандыгы аныкталды.

7. Кадамжай району кеңеш доорунда өз алдынча район катары калыптанган мезгилден баштап аймактын маданий, социалдык инфраструктуралы калыптанып, өнүгө баштаган. Эгемендик мезгилиндин алгачкы жылдарындагы экономикалык кризистерден улам, айрым социалдык-маданий объектер бузулуп, кыйроого учураган. Баткен областына өзүнө статус берилгенден баштап райондун аймагындагы социалдык, маданий инфраструктураларды кайра калбына келтирүү иштери башталгандыгын белгилейбиз.

**Практикалык сунуштар:**

- аймактын тарыхы, өнүгүү абалы, райондун аймагынан чыккан белгилүү ишмерлердин (эмгек, маданий, мамлекеттик, саясий, партиялык) инсандардын ролу боюнча маалыматтарды камтыган документтер менен райондун музейин байытуу;
- Кадамжай районунун жетекчилиги, райондо өндүрүлгөн жашылча, мөмө–жемиштерди кеткен чыгымды актаган баадан жогору баага сатып өткөрүү үчүн Казакстан, Россия сыяктуу өлкөлөр менен келишим түзүүнү колго алуу;
- Азыркы мезгилдеги айыл чарбасын уюштуруудагы жаңы технология болуп жаткан тамчылатып сугарууну кеңири жайылтуу жана бул иш–чараны ишке ашыруу үчүн инвестиция тартуу. Ишкердикти өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, зарыл болгон жер участокторун убагында бөлүп берүү;
- Кайра иштетүүчү ишканаларды курууга инвестиция тартып, логистикалык борборлорду курууга колдоо көрсөтүү;

## Пайдаланылган тарыхый булактардын жана адабияттардын тизмеси

### I. Ченемдик укуктук документтер

1. 2006-2010 - жылдарга өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиясы [Электронный ресурс]: Кырг. Респ. Өкмөтүнүн токтому 2006-ж. 6-ноябры., № 760. – Режим доступа:http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/57923/10?cl=ky-kg – Загл. с экрана.

2. Баткен областынын статусу жөнүндө [Электронный ресурс]: Кырг. Респ. Мыйзамы. 2021-ж. 22-июлу 2021-ж. 10-сент., № 113. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112298/10?cl=ky-kg&mode=tekst.– Загл. с экрана.

